КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А.АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ
Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.23.20.611

Кол жазма укугунда

УДК:32+323.1+323.2

КАЛИЕВ АЗАМАТ САЙИТОВИЧ

# ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН РОЛУ (ЭТНОСАЯСИЙ АНАЛИЗ)

23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар
саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертация

Илимий жетекчи: саясий
илимдеринин доктору,
профессор Ж.Ж.Жоробеков

Бишкек – 2020

ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН РОЛУ
(ЭТНОСАЯСИЙ АНАЛИЗ)

23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар

## МАЗМУНУ:

**КИРИШҮҮ………………………………………………………….........................3**

**I ГЛАВА. ЭТНОСТОР ЖАНА УЛУТТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ………………………………..............................................10**

1.1 Этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепциялары ……………..……………………………...................................10

1.2 Этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн теориялык негиздери жана анын инструменттери …………………………..…………......23

1.3 Этностор аралык конфликтерди изилдөөдөгү негизги багыттар........….......36

**II ГЛАВА. ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТИН ОРДУ …………...……....51**

**2.**1 Кыргыз Республикасындагы этностор аралык мамилелердин өнүгүшүндөгү мамлекеттик саясаты ……………………….....................................................51

2.2 Этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү …...……………………………....74

2.3 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык мамилелеринин өнүгүшүндө Кыргызстандын түштүгүндөгү тажрыйбасы ...96

**III ГЛАВА. ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН ОРДУ …….........118**

3.1 Кыргызстандагы этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердиги, тажрыйбасы ………………………….....….118

3.2 Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы: багыттары жана келечеги…………………………………………………………………...134

**КОРУТУНДУ ……………………………………………………………149**

**СУНУШТАР ……………………………………………………..….......151**

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ: ……………….…..153**

**КЫСКАРТЫЛГАН СӨЗДӨРДҮН ЧЕЧИЛИШИ**:

АРИС – Агентство развития и инвестирования сообществ

АКШ  - Америка Кошмо Штаты

БУУ – Бириккен улуттар уюму

ГАМСУМО – Государственное агентство местного самоуправления и межэтнических отношений

ЖАК – Жогорку аттестациялык комиссия

ЖӨБО- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары

ЖӨБ – жергиликтүү өз алдынча башкаруу

ЕККУ – Европа коопсуздук жана кызматташтык кенеши

КР - КыргызРеспубликасы

КМШ - Көз карандысыз мамлекеттердин шериктешти

УМБ – Улуттук маданий борбору

ӨЭУ –Өкмөттүк эмес уюмдар

# КИРИШҮҮ

**Изилдөөгө алынган теманын актуалдуулугу**. Этностор аралык мамилелер ааламдашуу доорунда дүйнө өлкөлөрүндө, ошону менен катар Кыргызстанда социалдык-саясий өзгөрүүлөр менен коштолуп келгендиги баарыбызга маалым. Тактап айтканда, узак мезгилдер аралыгында союздук республика болуп келген бирдиктүү күч кулап, көз карандысыз мамлекеттердин эгемендикти алуусу менен чектелбестен, мурдатан билинбей келген этностор аралык чыр-чатактардын ачыкка чыгуусуна да түрткү болду.

Мезгилдин алдыга карай өсүүсү менен көп улуттуу этностун өкүлдөрү жашаган аймактарда тарыхый өнүгүүнүн негизги аспектилеринин бири болуп саналган этностор аралык мамилелер курчуп, пикир келишпестиктер менен чыр-чатактар кездешкен. Анткени, социалдык-саясаттын, коммуникациянын, калктын мобилдүүлүгүнүн, массалык-маалымат каражаттарынын жогорулап өсүүсү-калктын тынч жашоосун өзгөртүп, өз алдынча аракеттенүүгө алып келди, жана карама-каршы тенденцияны пайда кылгандыгы да кездешип жатат. Азыркы учурда дүйнө жүзүндө эки миңден ашык этностун түрү белгилүү, ал эми Кыргызстандын аймагында 100 дөн [48] ашык этностор жашаары белгилүү. Мына ушундай геосаясий мейкиндикте кыргыз коому коомдук-саясий багытын аныктоосу, улуттук-этникалык маселелерин позитивдүү чечүүсү, өнүгүүнүн перспективдүү моделин тандоосу зарыл болду. Такталган маалыматтар боюнча Кыргызстандын аймагында, өзгөчө Кыргызстанда түштүгүндө 1963, 1990, 2010-жылдары этностор аралык кагылышуу боюнча каргашалуу окуялар катталган. Мындай конфликтердин Кыргызстанда кайталанып жатканы да тарыхый реалдуу көрүнүш.

Ошондуктан, өлкөдөгү этностор аралык конфликтерди алдын алуу жана жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси.

**Диссертациянын темасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим министрлигинин илимий изилдөө иштеринин планына, ошондой эле Жусуп Баласагын атындагы улуттук университетинин Фундаменталдык илимдер институтунун “Азыркы Кыргызстандагы улуттар аралык карама-каршылыктарды чечүү жолдору” долбооруна киргизилген.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери**. Эгемендүү Кыргызстанды өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык конфликтүү кырдаалды жөнгө салуу ролу комплекстүү изилдөөнүн негизи. Жогоруда белгиленген максатка жетүү үчүн төмөндөгү милдеттер коюлган:

- этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепцияларды анализдөө;
- этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн көп түрдүү теориялык негиздерин иликтөө;
- этностор арлык конфликти изилдөөдөгү негизги багыттарын иликтөө;
- этностор аралык мамилелерди жакшыртууга багытталган Мамлекеттик мыйзамдарды, ченемдик укуктук актыларды анализдөө;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү ишмердигин жана мүмкүнчүлүктөрүн анализдөө;
- Кыргызстандын түштүгүндө жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык конфликтерди токтотууда жана конфликтен кийинки кырдаалды жөнгө салуудагы тажрыйбасын анализдөө;
- этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ролун анализдөө;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы ролун, кызматташтыгын, багыттарын жана келечегин анализдөө жана аныктоо.

**Илимий жаңылыгы**. Диссертациянын илимий жаңылыгы - ата мекендик саясий илиминде кыргыз тилиндеги алгачкы изилдөө, анда монографиялык деңгээлде төмөндөгүлөр аткарылган:

- биринчиден, этностор аралык мамилелердин концепциялары, теориялык моделдери  иликтенди.

- экинчиден, этностор жана улуттар аралык мамилелердин теориялык негиздери жана көп түрдүү багыттары иликтенген.

- үчүнчүдөн, изилдөөнүн парадигмалары, социологиялык усулдары, прагматикалык жана функционалдык багыттары иликтенди.

- төртүнчүдөн, кыргыз тилине берилген статус, мамлекеттеги демократиялык кыймылдардын таасирлери, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негиздери, өлкөдө жашаган башка этностор арасында нааразычылыктар Кыргызстан элинин Ассамблеясынын түзүлүшүнө, этностор аралык мамилелерге байланышкан президенттердин жарлыктарын, мыйзамдарды, этникалык өнүгүү концепцияларын  кабыл алынуусуна түрткү болгон.

- бешинчиден, этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары негизги күч. Анткени көйгөйлөр токтоосуз чечүүнү талап кылган жергиликтүү маселеден башталат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өзүнүн аймагындагы  жарандарын билишет, көйгөйлөрүн чечүүгө милдеттүү жана мүмкүнчүлүктөрү бар.

- алтынчыдан, Кыргызстандын түштүгүндөгү жергиликтүү жамааттын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этно конфликтерди токтотууда  жана чечүүдөгү  тажрыйбасы иликтенди.  Алардын  конфликти жөнгө салууда чоң мүмкүнчүлүгү бар экендиги аныкталды.

- жетинчиден, өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди  жөнгө салууда аткарган иштери оң таасирдүү болгону менен терс таасирдүү тажрыйбасы  да бар.

**Изилдөө ишинин теориялык жана практикалык мааниси**.

- этностор аралык мамилени саясий өңүттөн комплекстүү изилдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын конфликтини алдын алуудагы жана жөнгө салуудагы ролу менен аныкталат.

- автордун катышуусу менен коомдук фонд, уюмдар жүргүзгөн социологиялык сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй этностор аралык конфликтен сегиз жылдай мезгил өткөнүнө карабастан, этностордун бири-бирине болгон күмөндүү мамилеси байкалат.

- этностор аралык конфликтерди алдын алуу жана жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролун анализдөө саясий илимдин көз карашы менен изилдөөгө түрткү болду.

- илимий иштин жалпыланган концептуалдуу жоболору, биздин республикадагы кездешкен этноконфликтүү кырдаалдардын, конфликтүү көрүнүштөрдүн келип чыгуу себептерин, өзгөчөлүктөрүн, кесепеттерин терең изилдөө менен жалпыга жеткирүүгө негиз болот.

- Кыргызстандын социалдык - саясий турмушунун азыркы стабилдүүлүгүн жана ынтымагын чындоого улуттук кайра жаралуунун негизги тенденцияларын аныктоого өз салымын кошот.

- изилдөөнүн жыйынтыгы студенттер үчүн атайын курстарда, саясий илиминде, саясий теория жана саясий социология боюнча лекцияларды окууда, окуу куралдарын, окуу китептерин жазууда региондордогу этноконфликтүү кырдаалды изилдөөдө, көзөмөлдөөдө, этностор аралык конфликтердин алдын-алууда практикалык баалуу материал боло алат.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор**. 1963, 1990, 2010-жылдары болгон этностор аралык конфликтерди этно-саясий талдоодон жана конфликтерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын ролуна саясий анализден кийин төмөндөгү жоболор коргоого сунуш кылынат:

1. Этностор аралык мамилелердин примордиалисттик, конструктивисттик жана инструменталисттик концепциялары изилдөөнүн парадигмаларын түзгөн. Этностордун, улуттун (нациянын) түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат деп эсептешет.

2. Кыргыз Республикасындагы болуп жаткан демократиялык саясий процесстер: 2005, 2010-жылдардагы саясий төңкөрүштөр, 2010-ж. кыргыз-өзбек этностор аралык кагылышуусу, мамлекеттик башкаруу системасынын парламенттик-президенттик башкаруу системага өтүү жана көп партиялуу системанын республикадагы тажрыйбасы этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсүнө негиздүү болушу үчүн саясий партияларга этностук азчылыкка квоталар шайлоо кодексине киргизилген жана Кыргыз жаранынын калыптануу концепциясы кабыл алынган.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Эл аралык жана Кыргыз Республикасынын укуктук нормаларынын негизинде этностор аралык келишпестиктердин алдын алууга, мыйзам чегинде этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө түз жоопкерчиликтүү жана социалдык көйгөйлөрдү чечүүгө этникалык топтун өкүлдөрүн катыштыруу аркылуу этностор аралык конфликтерди жөнгө салып, мамилелерди өнүктүрүүгө багыт алуу мүмкүнчүлүгү бар. Мамлекеттик масштабда жаңы институттарды түзүүнүн кажети жок себеби жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамында жана түзүлгөн өз алдынча башкаруу органдарынын структурасы этностор аралык конфликтердин алдын алууга жеткиликтүү мүмкүнчүлүгү бар.

4. Жергиликтүү жамааттын, айыл аксакалдарынын кеңеши, диний уюмдардын өкүлдөрүнүн кызматташтыгы Ош, Жалал-Абад жана Өзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары конфликти токтотууда жана жөнгө салууда алгылыктуу тажрыйбага жетишкен. Убактылуу Өкмөттүн башкаруу учурунда (2010-ж, июнь.) аталган жамааттар өз тургундарын тынчтанууга, конфликти токтотууга жасаган аракеттери менен легитимдүүлүгүн далилдешкен.

5. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдар жана жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдардын Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык мамилелерди, кызматташууларды жөнгө салуудагы ролу орчундуу болгон. Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдардын этностук азчылыктын укугун коргоо багытында жалаң бир улуттуу (өзбек) калктан турган топтор арасында тренинг-семинарларды өтүүсү башка этносторго терс таасирин тийгизген.

6. Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда өз ара кызматташтыктарды өркүндөтүү үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдарынын этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуудагы Өзгөн шаарынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу тажрыйбасын колдонуу жана жайылтуу зарыл. Себеби, этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсү, мамлекеттин бүтүндүгү көп баскычтуу жана ар дайымкы кызматташуулардан көз каранды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Изилдөөнүн негизги жыйынтыктары менен тыянактарын изденүүчү жеке өзү иликтеген илимий изилдөө болуп саналат. Изилдөөнүн жаңылыгы менен тажрыйбалык маанилүүлүгү жана коргоого коюлган негизги жоболор автор тарабынан өз алдынча түзүлгөн.

**Изилдөө ишинин апробацияланышы**. Диссертациялык иш ЖАМУнун Ш.М.Ниязалиев атындагы "Философия жана гуманитардык илимдер" кафедрасынын отурумунда талкууланган. Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары Эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндама жасалган жана апробацияланган. Гумбольдт университетинин Борбордук Азия мамлекеттерин изилдөө институту тарабынан уюштурулган "Все ли это конфликт? В поисках подходящих слов" илимий-практикалык семинарында (Таджикистан 9-17 август, 2009-жыл), ЖАМУнун жарчысында (№1(30) 2015- жылы, Бишкек Гуманитардык Университетинин жарчысында №3-4 (33-34) 2015-жыл), Абай атындагы Казакстан улуттук университетинде Серия "Начальная школа и физическая культура" (№4 (47) 2015 жыл), Тарых жана Мурас түрмөгү, Куттуу билим жана мамлекет, Карахандар доорунун залкар ойчулу жана акыны Жусуп Баласагындын 1000 жылдыгына арналган IV Эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйынындагы баяндамалардын жыйнагы (Бишкек 18-19-сентябрь 2015-жыл), Кыргыз Агрардык Академиясынын жарчысында, II Эл аралык илимий-практикалык конференциясында «Традиционные знания в контексте глобализации» (№3 (35) 9-октябрь 2015- жыл), Мариополь техникалык

университетинде XII  Эл аралык илимий-практикалык конференциясындагы «Университетская наука - 2016» (№3 2015-жыл),  “Днепропетровская медицинская академия” илимий эмгектер жыйнагында  (18-22 май 2016-жыл), Жусуп Мамай жана кыргыз элинин манасчылык салты, манасчы Жусуп Мамайга (1918-2014-жж.)  арналган III Эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйынында  ЖАМУ. (22-24 май, 2016-жылы), Сборник научных трудов 2016 год, “Наука и новые технологии и инновации Кыргызстана” (№11-санында, 2016-жылы) журналында,  “Известия Вузов Кыргызстана” журналында (№12-саны 2015-жылы, № 12-саны 2016-жыл, №11- саны, 2017-жылы), “Право и политика” журналында (№4-саны 2017-жыл), Байкал мамлекеттик университетинин (Т.23. №11-12-сандарында, 2017-ж.) Эл аралык деңгээлдеги илимий конференцияларында баяндама жасалган жана  жарыкка чыгарылган.

**Диссертациянын натыйжаларын жарыялоодо чагылдыруунун толуктугу.** Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары темага толугу менен шайкеш келет жана рецензияланган илимий басылмаларда 22 макалада чагылдырылган **(**анын ичинде үч макала Кыргыз Республикасынын ЖАК бекиткен рецензиялануучу илимий басылмалардын тизмесине кирген чет элдик илимий басылмаларга жарыяланган).

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иштин түзүмү изилдөөнүн негизги милдетине ылайык коюлган маселелерди логикалык ырааттуу чечүү менен аныкталат. Диссертация кириш сөздөн, сегиз бөлүктү камтыган үч главадан, корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

# I ГЛАВА. ЭТНОСТОР ЖАНА УЛУТТАР АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИ ИЗИЛДӨӨНҮН ТЕОРИЯЛЫК ЖАНА МЕТОДОЛОГИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## 1.1. Этностор аралык мамилелерди изилдөөдөгү заманбап концепциялары

Этностор аралык мамилелер түшүнүгүн окумуштуулар эки багытта карашат. Этностор аралык мамилелерге чет өлкөлөрдө байыртадан эле өзгөчө көңүл бурулуп, Германия, Франция, Орусияда этносторду изилдөө багыты “этнология” (грек тилинен - “этнос” (эл) жана “логос”- (илим) ) деген аталыш менен белгилүү болуп улут терминине синоним катары колдонулган. Бул түшүнүктүн маани-маңызына көңүл бурган окумуштуулардын бири немец социологу Макс Вебер.

“Этнос” же этностук жалпылык түшүнүгү кандайдыр бир аймакта жашаган адамдардын тарыхый калыптанган туруктуу тобу-уруу, калк катары караса болот. Этностун пайда болушуна аймактык жана тилдик жалпылык негизги шарт түзүп, кийин анын башкы белгилери катары эсептелген. Этностун калыптанышында диний ишенимдери жана расалык жалпылыктар да көмөкчү шарт боло алат.

Негизи этностор бири-бири менен тилдик, диндик, маданий, каада-салттык, менталитеттик гана айырмачылыгы болбосо, кылымдар бою канаатташ жашап, бирдей жашоо кечирип, бирдей укук жана милдеттерге ээ. Ошого карабастан кызыкчылыктары, керектөөлөрү дал келбей массалык баш аламандыкка, этностук жиктешүүгө, кандуу кагылышка жол берилип келет. Башка өлкөлөрдө кездешкен мындай көйгөйлөрдөн Югославиядагы, Чехословакиядагы, Косоводогу Албания автономиясынын пайда болуусу, Армениядагы, Тажикстандагы, Молдовадагы, Азиядагы, Грузиядагы, Өзбекстандагы, Казакстандагы, Орусиядагы, Сибирдеги, Украинадагы, Ош окуяларындагы конфликтүү көрүнүштөр кирет. Мындай саясий окуялардан

сабак алыштын ордуна өз башыбыздан кечирип, мамлекеттик саясий мамилени жайгара албай жаткандыгыбыз кечирилгис катачылык. Андыктан, мындай көрүнүштү илимий чөйрөдө анализдеп, этностор аралык мамилелер менен байланыштарга жооптуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердүүлүгүнө мезгилдин таасын анализин берүү зарыл.

Этностук көйгөйлөр көптөгөн окумуштуулардын изилдөө объектине айланып, ар түрдүү теориялык моделдер сунушталган. Тактап айтсак, философиялык, тарыхый, социологиялык, конфликтологиялык, саясий, психологиялык жана башка багыттар бар. Аталган көйгөй боюнча Р.Г.Абдулатипов [1], Р.Б.Абсаттаров [3,4], Ж.М.Абдилдин [2], С.М. Абрамзон [5], В.С.Агеев [7], Ю.В.Бромлей [29,30,31], Л.Н.Гумилев [37], Н.Д.Джандильдин [42], М.С.Джунусов [43], Н.Косолапов [76], С.В.Чешко [124 ], М.М.Сужиков [109], В.А.Тишков [117,118,119,120], Э.В.Тадевосян [112], жана башка окумуштуулардын эмгектерин белгилеп өтүүгө болот. Ал эми окумуштуулар Ю.В.Арутюнян [15], А.Р.Аклаева [10], Р.Дарендорф [38], Л.М.Дробижева [56,57], С.А.Кравченко [78], коомдук мамилелерди социо-саясий жактан иликтөөгө алышкан, мындай социалдык көрүнүштүн жана этно чөйрөнүн илимий анализин М.В.Крюков [79], В.И.Козлов [74,75], Н.Ю.Козлова [73], Г.В.Старовойтова [107], А.В.Дмитриев [53,54], Г.У.Солдатова [105], маданий өңүттөн Т.Ю.Бурмистрова [28] өз эмгектеринде социалдык көрүнүш жана этно чөйрөнү илимий жактан анализге алышкан. Этностор аралык конфликтер дүйнө элдеринин көйгөйлүү маселеси болуп саналгандыктан, аны изилдөөгө бир катар белгилүү илимпоздор тартылышкан. Айрыкча акыркы мезгилдерде бул багытта В.А.Авксентьев [6], А.Г.Здравомыслов [62], А.Гасанов [35], А.Х.Гаджиев [36], Э.А.Паин [97], А.Д.Багатуров [23], Н.И.Мустафаев [85] ж.б. илимий эмгектери жарыкка чыккан.

Этникалык тайпа түшүнүгүнө алгачкылардан болуп, М.Вебер түпкү теги физикалык тиби, салт санаасы же колония же миграциялык абалы, субьективдүү ишеними аркылуу аныкталуучу адамзаттык жалпылык [204, 389

б] деп аныктама берген. М.Вебердин аныктамасынын биринчи бөлүгүндө этникалык тайпанын негизги сапаттык белгиси катары эки белги бөлүнүп көрсөтүлөт: түпкү тегине болгон ишеним жана жалпы салт-санаасы, ал эми экинчи бөлүгүндө этноско таандык колонизация жана миграция жөнүндө сөз болуп, өздөрү жашап жаткан тарыхый мекенинен биротоло кетип, башка мамлекеттин аймагына баш калкалап отурукташып калгандыгын белгилейт.

Белгилүү болгондой, Кыргызстандын түштүгүндөгү этностор аралык конфликтер ар бир жыйырма жылда кайталанып жаткандыктан, илимий чөйрөнүн изилдөө объектине айланып келет. Мындай изилдөөлөр ата мекендик окумуштуулардын эмгектеринде да изилденген. 1990-жылдагы Оштогу кандуу окуянын себептерин изилдөө максатында философия илимдеринин доктору, профессор А.Б.Элебаеванын [130] жетекчилиги менен социологиялык изилдөө жүргүзүлүп, этностук чыңалуунун айрым себептери аныкталган. Ушундай эле баалуу материалдар улуттук коопсуздук кызматынын ошол кездеги кызматкери Т.Разаковдун эмгегинде да бар. Конфликтүү окуяларга байланышкан анча-мынча жана түздөн-түз же кыйыр түрүндө окумуштуулар Р.А.Ачылова [20], А.О.Алишева [14], Дж.А.Омукеева [94,95], А.А.Акунов [11,12], А.Т.Балтабаев [134], Н.А.Бердяев [25], Б.Ж.Бешимов [26], И.В.Волков [32], К.Исаев [63,64,65], Б.Д.Джамгерчинов [39], М.К.Джангарачева [40,41], Б.М.Торогельдиева [116,147], Ш.М.Ниязалиев [89], А.А.Сабиров [143], Э.Ж.Сыдыгалиева [145], М.З.Ташиева [113,114,146], Ч.Д.Чотаева [126], Т.Джуманалиев [51,52], ж.б. да баяндай кетишкен. Аталган проблеманы тарыхый өңүттөн А.Асанканов [19], А.Д.Донbackup [45,46], Т.Кененсариев [154], Т.О.Ожукеева [91], С.С.Ибраимова [139], З.К.Курманов [80], С.Ж.Текенова [115], А.М.Сатарбаев [144], ж.б. окумуштуулар изилдешкен. Ал эми социологиялык аспекттен С.С.Нурова [87], Н.А.Омуралиев [92,93], А.Б.Элебаева [129,130], А.К.Джусупбеков [43], К.Б.Бектурганов [27], Т.С.Сарыков [102], Р.Б.Салморбекова [100], М.Х.Ганиева [34], Ж.Т.Нурдинова [88,142] ж.б., демографиялык өңүттөн Ж.Ж.Жоробеков [59,60,61,138] ж. б., саясий жана философиялык көз караштан М.Артыкбаев [16] ж.б. илимий талдоого алышкан.

XIX кылымда “этнос” терминин илимде немец окумуштуусу А.Бастиан колдонуп, анын пикири боюнча: “этнос бир түрдүү социалдык жалпылык катары түшүндүрүлүп, тилдик, маданий өзгөчөлүктөрүнө басым жасалып, кландык уруулук прициптери, ошондой эле территориясы, үрп-адаты, менчикке болгон көз карашы боюнча башкалардан айырмалана тургандыгы айтылат [119, 52-53 б]”. Бул терминге берилген аныктамалардын санынын арбындыгына карабастан, мааниси окшош аныктаманы Ю.В.Бромлей берген жана анын аныктамасы боюнча “этнос-белгилүү бир аймакта жашаган өздүк аң-сезими боюнча бирдиктүү, башка топторго салыштырмалуу айырмаланган муундар аралык адамдардын топтому [31, 57-58 б]”. Кээ бир маалыматтар боюнча Англия жана Американын илимпоздору этнос терминин дээрлик колдонушпайт жана маданий иденттүүлүк түшүнүгү менен синоним катары эсептешет.

Ал эми совет доорунун академиги Ю.В.Бромлей этностордун этникалык белгилерин үчкө бөлгөн: “маданиятынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, этностордун тили жана психикасы, өздүк аң-сезими жана өздүк аталыштары. Муундан-муунга берилип келген тил, жашоо, маданий өзгөчөлүк этностордун көп кылымдык жашоосун шарттайт [31, 57; 58 б]”. Анын пикирине ылайык дал ушул комплекс этникалык касиеттин ядросу болуп саналат.

Көптөгөн изилдөөчүлөр этностор аралык мамилени изилдөөдө өз ара таасир этүүчү көптөгөн факторлордун таасир этерин белгилешет, маселен, тарыхый, маданий, социалдык, психологиялык, инсандык, саясий, экономикалык, демографиялык жана экологиялык. Алардын кээ бирине токтолсок;

- тарыхый фактор боюнча алгач калк социалдык жалпылык катары тарыхый кырдаалдын катышуучулары болуп саналып, конфликтүү кырдаалда басып алуучулук мүнөзү, максаты боюнча изилдеп, өткөн тарыхка салыштыруу аркылуу тарыхый баа беришет.
- Социалдык фактор социалдык коомдогу этностордун позициясын жана статусун эске алуу менен, социалдык мобилдүүлүгүнүн жана

башка социалдык көрсөткүчтөрүнүн негизинде изилдейт. Ошондой эле этностордун коомдогу социалдык позициясы да эсепке алынат.

Социалдык-түзүмдүк факторлуу тайпалардын ичинен этностор аралык мамилеге таасир этүүчү үч багытты бөлүп кароого болот:

-социалдык жана этникалык стратификациянын өз ара байланышы;

-социалдык-түзүмдүк өзгөрүүнүн таасири;

-социалдык мобилдүүлүктөгү этникалык факторлорун [93, 40 б]" белгилеп кетүүгө болот.

Илимпоздордун пикирине кошулуу менен этнос түшүнүгүнүн аныктамасы универсалдуу маанини билдирип башкача айтканда, жалпы аталышка ээ болуп, келип чыгуусу мифологияга негизделет. Жалпы тарыхы жана маданияты бар белгилүү аймакты жердеген шериктештик сезимдерге ээ экендигин белгилөөгө болот.

Этностор аралык мамилелерди изилдөөдө этникалуулук термини да колдонулат. "Этникалуулук" термини биринчи жолу англис тилинде XX кылымдын 50-жылдарында пайда болгон. Бул терминди америкалык социолог Д.Рейстмен 1953-жылдары колдонгон. 1973-жылы бул терминге төмөнкүдөй аныктама берилген. 1.Белгилүү бир этникалык тайпага таандык шарт. 2. Этникалык сыймыктануу сезими [194, 16 б]. Бул мезгилде "этникалуулук" термини мурдагы маанисин туюнтуп башкача айтканда орто кылымдарда колдонулган "бутпарастык" маанисинде болуп, англис тилиндеги "этникалык" деген маанисинде колдонулган. Англис тилинде "этникалык" деген термин, өз кезегинде грек тилиндеги "этнос" деген сөздөн алынган.

Байыркы гректер колдонгон "этнос" термининин бир нече мааниси болгон. Ошого карабастан бул терминдин бардык маанисинде бир эле идея-жаныбарлардын же адамдардын биологиялык же маданий мүнөзүнө ээ болгон тайпалык идеясы. Байыркы гректер бул терминди аймактагыларга жана варварларга башка элдерди билдирген маанисинде колдонушкан. Анткени алар өздөрүн эллиндер [198, 4 б] деп эсептешкен.

Этникалык келип чыгуу ата-энелер жана алардын жалпы түпкү теги менен байланышкан индивиддин төрөлүүсү жана пайда болуусу менен мүнөздөлөт. Ошондой эле бул термин өзүнүн тарыхый мекенинен сырт жакта пайда болгон миграцияда жүргөн өкүлдөрүнө да таандык. Ички тайпалык көз карашка ылайык, этникалуулук болуп – белгилүү этникалык тайпанын башкалардан айырмаланган комлекстүү маданий өзгөчөлүгү саналат. Ошондуктан кандаш туугандык сыяктуу обьективдүү факторлор анча чоң роль ойнобойт [103, 132 б] деп берилет.

Индивиддин инсан катары калыптануусу аркылуу этникалык иденттүүлүгүнүн өз алдынча тандоо жөндөмдүүлүгү жогорулайт, башкача айтканда этникалык иденттүүлүктү эркин тандоо укуктарын ишке ашырат. Бирок коом дайыма эле индивидке мындай укукту бербейт. Тандоо укугун ишке ашыруу этникалык тайпанын түзүмүнөн жана баалуулук багытынан көз каранды болот. Этникалык иденттүүлүктүн калыптануусуна бир катар физикалык, маданий, тилдик, диндик, экономикалык факторлор таасир этет. Бул этнодифференциалык факторлор деп аталат. Этнодифференциалык факторлор – кайсы бир этностун өкүлдөрүн башкалардан айырмалайт.

Ал эми америкалык изилдөөчү Ф.Янгдын этникалык топ түшүнүгүнүн эки аныктамасын сунуштаган. "Этникалык тайпа, тар мааниде-улуттук келип чыгуу жана уникалдуу өздүк маданиятка негизденүү, ушунусу менен башкалардан өзгөчөлөнгөн социалдык тайпа. Этникалык тайпаны эки негизги белги аныктайт: маданият жана улуттун келип чыгуусу. Маданий мүнөздөмөгө тилин, динин, кадаа-салтын айтууга болот [207]. Этникалык тайпаларга кең мааниде аныктама берүү менен АКШдагы расалык тайпаларды классификациялаган; америка калкы ак америкалыктар, африка тегиндеги америкалыктар, азият тегиндеги америкалыктар, түпкүлүктүү америкалыктар же индеецтер болуп бөлүнүшөт.

Физикалык өзгөчөлүк этностун сырткы белгиси болуп саналат. Индивиддин белгилүү бир этноско таандык экендиги же анын башкалардан болгон айырмасын аныктоо сырткы өзгөчөлүгүнөн башталат. Бул белгилер

сырттан караган кишиге даана байкалат. Ошого карабастан сырткы белгисинен таптакыр айырмаланбаган этносторду да көпчүлүк учурларда кездештирүүгө болот. Андан сырткары бир эле этникалык тайпанын өкүлдөрүндө физикалык белгиси боюнча айырмаланган өзгөчөлүктөрдү да байкоого болот. Мисалы кыргыздардын түштүк жана түндүк аймактарындагы айырмачылыктары. Бул айырмачылыктар сырттан караган эле адамга эмес, өздөрүнө да байкалат. Ошондуктан физикалык өзгөчөлүк этнодифференциялык факторду аныктоочу кызмат аткарбайт ал аркылуу адамдын этникалык келип чыгуусун гана аныктоого болот.

Этникалык иденттүүлүк ата-энеси бирдей этноско таандык болгон индивиддерде көйгөйлүү көрүнүш эмес. Мындай шартта этникалык иденттүүлүк баарынан мурда конкреттүү этникалык чөйрөгө негизденет. Эң көйгөйлүү көрүнүш ата-энеси ар түрдүү этникалык тайпага таандык болгон индивиддерде байкалат. Бул жерде ар түрдүү обьективдүү жана субьективдүү факторлор күчтүү роль ойнойт.

Окумуштуу А.К.Джусупбеков “кең мааниде алып караганда жетилген бүтүн жарандык иденттүүлүк - гормониялык өнүккөн жарандык улут, ал жарандык улут же этно улут болуп саналган иденттүү элементтердин негизинде калыптанат [50, 328 б] деп белгилеген. Бирок, этно улуттук иденттүүлүк жарандык иденттүүлүккө үстөмдүк кылбоосу шарт, тескерисинче, жарандык иденттүүлүк бир же андан көп этноиденттүүлүктү өзүнүн негизи катары карабоосу шарт. Демек, жарандык иденттүүлүк конкреттүү этно улуттук иденттүүлүккө багытталуусу керек. Ал өз кезегинде өзүн этно улуттук түзүмдөгү бирдиктүү жарандык жалпылык катары сезүүсү үчүн бирдиктүү интеграциялык процесске өтүүсү зарыл. Башкача айтканда, ар кандай улуттун өкүлдөрүнүн бир гана жарандык укуктары жана талаптары эмес жарандык абийири, ар-намысы, милдеттери жана жоопкерчиликтери болуусу шарт [50, 328 б] деп белгиленет. Андыктан саясий маданият да этностор аралык мамилелердин өнүгүүсү үчүн маанилүү.

Этнологиядагы түйүндүү түшүнүк катары этникалуулуктун келип чыгышы жана жаратылышы жөнүндөгү маселе саналат. Этностук көйгөйлөр көптөгөн окумуштуулардын изилдөө обьектине айланып, ар түрдүү теориялык моделдер сунушталган. Тактап айтсак, В.А.Тишков менен Ю.П.Шабаев төмөнкү теориялык моделдерди бөлүп чыгышкан: примордиализм, конструктивизм жана инструментализм [119, 53 б] багыттары. Ошого карабастан азыркы мезгилдеги көптөгөн изилдөөчүлөр интегративдүү багытка да көбүрөөк таянышат.

Примордиализмдин жактоочулары этникалуулуктун обьективдүү тамыры бар, ал жалпы адамдын келип чыгуусуна негизденет жана өзгөрбөйт деп токтолушат. Этникалуулук обьективдүү, анткени ал индивиддин каалоосунан жана аракетинен көз карандысыз жашайт. Этникалуулук келип чыгуу жалпылыгына ээ, анткени кайсы бир этностун мүчөлөрү жалпы биологиялык жана маданий өзгөчөлүгүнө карай бөлүнүшөт. Этникалуулук төрөлгөндөргө ата-энесинен мурасталат. Адам төрөлүп көз жумганга чейинки убакытта ата-энесинен мурасталган этникалуулук өзгөрбөйт.

Примордиализм деген аталыш англиянын “примордиал” сөзүнөн келип чыгып “түп”, “түпкү тек” дегенди билдирет. Бул термин алгачкы жолу 1957-жылы Британ социологиялык журналында жарык көргөн Э.Шилздин “Примордиалдуу, жеке, диндик жана жарандык байланыш [202]” деген макаласында жарыкка чыккан. Э.Шилз жекече, примордиалдуу диндик жана жарандык сыяктуу социалдык байланыштардын өзүнчө түрлөрүнүн айырмачылыктарын анализдеген жана бул өзгөчөлүктөр азыркы жарандык коомго кандай таасир тийгизерин көрсөткөн. Э.Шилздин идеясы америкалык антрополог примордиализмдин негиздөөчүсү катары эсептелген К.Гирцем менен маанилеш болгон. Примордиализмдик багыттын бардык теорияларын эки багытка бөлүүгө болот: социобиологиялык жана социомаданий.

Социобиологиялык багыттын тарапкерлери этникалуулук адамзат коомунун продуктивдүү эволюциясы деп эсептешкен. Норвегиялык изилдөөчү Ван ден Вергдин пикирине ылайык этникалуулук – бул туугандык

байланыштын кеңейтилген формасы, ал эми этникалык тайпа – үй бүлөөнүн жана уруунун убакыттын өтүшү менен миңдеп, миллиондоп көбөйүшү [203, 35 б] деп токтолот. Социомаданий багыттын өкүлдөрү этникалуулукту тил, дин, раса сыяктуу маданий факторлор деп эсептешет. Маселен Гирц примордиалдуу байланыштар кандан, расадан, тилден, аймактан, динден жана салт-санаалардан өтөт, анткени алар жеке байланыштын, практикалык зарылчылыктын, жалпы кызыкчылыктын гана натыйжасы болбостон кандайдыр бир денгээлдеги бийик абсолюттуу күч [192, 40 б] экендиги бири-бирин байланыштырган жалпылык деген аныктамасын айткан.

Тарыхчы жана социолингивист Дж.Фишман этникалуулукту "муундан-муунга калуучу байланышты түбөлүктүү өткөрүп берүүчү жетиштүү денгээлдеги реалдуулук деп аныктаган. Ал жашап жаткан этникалуулукту "кабыл алуучу" жана "билүүчү" этникалуулук деп атаган. "Кабыл алуучу" жана "билүүчү" категория, бирок анын өзгөрүп туруусунун чеги бар [192, 63 б] деген изилдөөсүнө таянган.

Советтик академик Ю.В.Бромлей иштеп чыккандай примордиалдуулукту этностук теория деп атаса болот. Ю.В.Бромлей жана батыштын примордиалдуулук багытынын өкүлдөрү эсептегендей этностун маанилүү белгилеринин бири алардын маданияты. Ю.В.Бромлейдин пикирине ылайык этнос- бул белгилүү бир аймакта муундар аралык байланышта болгон, тарыхый жактан калыптанган адамдардын тобу эсептелип, алар бири-биринен сырткы келбеттери менен гана айырмаланышпастан, салыштырмалуу маданий, тилдик жана психикалык жана өздүк аң сезимдик өзгөчөлүктөрү менен да айырмаланышат [29, 58 б] деген идеясын берген. Батыштын примордиалисттик концепциясынан айырмаланып Ю.В.Бромлей өзүнүн теориясында өзгөчө орунду этностун өнүгүшүндөгү социалдык-тарыхый шартка берген. Ошондуктан советтик этнос теориясын социо-тарыхый деп атоого болот.

Көптөгөн изилдөөчүлөр макул болгондой, этникалуулук жалпы биологиялык жана маданий мүнөздөөнүн негизинде калыптанат. Бирок примордиализмдин да өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү бар. Анткени ал

индивиддин этникалык иденттүүлүгүндөгү өзгөрүүлөр, жаңы этникалуулуктун кантип пайда болуусу, ошондой эле этникалуулуктун саясий, экономикалык ролун баалоо сыяктуу маселелерди анализдөө обьектин өз кучагына албайт. Мындай маселелердин жообун конструктивизм жана инструментализмден табууга болот.

Конструктивизм өткөн кылымдын 70-жылдарынан эрте эмес мезгилде примордиализмге жооп реакциясы катары келип чыккан. Конструктивизмге ылайык этникалуулук коомдун социалдык конструкциясы болуп саналат. Этникалуулук муктаждыкка жараша коом тарабынан түзүлгөн. Этникалуулуктун табияты өзгөрүлмөлүү, этникалык чек аралар да өзгөрүп туруусу мүмкүн деп токтолушат. Конструктивизмдин негиздөөчүсү болуп, Норвегиялык окумуштуу Ф.Барт эсептелет. Барттын изилдөөсүндө этникалуулукту изилдөөгө басым жасоодо айрым этникалык топтордун чек араларынын тарыхын жана чек араларды колдоо сыяктуу көйгөйлөргө басым жасоо менен теориясынын негизин этникалык чек ара категориясы түзөт. Ф.Барттын пикирине ылайык, дал ошол “этникалык чек ара” социалдык жашоого багытталат жана жүрүм-туруму, социалдык мамилеси татаал көрүнүштү берет. Экинчи жагынан этникалык чек араны сактоо жана колдоо ар түрдүү маданияттын өкүлдөрүнүн ортосундагы социалдык байланыштан көз каранды: алардын жүрүм-турумунда белгилүү бир айырмачылыктар болгондо этникалык топтор өзүнчө бирдик катары жашашат [189, 75 б] деген оюн билдирет.

Дж.Армстронг Барттын этникалуулукту изилдөөдөгү жалпы багытын колдонгон, бирок Барт эсепке албаган маданий формага өзгөчө көңүл бурган. Армстронг “Азыркы мезгилге чейинки улуттардын акырындык менен пайда болуусун анализдөөнүн мифтерин топтун мүчөлөрүнүн арасында алардын жалпы тагдыры жөнүндө маалымдуулукту күчөтүү жана символдор чек аранын негизги индикаторлору болгон [188, 9 б]” деген аныктамасын айткан.

Э.Смит дагы этникалуулукту изилдөө үчүн символикалык анализди колдонгон. Бирок анын багыты бир топ башкача болгон. Анын пикирине

ылайык ар кандай этностун, этноборборунда кандаш гнесеологиялык же топтун келип чыгуусуна мүнөздүү символдор, эскерүүлөр, мифтердин комплекси жатат [201, 57 б] деп белгилеген.

1991-жылы Советтер Союзу кулагандан кийин конструктивизм идеясы көз карандысыздыкты алган постсоветтик мамлекеттерде жайыла баштады. Конструктивизмди изилдөөчүлөрдүн белгилүүлөрүнүн бири россиялык изилдөөчү В.А.Тишков болгон. Анын "этникалуулук феномени жөнүндө" деген макаласында Россия этнологиясындагы конструктивдүү багыттын негизги принциптери берилген. Тишков белгилегендей "Интеграция этникалуулук теориясындагы негизги аспектилердин бири [118, 114 б]".

Конструктивизм идеясы академиялык илимде гана эмес, саясатчылар арасында да таркалган. Анын ичинде Кыргыз Республикасынын тунгуч президенти А.Акаев "Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана Манас элдик эпосу [9]" деген эмгегинде конструктивдүү теорияга негизделген.

Конструктивдүү багыт примордиалисттик багытка караганда этностук табияттын өзгөрүлмөлүүлүгүн түшүндүргөн. Конструктивдүүлүк этникалык калыптануудагы жалпы маданий факторлордун ролун четке кагат, социалдык конструктивдүүлүктүн мүмкүнчүлүгүн жогорулатат жана милдеттүү саясий – экономикалык ролго көңүл бурбайт.

Инструменталдуулук этникалуулукту ар түрдүү саясий-экономикалык максаттарга жетүү үчүн инструмент катарында сыпаттайт. Инструментализмге ылайык, этникалуулуктун табияты өзгөрүлмөлүү, бирок ал индивиддин максатына жана талабына жараша өзгөрөт. Инструментализм багытынын пионерлери (баштоочулары) болуп, америкалык изилдөөчүлөр Глейзер жана Мойнихан саналышат, алар этникалуулукту этникалык топтордун кызыкчылыктарын алдыга жылдыруу үчүн саясий туруктуулуктун инструменти катары карашкан [194, 11 б].

Америкалык изилдөөчү А.Кохендин пикирине ылайык "этникалуулук белгилүү деңгээлдеги саясий феномен болгону үрп адат, салт санаалар саясий союз үчүн механизм сапатында гана колдонулат [196, 84 б]" деп токтолот.

П.Брасстын позициясы да абдан окшош: “этникалуулук – бул этностордун саясий аренасы өздүк талаптарын коюуга, өздүк статусун жогорулатуу максатын билдирүүгө, экономикалык жыргалчылыгын, жарандык укуктарын жана билим алуу талаптарын жылдырууга зарыл болгон этникалык иденттүүлүк сезими [191, 85 б]”. М.Хечтер жана М.Бэнтон инструментализмди андан ары жогорулатышкан. Алар этникалык мамилени “рационалдуу тандоо теориясынын” көз карашына ылайык кароону сунушташкан. Хечтердин пикирине ылайык “ар кандай этникалык топтун мүчөлөрү өздөрүнүн жеке кызыкчылыгын канааттандырган жана ага ишене алган шартта гана коллективдүү ишмердүүлүккө катыша алышат [199, 271 б]”.

Бэнтонго кайрылсак, анын бекемдөөсүнө ылайык жеке индивиддер өздөрүнүн максаттарына жетүү үчүн же башка коллективдүү кыймылга биригүүгө мажбур болушат же башкаларды ушул ишмердүүлүккө тартуу стратегиясы менен барышат. Эгер максатка жетүүдөгү чыгымдар жогорулап кетсе, анда индивид ушул эле тайпага жамынып алып, пайдалуу максатын ишке ашыруу үчүн багытын өзгөртөт [190, 124 б] деген жыйынтыктарын берген.

Инструменталдык багыттын өзүнүн кадыр баркы жана кемчиликтери бар. Инструментализм этникалык табияттын өзгөрүлмөлүү экендигин түшүндүрөт. Ошого карабастан, ал дагы конструктивизм сыяктуу эле этникалуулуктун базасы болуп саналган примордиалдуу маданий факторлордун ролун четке кагат жана саясий экономикалык факторлордун ролун жогорулатат.

Функционалдуулук багытын позитивист О.Конт жана философ Г.Спенсер колдонгон. Алардын пикирине ылайык этникалуулук убакытта чектелген көрүнүш жана бул жердеги маанилүү нерсе маданият, маданий нормалар жана баалуулуктар кандай жолдор менен берилет ошондой эле элдик керектөөнү канчалык деңгээлде канааттандырат, кандай функцияны аткараары каралат. XVII кылымдан бери колдонулуп келген этнос же улут термини “калк” же “жаран” деген түшүнүктү берип келгендиги белгилүү.

Интегративдүү багыт. Этникалуулукту изилдөөдө интерегативдүү багытты сунуштаган изилдөөчүлөрдүн бири Ф.Янг. Янгдын интегративдүү

багытына ылайык, этникалуулук этникалык топтун саясий экономикалык кызыкчылыгына ылайык келип чыгуусун четке какпайт. Жалпы келип чыгуу тегинин реалдуулугу же реалдуу эместиги этникалуулуктун калыптануусунда экономикалык жана саясий факторлор да бар [207]. Келип чыгуу тегинин жалпылыгы алардын тарыхындагы жана өнүгүү багытындагы топтун мүчөлөрүн ич ара байланыштырат. Келип чыгуу тегинин жалпылыгы кайсы бир этникалык топтун башка бир этникалык топтун арасындагы ордун аныктайт.

Анткени, этностор аралык мамиленин гармонизациясы – коом жана мамлекет тарабынан максаттуу аткарылуучу чечимдер жана көйгөйлөр. Ал эркин жана өз алдынча саясатка, мамлекеттик иштерге, шайлоолорго, коллективдүү жыргалчылыкты ишке ашырууга катыша ала турган адамдын саясий калыптануусуна шарт түзөт. Башка сөз менен айтканда этника так жана реалдуу коллективдүү ресурстардан турат. Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга мамлекетте түзүлгөн жана кабыл алынган концепциялар, ишке ашыруу механизмдери, жарандардын кабыл алуусу, аң-сезими, саясий маданиятты колдоосу  негизги орунда болуусу зарыл.

## 1.2. Этностор жана улуттар аралык мамилелерди изилдөөнүн теориялык негиздери жана анын инструменттери

Этнос жана улут терминдеринин маанилери тектеш деп карасак болот. Этнос термини байыркы грек тилинен “ethnos” – эл деген мааниде которулат. Жалпыга белгилүү болгондой адам – бул коомдун биосоциалдык жандыгы, тарыхый процесстин субъекти. Адамзат коомунун жашоосунда бири-биринен ар түрдүү параметрлери менен айырмаланган этникалык топтор жана жалпылыктар жашайт. Ааламдашкан аймакта жашап жаткан көптөгөн мамлекеттер да көп этностуу өлкөлөр болуп саналат. Мезгилдин алга жылуусу жана коомдук аң-сезимдин, цивилизациянын жогорулоосу менен этнос жана улут маселесине берилген аныктамалардын мазмуну да реалдуу жашоо менен кошо өнүгүү жолунда.

Этностор аралык мамилелер полиэтностуу мамлекеттин негизги көйгөйү болуп келет. Дүйнө жүзүндөгү кээ бир мамлекеттерде этностук топтор миграция жана башка таасирлер менен саны азайып, ал эми кээ бир этностордун саны арбып баруусу, этностор аралык мамилелердин кескин өзгөрүүсүнө түрткү болууда. Этникалык топтор өздөрүнүн тарыхый тажрыйбасын маданиятын, каада-салтын сактоого аракеттенишет жана улуттук-аймактык өз алдынчалыкты талап кылган фактылар көп кездешет. Көпчүлүк учурда мындай аракеттер жагымсыз көрүнүштөр менен коштолуп адам өлүмүнө, материалдык чыгымга, бири-бирине ишенбөөчүлүккө жана чыр-чатактардын көбөйүүсүнө алып келүүдө.

Этностор аралык конфликтерге жеке өкүлдөрдүн, ар түрдүү этностордун, социалдык тайпалардын пикир келишпөөчүлүктөрү ошондой эле эки же андан көп этностун конфрантациясынын кагылышуусу кирет. Этностор аралык конфликтер түшүнүгү инсандар аралык этносоциалдык тайпалар жана улуттар аралык чыр-чатактар түшүнүгү менен синонимдеш жана бул полиэтникалык мамлекеттердин көйгөйлүү маселелеринен экендиги белгилүү. Кыргызстан көп этностуу мамлекет катары, этностор аралык мамилелерди позитивдүү, сапаттуу

жөнгө салуусу, мамлекеттин улут саясатын жолго коюусу шарт. Ошондой эле мамлекет түзүүчү жалпы калк бир аймакта жашаган этностук топтордун территориялык, экономикалык, саясий-социалдык, маданий тең укуктуулугун, улуттук баалуулуктарын сактоого милдеттүү. Этностор аралык саясатты туура жүргүзүү үчүн алдыңкы илимий жетишкендиктер да негизги көмөкчүлөрдөн болуп илимдин ар түрдүү тармагындагы илимий анализдин зарылдыгы болуп саналат.

Кандуу кагылышууга алып келген этностор аралык конфликтин келип чыгуу, уюштуруу-башкаруу, социалдык-психологиялык, инсандык, саясий-экономикалык жана социалдык себептерин, объективдүү факторлорун аныктоо зарыл. Мындай багыттагы изилдөөлөр азыркы мезгилге чейин эле жүргүзүлүп келгендигин тарыхый фактылар менен тастыктоого болот. Анткени, этностор аралык конфликтер узак мезгил аралыгында бышып жетилет, демек кокусунан эле чыга калуусу мүмкүн эместигин тарыхый материалдар далилдейт. Анын себептери ар түрдүү болуп, ар бир конкреттүү кырдаалга жараша ар түрдүү окуялар менен коштолуп, келип чыгуу себептеринин төмөнкүдөй факторлор менен белгилеп кетүүгө болот: улуттук аң-сезимдин деңгээли жана улуттук аң-сезимдин адекваттуу төмөндөө же жогорулоосунун деңгээли менен байланышта; жарандык коом арасындагы массалык кыйынчылык көйгөйлөрдүн кезигүүсү да этникалык топтор арасында пикир келишпестиктерди жаратат. Мындай учурдан пайдаланган саясий күчтөр ич ара мамилелерге доо кетирип этностор аралык конфликтерге алып келип жатат.

Этностордун улуттун түзүлүшүнө ар түрдүү көз караштар болгону менен этностун алгачкы калыптануусу уруулук же топтук түзүлүштөн башталат деп эсептешет. Улуттук маселелер тууралуу социолог М.Вебер жазган эмгек белгилүү. Ал улут саясий категория “коомчулук сезими”, анткени коомчулукка болгон сезим бар жерде улут калыптанат, ал эми тилектештик пикири дайыма эле толук субъективдүү боло бербейт деп токтолот. М.Вебердин концепциясынын негизинде улут төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилерге ээ: ар түрдүү элдерди байланыштыруучу жана аларды башкалардан айырмалаган

жалпы объективдүү факторго ээ белгиси, ушул фактор бирдиктүү баалуулук булагы катары каралганда жана тилектештик сезимдери пайда болгондо, ушул тилектештик автономдуу саясий институт мүнөзүнө ээ болот. М.Вебердин концепциясынын негизинде улут төмөндөгүдөй мүнөздүү белгилерге ээ:

1. ар түрдүү элдерди байланыштыруучу жана аларды башкалардан айырмалаган жалпы объективдүү факторго ээ белгиси;
2. ушул фактор бирдиктүү баалуулук булагы катары каралганда жана тилектештик сезимдери пайда болгондо;
3. ушул тилектештик автономдуу саясий институт мүнөзүнө ээ болгондо [205, 129 б].

М.Вебердин аныктоосу боюнча: “этникалык топтор өздөрүнүн жалпы ата-бабаларына, түпкү тегине болгон субьективдүү ишеними менен өзгөчөлөнгөн адамзаттык жалпылык [204, 329 б]”. Чынында, М.Вебердин улуттун жана мамлекеттин жашоосу тууралуу концепциясы чоң көнүл бурууну жаратып, коомчулукта бир топ талкууга алынганы менен илимий негизи бар.

Дагы бир белгилүү социолог П.А.Сорокин өзүнүн көп функционалдуу концепциясында “улуттун” белгилери катары төмөнкүлөргө токтолуп:

1. “улут” – бул бир мамлекеттин жарандары;
2. “улут”–бул жалпы жана окшош тилдүү жана маданий баалуулуктардын жалпы жыйындысы [106, 23 б] деп белгилейт.

Этникалуулук коом түшүнүгүн берүү менен конкреттүү негиздерге ылайык мааниде каралат. Ар кандай индивид биологиялык маданий мүнөзү менен айырмаланган этникалык топ катары түшүнүлөт. Этникалуулуктун калыптануусундагы негизги роль индивиддин расалык жана физикалык өзгөчөлүктөрү: өңү-түсү, көзүнүн формасы, мурду, бет түзүлүшү, башы, чачынын түзүлүшү каралат. Ошондой эле маданий факторлор да маанилүү ролду ойнойт: тили, дини, салт-санаасы ж.б. Ушул биологиялык жана маданий факторлор этникалуулуктун негизин түзөт. Ошондой эле дагы бир маанилүү ролду мамлекеттин саясаты жана мамлекетте кабыл алынган ченемдик укуктук актылары да маанилүү.

Мисалы, бир эле адам ар кандай коомдо кабыл алынган конкреттүү мыйзамдарга же практикага ылайык ар кандай этникалык топко кирүүсү мүмкүн. Мындай шартта адамдын социалдык статусу акыркы ролду ойнобойт. Эгер адам коомдо бийик турган социалдык катмарга таандык болсо, анда ал кадыр барктуу болот.

Индивиддин керектөөсүнө жана каалоосуна көңүл буруу зарыл. Ар бир адам өздүк этникалуулугун тандоо укугуна ээ. Бирок бул эркиндик абсолюттуу эмес. Алар белгилүү биологиялык жана маданий чектер менен чектелет. Индивид жеке кызыкчылыгына ылайык тигил же бул этникалуулукту тандай алат. Жеке кызыкчылыктардын ичинде социалдык артыкчылыктар, саясий-экономикалык кызыкчылыктар жашырылат.

Этникалык чектер өзгөрүлмөлүү да болуусу мүмкүн. Бирок, этникалык чек аранын өзгөрүлмөлүүлүгү чексиз эмес. Этникалык чек аралар өзүнүн курамына башка этниканын өкүлдөрүн кошууда кеңейиши мүмкүн. Этникалык чек аралар белгилүү категориядагы адамдар мүчө болуудан баш тартканда тарыйт. Жыйынтыгында этникалык чек ара белгилүү этникалык категория жок болуп кеткенде жоголуп кетүүсү мүмкүн.

Улуттук саясаттагы абсолюттук артыкчылык советтик улут саясатынын парадигмаларын ишке ашыруу шарттарына этноулутка кайтып келгендигин белгилөө керек. Советтер Союзундагы аналогиялык кырдаал XX кылымдын 60-жылдарында түзүлгөн. Бул доордо советтик коомдук илиминен этнология жана философия илимдери бөлүнүп чыккан. Этнологдор этникалык процесстер жана этностор теориясы менен алектенишсе, философтор улутчулдук жана улут теориясы менен алектенишкен. Дал ушул доордо академик Ю.В.Бромлейдин жетекчилиги менен СССР илимдер академиясынын этнография институту түзүлүп, советтик этнос теориясы иштелип чыккан. Ошондой эле Сталиндик “улут” маданий жалпылык болуп саналган экономикасын жашоо жана психикалык склад экендиги тарыхый жактан калыптанган тилдик, территориялык жалпылык экендиги камтылган улут концепциясы өтө таасирдүү болгон. Бирок “этнос” термини советтик илимде 70-жылдарга чейин

жайылтылган эмес [30, 23 б]. Анткени ал доордо коомдук илимдерде “улут” термини колдонулган.

Азыркы мезгилдеги көптөгөн илимий изилдөөлөрдө “улут”, “улуттук”, “улуттар аралык” мамиле деген түшүнүктөр “этнос” термини менен синоним катары колдонулуп келет. Ар бир илим изилдөөчүнүн пикирине ылайык ар түрдүүчө аныктамалар да берилген. Коомдогу субьектилердин тагдыры тилектештиги, шериктештиги, коомдук мамилелери, тагдыры тууралуу маселелерди анализдейт. Этностор аралык мамилени изилдөөдөгү саясаттын субьектилери болуп, этникалык тайпалар, жалпы калк эсептелгендиктен, аларды саясий нукта илимий иликтөөнүн зарылдыгы белгиленет. Этностор тууралуу окуулар ар түрдүү этникалык тайпанын өкүлдөрүнүн маданият аралык өз ара таасирин, этномаданий өзгөрүүлөрүн изилдесе этнопсихология кенже тайпалардагы изилденүүчү обьект жана көрүнүштөрдүн таасирлерин, тарых илими тарыхый фактыларга таянуу менен мурунку жана кийинки тарыхый кырдаалдардын тактыгын, кандайдыр бир кырдаалга берилген тарыхый баасын өлчөп-ченесе, социология коомдогу көрүнүштөрдү социологиялык байкоо жана изилдөө жолу менен тактайт. Философия -- универсалдуу багыттагы байланыш, коомдук мамиле, тап, улут, этнос ж.б. изилдөөсү менен айырмаланып, саясий илими этностор аралык мамиленин өлкөдөгү саясий кырдаалга тийгизген таасирин изилдейт.

Ар түрдүү багыттагы изилдөөлөргө токтолуубуздун негизги себеби, аларга салыштыруу менен саясий илимдеги изилдөөнүн өзгөчөлүктөрүн, этностор аралык мамилени жөнгө салуудагы ролун аныктоо. Бүгүнкү күндөгү жакынкы Чыгыш жана Африка өлкөлөрүндөгү болуп жаткан кагылыштар, төңкөрүштөр мамлекеттик бийликти жок кылуу аркылуу мамлекеттик идеологиянын нугун өзгөртсө да, улуттук идеология ар түрдүү саясатка ыктаганы менен өз нугу менен бара жатканы мисал болот. Ушул көз караштa Л.Гумилев кайсы калк өзүнүн негизги рухун, идеясын жоготпосо, ал калк тарыхый туруктуулугун жоготпойт (мисалы Кытай, Индия), тескерисинче, кайсы калк улуттун рухун, идеясын жоготсо, ал калк өзүн жоготот (айрым

Африка жана Батыш Европа калктары) [37, 81 б] деген оюн айткан. Буга салыштырма иретинде еврей улутуна токтолуп, алар тарыхый кырдаалга ылайык 2000 жылдын аралыгында дүйнөнүн көптөгөн калктары менен аралашып кетсе дагы эң негизгиси улуттук аң-сезимин, рухун, идеясын жоготпогондуктан, еврей калкы сакталып, бүгүнкү күндө өз мамлекеттүүлүгүн кайра жаратты деген оюн билдирет.

Улут маселесин талкуулоодо өзүнүн материалисттик пикирлери менен К.Маркс менен Ф.Энгельс улуттар аралык мамилеге түздөн-түз багытталган эмгек жаратышкан эмес. Бирок, этностор аралык мамилелердин чыр-чатактардын, тап маселеси алкагында башка изилдөөлөрү менен белгилүү болушуп, этникалык маселелерди жайгарууга багытталган усулдук принциптерин сунушташкан. Тарых барактарында К.Маркс жана Ф.Энгельстин эмгегин В.И.Лениндин уланткандыгы жана анын пикирине ылайык улуттук маселени илимий негизде чечүү жолдору сунушталгандыгы белгилүү. Ал эми И.В.Сталиндин "улут" тарыхый жыйналган калктын тобу. Өздөрүнүн жашаган аймагы, тили, аң сезим менен экономикалык жашоодогу маданияттары өзгөчөлөнтөт" [108, 296 б] деген аныктамасы белгилүү. Мезгилдин алга жылуусу коомдук аң-сезимдин, цивилизациянын жогорулоосу менен "улут" маселесине байланыштуу аныктамалар берилген.

Экономикалык жана саясий факторлордун коомдун тарыхый өнүгүүсүндөгү багыттары, мыйзамдуулугу чыр-чатактарга алып келбөөсүн тастыктайт [16, 228 б] деп марксисттик көз караштарды сындоо менен буржуазиялык коомду кабыл алган. Мамлекеттик түзүлүш феодалдык боюнча калуусу теңдүү коомду куруп, алдыга жылууга терс таасирин тийгизерине токтолушкан.

"Улут" терминин латын тилинен которгондо "уруу" же "раса" дегенди билдирет. Алгач бул термин "тууганчылык байланыштырган топ" дегенди билдирген. Бирок кийинчерээк XVII кылымдын башында калкынын этникалык түзүлүшүнө карабастан, бир өлкөнүн жашоочуларын сүрөттөп берүү үчүн колдонушкан. Мына ошентип "улут" сөзү "калк" жана "жаран" түшүнүгүнүн

синоними болуп калган. Ушул багытта жазылган илимий эмгектин көптүгүнө карабастан изилдөөчүлөр арасында азыркы күнгө чейин бир жагынан улут жана этникалык топтун мамилесин, экинчи жагынан улут жана мамлекеттик улуттун субьективдүү жана обьективдүү факторлору жөнүндө бирдиктүү пикирлер жок. Аны Ренан, Вебер жана Сталиндик үч классикалык аныктамасы бекемдейт.

Э.Ренан улуттун статистикалык концепциясын четке кагып, аны “руханий принцип” катары аныктайт. Анын пикирине ылайык “улуттун жашоосу – бул күнүмдүк плебисцит”. Э.Ренан эки нерсе улутту түзөт дейт. “Бири эсте калаарлык жалпы бай мурас; экинчиси - жалпы мурасты, сактоо, биргеликте жашоо маанайы [200, 17 б]”.

Ал эми, М.Вебердин изилдөөлөрүнө ылайык, “улут - жеке мамлекетке ээ болуу каалоосунун белгилүү деңгээлде пайда болуу жалпылыгы, улут - бул жеке мамлекетин түзүүгө аракеттенүү жалпылыгы [206, 25 б] деп токтолот.

Улут темасына берилген Сталиндин аныктамасынын мазмуну бир катар обьективдүү факторлордон турат. Сталиндин пикирине ылайык улут – маданий жалпылыкка психологиялык складка экономикалык жашоого, аймактык, тилдик өзгөчөлүккө ээ тарыхый жактан калыптанган туруктуу жалпылык. Сталин белгилегендей “көрсөтүлгөн белгилердин кээ бирин гана белгилөө, улут аныктамасы үчүн жетишсиз”. Ушул белгилердин кайсы бири кемисе улут, улут болбой калат [108, 7 б] деген аныктаманы сунуштаган. Сталиндик улут теориясы, улут, тил, маданият жана немецтик классикалык философиянын идеяларынан таасир алган “улуттук мүнөз” катары аныкталаарын белгилешкен. Мындай түшүнүк орус саясий изилдөөчүлөрүндө да бар. Кийинчерээк улутту мындай көз караштa кароо советтик теоретик марксистердин арасында да көбөйгөн. Сталин тарабынан өнүктүрүлгөн уруу-улут эл триадасында улут-капиталисттик мамиленин өнүгүшү менен калыптанган жаңы типтеги этникалык жалпылык. Анын калыптануу факторлору болуп, жергиликтүү базардын бирдиктүү жалпы улуттук базар менен жуурулушуусу же жергиликтүү калк аралык экономикалык байланыштын бекемделүүсү [108, 7 б] экендигин изилдейт.

Германиядан жана Орусиядан айырмаланып Францияда, Англияда улуттун этатисткалык (француз тилинен – “мамлекет”) түшүнүгү кеңири таралган жана бир мамлекеттин жарандары маанисин берген [68, 23 б]. Ошондуктан көптөгөн изилдөөчүлөр мамлекеттүүлүктү улуттун белгиси катары кароого ыкташат. Ошентсе да мамлекеттүүлүктүн жоктугу улут болуп эсептелүү мүмкүндүгүнөн ажыратпайт.

Этникалык улутчулдук – өткөн жүз жылдыктын акыркы жыйырма жылында көп колдонула баштаган. Бул темага болгон кызыгуу коомдогу социалдык кайра түзүүлөрдүн радикалдык реформаларын жана коомдук саясий процесстердин этникалык маселелери, этностор аралык мамилелер менен болгон байланышынан келип чыккан. Этникалык улутчулдук XIX кылымда, Австро Венгриялык, Орусиялык улутчулдары тарабынан Осмон империясынын улуттук мамлекетинин кулоосуна түрткү болгондугу тарых барактарынан кездешет.

Этно улутчулдук жана улуттук конфликтер XX кылымдын экинчи жарымына, тактап айтканда экинчи дүйнөлүк согуш учурунан кийин же Европа калкын фашисттик баскынчылардан бошоткон дүйнөлүк колониялык системасынын кулоосунан кийин XX кылымдын 90-жылдарында пайда боло баштаган. Жаңы көз карандысыз мамлекеттер батыш дүйнөсүнө тынчсыздануу жана коптонуу менен карашкан. XX, XXI кылымдардагы чет өлкөлөрдө этникалык улутчулдуктар өзүнүн радикалдуу келип чыгышы менен өзгөчөлөнүп, улутчулдук коркунучтуу мүнөзгө ээ экендигин бекемдегендиги белгилүү [54, 49 б].

Демократиялашкан коомдогу этникалык топтор мамлекеттин ресурсу, эффективдүү институционалдык механизмдери болуп саналат. Мындай шартта демократиялаштыруу этностор аралык конфликтер менен коштолуп жатат. Кыргызстандагы этникалык улутчулдуктун пайда болуусу 1924-жылдагы улуттук - аймактык чектеп бөлүүгө, Сталиндик улуттун өз тагдырын өзү чечүү саясатын [108] жайылтканына негизденет. Ага чейин же 1924-жылдагы улуттук чектеп бөлүүгө чейин аймакта так этникалык чек ара болгон эмес. Жергиликтүү

калктын идентификациясы негизи жана критерийи жалпы бирдиктүү ислам коомуна ыкташкан уруулук орду болгон. Ал эми этникалык принциптер Европа калкында болгон. Орус империясы үчүн Орто Азияны чектеп бөлүүдөгү пайданын бир катар себептери бар. Жаңы автономияларды убактылуу түзүү менен этникалык азчылыктын мамлекеттүүлүктү талап кылуу талабын канааттандырабыз деген тыянакка негизденишкен. И.В.Сталин тарабынан улантылган "Улуттардын өз тагдырын өзү чечүү" концепциясы жалпыга бирдей адам укуктарына зыян келтирүү менен негизги орунга адам жана анын жарандык укуктары эмес өзүнчө улуттар жана алардын кызыкчылыктарын кабыл алган. Улуттук-территориялык чектеп бөлүү Орто Азия эли үчүн этностор аралык мамиле консолидациясынын жолундагы чоң тоскоолдукту жараткан. Бир жагынан ал аймактагы ички этностук консолидация процессин тездеткен, жана чыңалуу менен этностор аралык конфликтердин жаңы очогунун пайда болуусуна шарт түзүлгөн. Экинчи жагынан улуттук мамлекеттерге бөлүп башкаруу советтик тоталитардык системанын башкаруусуна ыңгайлуу болгон. Улуттук мамлекеттердин пайда болуусу аймактарда жашаган башка этностор менен болгон мамилелер эгемендүүлүктү алган күндөн баштап чоң көйгөй жаратты.

1989-жылдагы "Борбордоштурулган бийлик алсызданганда, союздук жана автономиялуу республикаларда реалдуу бийлик үчүн күрөш башталган. Мындай шартта массаны мобилдештирүүнүн күчтүү каражаты болуп улуттук статус, улуттук кызыкчылык күч алып этностор аралык мамилелерге терс таасир калтырып өлкөдө улуттук кыймылдын калыптануусу башталган. Кыргыз маданиятынын жана тилинин актуалдуу болуп кабыл алынуусу, республикада жашаган башка этностун өкүлдөрүнө дискомфорт жана басынгандай сезим калтырып курч психологиялык таасир эткен [131, 18 б]" деген оюн профессор А.Б.Элебаева өз изилдөөлөрүндө берген. Анткени улуттук эго баш ийүүгө терс таасирин калтырат. Мындай көйгөйдү жөнгө салуу багытында, өлкөнүн жетекчилиги эки карама-каршы көрүнүштү жоюу аракетин көрүшөт: коомдун интеграциясын жарандык улутташтыруу жана союздук автономдук республика

формасында өзүнчө улутту түзүү. Биринчи кырдаал 70 жыл боюу тынчтыкта жашап келген “элдердин достугу” деген официалдуу доктринага токтолот. Экинчи кырдаал улуттук түзүмгө жана улуттардын адабий тилин, улуттук кадрларын, өздүк аң-сезимин, этникалык улутчулдугун өнүктүрүүгө негизделген.

Ушулардын негизинде С.Хантингтон төмөнкү жыйынтыкта: эски жашоонун негизги субьекттердин башаты цивилизация болуп эсептелет. Алар өз убагында дин жана маданияттын бирикмесиндеги мамилелерден турат. Цивилизация каршылаш турганча концепцияда биринчи орунга цивилизациялар арасындагы маселе чыгат [111, 63 б] деп белгилеген.

Андыктан биринчиден бул көйгөйлөрдөн Батыш бир позицияны башка чоң цивилизациялар экендигин карманышат, экинчиден Европа жана Америкадагы иммиграциянын өөрчүшү чоң маселени жаратат, үчүнчүдөн көрсөтүлгөндөр азыркы жана келечектеги конфликтердин булагы болуп келет. Окумуштуу Л.М.Дробижева “Депривация теориясы”, “Коллективдүү кыймылдын концепциясы”, “Толпанын психологиясы [56, 100 б]” деген концепцияларды бөлүп карап аныктама берген.

Улуттук маселени чечүүчү советтик тажрыйба өзүнүн этникалык статустун куралына айланганын көрсөтүп турат. Советтик коомдун учурунда көптөгөн этникалык тайпалар өзүнүн аймагын аныктап чек арасын белгилеген, ички социалдык экономикалык байланышын бекемдеген, өзүнүн маданий билим системасына жана өз алдынчалыкка жетишкен. Этникалык идентификациялардын саясий кыймылдын негизи катары өөрчүшүнүн ченемдүүлүгүн XX кылымдын 60 – жылдары жазып чыгышкан. Алар социолог Д.Белл: тап, улут идеялардын кулашы менен элдердин этномаданий идентификацияга талпынышы өнүгөт деп токтолгон.

Улуттар аралык мамилелерди окуп изилдөө Советтер Союзунан бери терең изилдөөгө алынганы менен Советтик идеологияга макул болгондой кылынып бурмалангандыгын орусиялык саясатчы Л.М.Дробижева тарабынан «улуттар аралык мамилелер» орус калкы менен мамлекет түзүүчү калкын

түзгөн республика, улуттар ортосундагы мамилелерге социологиялык изилдөөлөрдүн жүргүзүлгөнүн [15, 184 б] өзүнүн эмгектеринде баяндайт. Советтик тоталитардык башкаруу системасына “жетекчинин” көз караштарына ылайык этностор аралык мамилелери байланыштары унутта калтырылгандыгын далил катары жазган. Ушул эле убакта саясат же болбосо 100дөн ашык этносторду кучагына камтыган Советтер Союзун бирдиктүү башкаруу да көптөгөн кыйынчылыктарды жараткандыгын белгилейт.

Ал эми окумуштуу А.Ю.Шадже белгилегендей, “Улуттун биринчи уникалдуу атрибуту болуп – анын тили эсептелет [128, 166 б]”. Ушул пикирге ылайык тил – этникалык иденттүүлүктүн ачык белгиси анын калыптануу фактору, бирок ал жарандык иденттүүлүктө негиз катары каралбайт. Мындай шартта эне тили калктын этникалык иденттешүүсүндө этнодифференциялык, этноконсолидациялык негизги курал болгондугуна байланыштуу этникалык тил туурасында сөз кылууга болот. Белгилей кетсек тилдин өнүгүү маселесине караганда тил саясаты кеңири түшүнүк болуп саналат. Бул улуттук жана социомаданий көйгөйлөрдү чечүү жаңы саясий курс маселесине тиешелүү мамиле.

Белгилей кетсек көз карандысыздыкты алганга чейин Казакстандагы тил саясаты көп этностуу мамиледеги тилди колдоого багытталган. Казак элинин тили, каада салты өздүк өнүгүүсү үчүн мамлекеттик зарыл камкордуктан четте калган. 40% ды түзгөн казак калкы өз тилин унутушкан же үстүртөн сүйлөй тургандыгын окумуштуу тилчилер белгилешкен. Алматыда түпкүлүктүү элдин 90% жаштары өз тилинде таптакыр сүйлөшпөйт. Мындай салыштырмалуу картина Казакстандын башка шаарларына да мүнөздүү. Жыйынтыгында саны боюнча дүйнөдөгү үч мин элдин арасында 70 - орунда турган казак элинин тили коомдук жашоосунан сүрүлүп чыгуу, жок болуп кетүү коркунучунда турат. Республикада кеңири жайылган эки тилдүүлүк пропагандасы ыңгайлуу болгон жок [3, 136 б] деп казак окумуштуусу Р.Б.Абсаттаров 1995-жылы белгилеген.

Андыктан, коомдук биримдиктин символу тил болуп саналаарына ынанууга болот. Тактап айтканда бир тилдүүлүктөн эки тилдүүлүккө өтүү

багытынын тилдик тенденциясы. Мындай позитивдүү аракет азыркы мезгилдеги көз карандысыз мамлекеттин саясий өнүгүү стратегиясы менен дал келет. Президент Н.А.Назарбаев Казакстан элине кайрылуусунда "Казакстандын стратегиясы 2050 - жылы мамлекеттик деңгээлде үч тилдүүлүктү кеңейтүүнүн зарылдыгын белгилеген". Азыркы учурда биздин балдарыбыздан казак тили менен бирге орус жана англис тилин жакшы өздөштүрүүсүнө шарт жаратып берүүбүз керек [167]" - деп белгилеген.

Этностор аралык мамилелерди методологиялык жактан жайгаруруга жетишкен Казакстан мамлекетинин саясатында, казак окумуштуусу Р.Б.Абсаттаров Казакстандын жалпы улуттук сыймык сезими кантип калыптанарын төмөнкүдөй белгилейт:

биринчиден, казак эли кармап турган жетишкендиктин жана жеңиштин сыймыгы көз карандысыз суверендүү Казакстанды куруудa. Көп этностуу көп конфессионалдуу казак мекенинин өздүк сыймыгы болуп казак элинин өзгөчөлөнгөн ички сапаты өз элине ишеними, сый - урматы эсептелет. Өз элине болгон сүйүүсү этностор жана конфессионалдык мамилелерге, маданиятына, укуктук мамлекетине, демократия жана адилеттүүлүккө берилгендиги менен мүнөздөлөт;

экинчиден, бардык казак элинин социалдык мамлекетти курууга биримдикте активдүү катышуусу. Казак эли өз эмгегин арноо менен өз өлкөсүнүн байлыгын өнүктүрүшүп, экономикасын өнүктүрүүгө чоң күч жумшап келет. Коомдук денгээлди жогору сактоо менен өз мекенинин коопсуздугун, көз карандысыздыгын коргоосу шарт;

үчүнчүдөн, улуттук маданияттын мыкты жетишкендиктери казакстандын руханий байлыгын жогорулатуу камкордугу турат [4, 56 б]. Андыктан, этностор аралык мамилелер улуттук баалуулуктарга ылайык улуттук идеологияны сактоо, улуттун тилин, маданиятын, каада-салтын, о.э. анын үрп-адаттарындагы прогрессивдүү жактарды тарыхый прогресстин талаптарына ылайыкташтырып өнүктүрүү улуттун көрөңгөсүн сактайт. Ошол эле учурда улуттук баалуулуктарды сактоо көп этностун өкүлдөрү жашаган өлкөлөрдө чыр-

чатактуу көрүнүштөргө алып келип, этностор аралык пикир келишпестиктер менен конфликтерди жаратып жатат. Этностор аралык мамилени изилдөөнүн теориялык жана методологиялык негиздери дүйнөлүк саясий илимпоздордун илимий изилдөөлөрүнө таянуу менен улуттун саясий категория экендигин белгилөөгө болот.

Ал эми, Орусиянын президенти В.Путин 2012-жылдын январь айында жарыяланган макаласында: “Улутчулдук, диний көз караштын негизинде куугунтуктоо эң радикалдуу топтордун жана агымдардын идеологиялык негизи болуп калууда. Бул көрүнүш мамлекеттерди алсыратып, талкалап, коомду ыдыратат” деп белгиледи. 2018-жылдын октябрь айында Ханты-Мантийски шаарындагы жолугушусунда “Этностор аралык мамилелер бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси этностор арасындагы мамилелерге ката кетирүүгө болбойт жана ал кечирилгис” деп белгилеп бул багыттагы маселелерди ар тараптуу колдоого даяр экендигин билдирди. Улуттар ишинин федералдуу агенттигинин жетекчиси И.Баринов, Этнография комиссиясынын төрагасы окумуштуу В.Тишков этностор аралык мамилелер колдоого муктаж экендигин белгилеп Москва областына жакын аймактарда этникалык топторго тийиштүү тарыхый кварталдар бузулуп жаңы имараттардын курулуп жатканын айткан. Мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик тарабынан этностук топторго алардын тарыхый имараттарын сактоо аркылуу этностор аралык мамилелерге өзгөчө көңүл бурууну сунуштаган.

### 1.3. Этностор аралык конфликтерди изилдөөдөгү негизги багыттар

Этностор аралык конфликтерди изилдөө тандалган жана колдонгон методологиядан көз каранды. Этностор аралык мамилелердеги түрдүү процесстерди айкын изилдөө өзүнүн “социологиялык кубулуштун, маанилүү маалыматтар кырдаалынын өөрчүшүн, чогулган терс калыстыкты улуттар аралык жана улуттар ичиндеги мамилелерди изилдөөдөгү методду колдонууну талап кылат [2, 46 б].

Этникалык конфронтация кырдаалында саясий аракеттин жана таасирдин детерминанттары жөнүндөгү суроо жаралат. Демек субъектилердин саясий жүрүш-турушу жөнүндө анализдөөдө төмөнкүлөрдү эске алуу зарыл: биринчиден, жүрүш-туруштун максаты, аракеттин багытталуусу; экинчиден, “өзүмдүкү” жана “өзгөнүкү” деген критерийлердин чек арасы; үчүнчүдөн, субъект өзүнүн максатын канааттандыруу үчүн эмнеге баруугa даяр. Мына ушул жагдайлар этностор аралык кырдаалды изилдөөдөгү методологиялык критерийлердин негиздери болуп саналат. Этностор жана улуттар аралык конфликтерди изилдөөдө конфликт субъектисинин саясий активдүүлүгүнө баа берилип, тигил же бул коомдук тайпанын конфликтогендик мүнөзү аныкталат. Социалдык коомчулуктун конфликтик аныктамасын А.Когендик критерийлер менен “кайсыл жерде этностор аралык мамилеге өзгөчө көңүл бурулбаса, конфликтүү кырдаалды жаратат. Ошондуктан бул маселеге аяр мамиле кылуу зарылдыгы байкалат. Айрыкча этностук азчылыктын өзгөчөлөнгөн маданиятына, тилине, айрыкча өз мамлекетинде чоочун улут болбоосуна ар тараптуу өнүгүүсүнө, социалдашуусуна кам көрүү [97, 90 б]” керектигин белгилейт.

Негизинен эле конфликтүү кырдаалдын жаралуусу теңсиздиктен улам пайда болору тууралуу негиздер талаш-тартышты жаратпайт. Этностор аралык конфликтердин жана чыңалуулардын мазмунун терең карасак, тигил же бул этностун укуктары бузулганда же тилдик наразычылыктардын теңсиздигинен көрүнөт. Көп этностуу Өзбекстан менен Казакстан мамлекеттери латын

алфавитин колдонууну пландоолору, этностор аралык тилдик пикир келишпестиктер менен наразычылыктардын алдын алууга, этностор аралык саясий мамилени жөнгө салуу аркылуу мамлекеттин саясатын заманбап жол менен айкын башкарууга негиз деп белгилөөгө болот. Кошуна мамлекеттер өздөрүнүн мамлекеттик тилин башка этностор арасына латын алфавитин колдонуу аркылуу терендетип сиңирүү менен этностор аралык конфликтердин алдын алууга багыт алышты. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуунун объективдүү мааниси болуп бузулган укуктарды калыбына келтирүү, этностук көйгөй чөйрөсүндөгү адилеттүүлүктү, тең укуктуулукту камсыздоо саналат. Анткени, этнос көйгөйүнүн саясий – социалдык-экономикалык тамыры терең.

Этностор арасындагы конфликтерди изилдөөдөгү негизги жөндөлүштөрдү социологиялык чөйрөнүн микро жана макродеңгээлинде кароо зарылдыгын окумуштуу К.Исаевдин изилдөөлөрүндө төмөнкүдөй берилген: Биз Батыш Европанын жөндөлүштөрү Кыргызстандагы социалдык чөйрөнүн көйгөйлөрүн толук камтыйт деп айта албайбыз. Дициплиналар аралык багытты, тактап айтканда социологиянын инвайроменталдык, экоантропоборбордук парадигмаларын жана чыгыштын теориялык-методологиялык адатын да колдонуубуз зарыл. Бул глобалдуу өнүгүү байланышы үчүн келечектүү да көрүнүш. Экинчи жөндөлүш - социологияны түшүндүрүү. Бул социология социалдык таануунун процесси башка таанууучу процесстерден айырмаланат. Бул социалдык процесстин жаңы сапаты процесстин денгээли адамдардын кабыл алуу, түшүнүү жана жыйынтыгын чечмелөөгө байланыштуу. Үчүнчү жөндөлүш - бул баалоочу социология, ушул социологиянын чегинен чыкпаган социологдор бир гана чындыкты изилдөөгө умтулушпай, бул чындыкты ишмердүүлүктүн максаты менен байланыштырат. Бул ишмердүүлүктүн милдети - билимдин негизинин жардамы менен жагымдуу өзгөрүүлөрдү жаратуу [63, 17 б] экендиктери белгиленет.

Окумуштуу С.А.Кравченко белгилегендей мындай жөндөлүштүк ыкманын башатын К.Маркс өзүнүн тезистик көз карашы менен аныктаган.

Философтор түрдүү жол менен жашоону түшүндүргөн, аны өзгөртүү анын милдети болуп саналат [78, 19 б] деген жыйынтыкты белгилейт.

Этностор аралык конфликтердин саясий анализин изилдөө социологиялык изилдөөлөргө да таянат. Ар бир социалдык теория өзүнчө спецификалык обьективдүү чындыкты көргөзүп түрдүү коомдук жашоонун формасын чагылдыруу менен функциясын аныктайт. Ушул багытты изилдеген окумуштуулардын көз карашына таасир этет. Социология ар дайым өзүнө бир нече теорияларды жана ошого жараша түрдүү коомдук көз караштарды да камтыйт. Изилдөө методологиясы менен методикасында изилдөөнүн техникасына таасирин тийгизет.

Ошондой эле социологияда ар дайым билимди алуу жана жыйноо боюнча эки багыт бар. Биринчиси башынан эле байкоо методуна жана экспериментке багытталган. Мындай мектептин өкүлдөрү баары кабыл алган жыйноо жана эмпирикалык билим методун иштеп чыгышкан. Булар прагматикалык багытты камтышат. Башка теориялык багыт бул концептуалдык реалдуу социалдык жашоону максат кылган теория. Бул багыттарды бириктирүү жана карама каршылаш кылуу аракеттери ишке ашпаган. Социалдык билимди жогорулатуу эмпирикалык жана теориялык багыттарды бириктирүү менен ишке ашуусу мүмкүн [78, 19 б].

Үчүнчү группаны интегралдык жана бирикме парадигмалар түзүшөт. Социологиялык ойдун тарыхында структуралык жана түшүндүрмө парадигмалардын ортосундагы каршылыкты чечүү аракеттери болгон. Бул группага башка окумуштууларды структуралык жана интерпретивдүү парадигмаларды кошууга аракет кылган П.Бурды менен А.Гидденсти кошсо болот. Кошулган парадигмалар үчүн постнеклассикалык жаңы методология мүнөздүү. Ал эки өзгөчөлүктү камтыган уюштуруу системасын изилдегени багытталган. 1.Айлана чөйрө менен биригүү үчүн ачык болуусу керек. 2. Биригүүнүн негизинде ирettүү кыймыл жаралган. Бул методология А.Гидденс, И.Валерстойндын оюу боюнча азыркы коомду изилдегени жарамдуу. Постнеклассикалык методологияда синергетиканын жана катнаш

(относительности) теориясынын жетишкендиктери аккумуляцияланган. Коомдук система учурда синергетиканы колдонуу коомдогу сапаттуу өзгөрүүлөрдү изилдөөгө жардам берет [78, 24 б] деп токтолгон.

Функционалдык көз караш боюнча этносаясий конфликтердин структурасында теориялык жана практикалык денгээлдеги изилдөөнү бөлүп карашат. Функционалдык ыкма бир гана таанып билүү максатын конфликтологияны чагылдырбай анын практикалык маселелерди чечүүсү менен этникалык мамилелерде жаралган механизмдердин технологиясын да камтыйт. Теориялык денгээлдеги этносаясий конфликтологиянын негизги маселеси болуп категориялык түшүндүрүү аппаратын жана фундаменталдуу изилдөөнү ишке ашыруу болуп саналат. Ал этносаясий конфликтин спецификалык жаралышынын себебин тенденциясын ачууга багытталган. Практикалык денгээлде этносаясий конфликтологиянын маселеси конкреттүү этносаясий конфликтин ситуациясын карап чыгуу [10, 34 б] деп берилген. Негизги практикалык конфликтологиянын багыты конкреттүү рекомендацияларды жана алардын эффективдүүлүгүн ашыруусун чечмелейт. Практикалык конфликтология конкреттүү ситуацияда оптималдуу чечимди жана конфликтешип жаткан тараптарга таасир этүүнүн эффективдүү ыкмаларын тартуулайт [10, 35 б].

Аймактагы этностор аралык мамилени социологиялык изилдөөгө алган окумуштуу Л.М.Дробижева белгилегендей  социологиялык изилдөө калк үчүн жеткиликтүү жөнөкөй тил менен берилүүчү теориялык түшүнүктөр болуп, анда эки деңгээл бөлүнүп көрсөтүлгөн;

- институционалдык (республикадагы, республикалар аралык, макросоциалдык шарттагы, инсандар жана топтор аралык мамиледе таасир этүүчү байланыш борбору)
- топтор, инсандар аралык (улуттар аралык мамиле социологиясынын, этносоциологиянын түздөн-түз кызыкчылык областы болуп саналат).

Этностук жана конфессионалдык мамилени изилдөө менен эске алынуучу нерсе этникалык топтор, этностор түздөн-түз сүйлөшүүгө мамилелешүүгө

катыша алышпайт. Ошого байланыштуу социологиялык изилдөөдө эске алынуучу нерсе расмий документтер түздөн-түз байланыш жана мамиле жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланат. Ошондуктан ар кандай илим этностор аралык мамилени өзүнүн предмети катары изилдеп өз позициясын сунуштайт [15, 184 б].

1990-жылдардын ортосунда конфликтологдор этносаясий конфликтердин чечилишине жана жөнгө салууга көбүрөөк көңүл бөлө башташты. Арасынан эң маанилүү багыттардын стратегиясын белгилей кетүү керек, ал этноконфликти токтотуу, конфликтен чыгуу, жөнгө салуу, трансформациялоо, механизмдери жана анын деструктивдүү күч колдонбоо жыйынтыктары. А.Р.Аклаев белгилегендей, XXI кылымдын башталышы менен этносаясий конфликтология жаңы этапка өткөн. Миграция, Эл аралык терроризм, ксенофобиянын жана этностук расизм аркылуу болгон этностук жиктешүүлөрдү [10, 472 б] белгилөөгө болот.

Этностор аралык конфликтерди изилдөөдө этносаясий конфликтология өзгөчө орунду ээлейт жана аны экиге бөлүп караса болот. Ошондой эле, этностор аралык конфликтерди изилдөөдө этникалык стратификациянын өбөлгөлөрү менен себептерине токтолуу кажет. Баардык мамлекеттерди эки топко бөлүүгө болот. Биринчи топко моноэтникалык мамлекеттер кирет – бул мамлекеттин аймагында бир эле этностор жашайт. Экинчи тайпага полиэтностуу мамлекеттер кирет – бул мамлекеттин аймагында эки же андан көп этностор жашашат. Дүйнөдө моноэтникалуу мамлекеттер Люксембург, Исландия, Норвегия, Португалия сыяктуу анча чоң эмес мамлекеттер. Дүйнөнүн басымдуу бөлүгүн полиэтностуу мамлекеттердин баарында этникалык стратификациясынын орду сакталган.

Этникалык стратификация - бул коомдогу этникалык топтордун институционалдык теңсиздиги [206, 25 б]. “Институтционалдык термини этникалык мамилелердин жашоо системасын билдирет, б.а ар түрдүү этникалык топтордун арасында ресурстун (каражаттын) тең эмес бөлүнүүсү. Мындай ресурстарга экономикалык ресурс болуп саналган жер, суу, кен

байлыктар, саясий бийлик, социалдык тейлөө мүмкүндүктөрү (билим алуу, жумуш ж.б.) кирет. Туура бөлүштүрүү мыйзамынын бузулуусунун натыйжасында этникалык топтордо теңсиздик келип чыгат. Мындай теңсиздик кокусунан жаралбайт. Ар кандай этникалык топ этникалык жактан стратификацияланган коомдо өзгөчө статуска ээ.

Ошол аталган статус этностун ресурска болгон мүмкүндүгүн аныктайт. Бул этникалык тайпанын этникалык көпчүлүккө же этникалык азчылыкка кирүүсүнөн көз каранды. Коомдо үстөмдүк абалын ээлеген жана ресурсту пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ этникалык топ этникалык көпчүлүк болот. Этникалык көпчүлүк мамлекетте дайыма эле көпчүлүк санды бербейт, тескерисинче аз санда да болушу мүмкүн. Мындай шартта анын статусунун негизи критерийи коомдогу үстөмдүк абалы жана ресурска болгон мүмкүнчүлүгү менен аныкталат.

Этностор аралык конфликтерди ички колониализм теориясы менен окумуштуу Ч.Чотаеванын изилдөөлөрүндө: ички колониализм теориясы ошол эле өлкөнүн ичинде басымдуулук кылган топко [126, 59 б], этникалык азчылыктын баш ийүүсүнө токтолгон. Мындай шартта басымдуулук кылган топ колонизатор сыпатында же колониялаштырган топ болуп калат. Колонизатордук (же көпчүлүк) тайпа этникалык азчылыкты эксплуатациялайт жана баш ийдирет, ресурстарды контролдойт. Белгилей кетүүчү нерсе, ушул теорияга ылайык бир этникалык топтун экинчи этникалык топтун үстүнөн болгон үстөмдүгү жана таптык эзүүсү бири-бири менен тыгыз байланышта. Полиэтникалык коомдогу этникалык топтор аралык теңсиз мамиледе бир эле этникалык келип чыгуусу эмес таптык келип чыгуусу да эске алынат. Этникалык көпчүлүк коомдо эрежеге ылайык төмөнкү социалдык статуска ээ болгон этникалык азчылыкка салыштырмалуу сыймыктуу орунду ээлейт. Ошондуктан этникалык көпчүлүк жана этникалык азчылык аралык мамиле жогорку статуска ээ үстөмдүк абалындагы этникалык көпчүлүк жана төмөнкү статуска ээ баш ийүүчү этникалык азчылык аралык мамиле катары калыптанат [126, 59 б] деп белгилеген.

Этникалык көпчүлүккө көз каранды абалында болгон этникалык топтор этникалык азчылыктар болот. Эсептөөгө ылайык мындай этникалык тайпанын саны дайыма эле аз санда болбойт. Белгилей кетүүчү нерсе этникалык топтун статусу конкреттүү шартка жараша өзгөрүүсү мүмкүн. Мисалы, тоталитардык Советтик доордо кыргыздар этникалык азчылыкты түзүп, ресурсту пайдалануу мүмкүндүгү чектелип орус калкына баш ийүү абалында болгон. Ал эми Советтер Союзу кулап Кыргызстан көз карандысыздыкты алган соң мамлекетке аты берилген кыргыз этносу өздөрү этникалык көпчүлүктү түзүп калышкандыгы белгилүү. Изилдөөчүлөр этникалык көпчүлүктү үстөмдүк кылуучу тап катары, ал эми этникалык азчылыкты баш ийүүчү тап катары карашат. Ошого карабастан алар бул терминдин маанисин чечмелөөдө өтө этият мамиле кылышат. Андан сырткары азыркы этностор аралык мамилени изилдөөчүлөр жогорудагы узак тарыхы бар терминдерди “этникалык көпчүлүк” жана “этникалык азчылык” деп колдонуп келишет.

Тоталитардык же авторитардык режим мезгилинде мындай азчылыктардын болушу моюнга алынбайт же аномалия катары мамиле жасалат. Демократия, саясий плюрализм шарттарында саясий азчылыктын укугу таанылат, бирок алардын уюмдашуу же кызыкчылыгын көздөгөн саясий партия же кыймылдарды түзүү мүмкүнчүлүктөрү талаш мүнөзгө ээ болуусу мүмкүн.

БУУнун бир катар Декларациялары [152], 1978-ж. 27-ноябрынын раса жана расалык көз караш жөнүндө, массалык маалымат каражаттарынын адам укугунун жана расизм, апартеидке каршы күрөштүн өнүгүүсүнө, тынчтыкты жана Эл аралык өз ара түшүнүүнү бекемдөөдө кошкон салымынын негизги принциби жөнүндө ж.б. бар. Жалпы кабыл алынган элдердин же коллективдин укугун коргогон тизме жок. БУУнун катышуучу мамлекеттеринде өз аймактарында адам укугуна шек келтирип күч колдонууга багытталган идеялардын үгүттөлүшүнө жол берилбейт.

Бардык эле өлкөлөр алардын катышуучулары эмес улуттун укуктук-ченемдик актыларында түрдүү башкысы сөз эркиндигинин укугунан алып салууну актай турган так ачык критерийлер жок. Этникалык азчылыктын укугу

көйгөйлөрүнүн башка да аспектилери бар болуп көз караштары сыртынан таң каларлыктай болгону менен чыныгы кызыкчылыктарды жана коомдун алдында турган маселелерди чагылдырат. Бул кызыкчылыктарды саясий чагылдырууга тыюу салуу алардын аракеттеринин “ачык зордук, зомбулук” түрүндө чыгуусуна алып келет. Этностук жана диний азчылыктын өздөрүнүн статусуна наарazy болушунун күрөшү пайда болуп келе жаткан кыймылдын чегинде экстремисттик фракциялардын пайда болушуна алып келүүсү да мүмкүн, мисалы: Ольстердеги Ирландиялык республикалык армия, АКШнын негритиандык кыймылындагы “Кара кабыландар (Черные пантеры)”. Кээде алар зордук-зомбулук жана террор жолуна да түшкөн учурлар кездешет.

Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда, бүткүл кыймылды экстремисттик мыйзамдан тышкары деп кабыл алып, пайда болгон маселени күчкө салып чечүү аракеттери чанда гана өз жыйынтыгын берет. Тескерисинче, кыймылды саясий легалдаштыруу анын чегинде талаптары диалогдун предмети болгон мэлүүн фракцияларды ачууга мүмкүндүк берет. Азыркы дүйнөлүк саясаттын негизин жалпы адамдык баалуулуктар жана моралдык-этикалык нормалар түзүүсү абзел [193, 12 б]. Анткени, бардык индивиддер мыйзам алдында бирдей укук милдеттерге ээ.

Эл аралык укук коргоо басылмаларында басмырлоону коргоо принциптери көпчүлүк учурда жеке жаранга кабыл алынгандыгын билдиришет. Ошону менен бирге бул укуктар жарандарга туулганынан эле тийиштүү болуп, бардык жарандарга бирдей берилип, бөлүшүүгө мүмкүн эмес. Ал эми этностук азчылыктын укугу, Эл аралык нормаларда этностук азчылыктын укуктарын коргоо алардын бейпилдигин, теңдүүлүгү менен эркин сөз эркиндигин, этностук тиешелүүлүгүн, маданиятын, тилин, дин эркиндигин колдоо болуп саналат. БУУ тарабынан “этностук азчылыктардын укугун коргогон” документ кабыл алынган эмес. Жалпыланган 1966-жылы кабыл алынган Эл аралык пактыда “Мамлекеттерде жашаган этникалык, диндик, тилдик азчылыктарга башка топтордогудай эле маданиятын, динин сактоого жана талаптарын аткаруу менен өздөрүнүн тилин колдоно алышат” деп берилген.

Демек, бардык эле өлкөлөрдө жалпы мамлекет түзүүчү калктын укуктары мыйзам чегинде бирдей корголсо этностор аралык чыр-чатактар кайдан чыгат? - деген суроо пайда болот. Анткени конфликт саясий жана социалдык чөйрөдөн бөлүнүп каралбайт. Курчап турган айлана-чөйрөнүн сапаты жана анын динамикасы бир топ көрүнүштөрдү аныктайт дал ушул мезгилде жана ушул аймакта конфликтин пайда болушу мүмкүнбү, ал курчап турган чөйрөгө кандай объективдүү ролду ойнойт? Курчап турган чөйрө жана мезгил, мындай конфликтүү көрүнүштөр советтик мезгилде да кездешкендиги белгилүү, айрыкча анын ыдыроо улуттук республикалардын көз карандысыздыкты алган мезгилдерине жакынкы убактарда ачыкка чыкты. Бул багытта тегерек столдор уюштурулуп ага катышкан катышуучулардын пикири боюнча “Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештигиндеги” (КМШ) конфликтер, изилдөө методологиясынын кээ бир маселелери, болуп өткөн конфликтерди жана конфликтүү көрүнүштөрдү саясий өңүттөн анализдөө каралган. Алардын мүнөздүү белгилерине, катышуучуларына, объективдүү жана субъективдүү таасирлерге карап төмөндөгүдөй типтерге бөлүүгө боло тургандыгын сунуштаган илимпоздор бар. Этностордун байыркы ата-бабалары жашап өткөн аймактарды калыбына келтирүү максатында территориялык жаңжалдарга барат. Анын булактары болуп ички саясий күч менен өкмөттүк бийликтин карама-каршылыгы [21, 22 б] башкача айтканда саясий же коңшу мамлекеттин согуштук күчүнө таянган ирредентистик жана сепаратисттик топтордун улуттук-боштондук кыймылдарынын бир бөлүгү. Анын классикалык мисалы катары тоолуу Карабах жана Осетиянын түштүгүндөгү кырдаал этникалык азчылыктын көз карандысыз мамлекетти түзүү аракеттеринин натыйжасында пайда болгон чыр-чатактуу көрүнүштөр. Мындай абал Абхазияда жана Приднестровьдо (гагауздарда) кездешкен. Депортацияланган калктын территориялык укуктарын калыбына келтирүүгө байланышкан конфликтер болгон (Пригородный району үчүн осетин жана ингуштардын ортосундагы талаш-тартыш).

Этностор аралык конфликтерди изилдөөдө, кайсы бир мамлекеттин коңшу мамлекет менен такталбаган чек арасындагы конфликтер да кездешет. Маселен, Эстония менен Латвияга жакын жайгашкан Псков областынын райондорун кошуп алууга аракеттенүүсү болгон. Белгилүү болгондой бул аймактар эки мамлекетке тең таандык болгон, ал эми 1940-жылдан кийин РСФСРдын курамына кирген. Экономикалык кызыкчылыктардын натыйжасындагы кагылышуулар башкача айтканда башкаруучу саясий элитанын кызыкчылыгынын жогору турушу, тарыхый факторлордун негизиндеги конфликтер, тактап айтканда, метрополияга каршы көп жылдык улуттук-боштондук күрөштөр (Орусия бийликтериндеги жана Кавказ элиндеги конфрантация жана конфедерациянын ортосунда). Башка республиканын аймагына көп мезгил мурда депортацияланып келген элдердин конфликтүү көрүнүштөрү. Мындай көйгөй Өзбекстандагы месхетиндик түрктөр менен Казакстандагы чечен менен жергиликтүү калктын ортосунда кездешкен.

Этностор аралык мамиледе саясий факторлордун чоң ордун өзүнүн изилдөөлөрүндө, окумуштуу Н.А.Омуралиев; - “Этностор аралык мамилеге таасир этүүчү факторлор болуп төмөнкүлөр эсептелет: мамлекеттик түзүлүштүн формалары жана принциптери, саясий түзүмдүн мүнөзү, мамлекеттин улуттук саясатынын тиби. Бул унитардык же федеративдүү мамлекеттик түзүлүштүн формасына таасир этет [93, 39 б]” деп белгилейт. Көптөгөн окумуштуулар федеративдүү түзүлүш этностор аралык конфликтердин алдын алуусун колдошот. Чынында, этностор аралык мамиленин оң жана терс жагдайларына саясий фактор өтө чоң таасир тийгизет жана ошондой эле саясий элитанын да таасири жогору экендигин баамдоого болот. Анткени саясий элита ар кандай катмарынын, анын ичинде этностук азчылыктын, полиэтностордун кызыкчылыктарын саясий көрсөтмөлөрдө бириктирип, кармап жана чагылдырып турганга керек болгон чоң көлөмдөгү саясий бийликти өз колдоруна топтойт. Саясий максаттарын ишке ашыруу механизмин түзгөн салыштырмалуу анча чоң эмес социалдык топ. Мындай социалдык топтордун этностук азчылыкка тийгизүүчү таасирлери “этностор

аралык мамилелерди өнүктүрүүдө элита бир топ функцияларды аткарат: 1) “кастык” же толеранттуулук идеясын маселе катары коюусу; 2) элдешүү, тоскоолдуктарды алып салуу, фаворитизм стимулу жана башка багыттагы саясатты иштеп чыгуу; 3) этностор аралык түзүмдөрдү жана стереотиптерди калыптандырууда негизги ролду ойногон массалык маалымат каражаттарынын ишмердүүлүк багытын позитивдештирүү; 4) билим берүү программасын аныктоо; 5) үлгүлүү жүрүм-турумдук кызмат [93, 40 б]” деп белгиленет.

Акыркы мезгилдерде, этностор аралык конфликтердин географиясы улам кеңейип бара жатат. Кээ бир учурларда этностор жана конфессиялар аралык конфликтерге жаңы мамлекеттердин кошулушу, дүйнөлүк аренада деструктивдүү тышкы күчтөр бар экендигин да далилдейт. Андай күчтөр мамлекетти талкалоо менен башаламандыкты уюштуруп мүлк менен жерди кайра бөлүштүрүү, аймактарда туруксуздукту жаратып келген учурлар бар деп божомолдонот.

Этностор жана конфессиялар аралык проблемаларга тынчсыздануу Бириккен Улуттар Уюмунун документтеринде дагы чагылдырылып келет. Массалык маалымат каражаттарында АКШнын экс президенти Барак Обама “Учурдагы эң опурталдуу коркунуч – расалардын жана диний көз караштардын негизинде мамлекеттер ортосунда жаңжал жаратуу [12, 306 б]” деп белгилеген.

Айрым бир объективдүү жана субъективдүү себептерден улам жогоруда каралган дүйнөлүк негативдүү тенденциялар Кыргызстанда да кездешти. Этностор аралык көйгөйлөр көп жылдар боюу курч мүнөздө болгон. Анын негизги себеби - аймактын социалдык, экономикалык жана саясий туруксуздук абалы болгон. Тилдин, тарыхтын жакын экендигине жана кылымдар бою кыргыз менен өзбек этностору бирге жашоо тажрыйбасына ээ болгондугуна карабастан, бири-биринин кызыкчылыктарын сыйлоонун, ар кандай коркунучтарга жана сыноолорго биргелешип туруштук берүү, биримдик ыкмаларын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик бийлик жана жарандык коом менен бирге иш алып барбагандыгын турмуш көрсөттү.

Акыркы жыйырма сегиз жыл ичинде тажрыйба көрсөткөндөй өлкөнүн түштүгүндөгү кыргыз жана өзбек этносторунун ортосунда тирешүү пайда болуп, узак убакытта калыптанган окшош маданият, каада-салт унутулуп, ич ара таарыныч менен пикир келишпестик күч алган. Тилекке каршы, кыргыз жана өзбек этностору руханий жана маданий дөөлөттөрү өз ара түшүнүшүүгө жетише алган эмес. Өлкө жарандарынын көптөгөн жашоочулары Кыргызстандын бирдиктүү элине тиешелүү экендигин түшүнгөн жок [12, 306]. Мезгил-мезгили менен этностор аралык карама-каршылыктар басаңдап калгандыгы байкалганы менен социалдык-экономикалык көйгөйлөр курчуган мезгилдерде улутчулдуктун жана сепаратизмдин күчөгөндүгү байкалып кыргыз жана өзбек этносторунун жамааттарынын ортосундагы мамилелеринде жарака улам тереңдеп келген.

Советтик доордо административдик рычагдар менен бийлик негизинен кыргыз этносунун өкүлдөрүнүн колунда болгондугу, ал эми материалдык байлыктар өзбек этносторунун өкүлдөрүнүн колуна топтолгондугу да эки тараптын ортосундагы нааразычылыкты күчөтүүгө түрткү болгон. Суверендүү мезгилде ушул тенденциялар тереңдеди. Этностук жамааттын лидерлери мамлекет алсырагандыгын пайдаланып бийликке өз талаптарын коюп, басымын күчөтүшкөн. Бир тарап экинчи тараптын ресурстарын ээлеп калууга аракеттенип, экинчи тарап сепаратисттик ураандарды көтөрүп, автономияны талап кылган учурлар чыккан.

Этноконфликтердин келип чыгуусунун тарыхый шарттарын анализдеп көрсөк эгемендүүлүк мезгилинин жакындап келүүсү менен, кыргыз аймагына демократиялык принциптер да жайыла баштады. Кыргызстандагы социалдык-экономилык проблемаларды чечүү максатында көптөгөн саясий бирикмелер пайда болгондугун тарых барактары төмөндөгүдөй тастыктайт: “1988-жылдын июнь-июль айларында Москва шаарында өткөн, акыркы XIX Бүткүл Союздук саясий конференциясында, бийликти демократиялык жол менен бөлүү жана бирдиктүү күчтүн кулоосун кабыл алган. Бул принциптердин негизинде укуктук жаңы мамлекеттерди демократиянын негизинде түзүү болгон. Батыш

менен Балтика мамлекеттеринин коомдук саясий активи Кыргызстанга да таасирин тийгизди.

1989-жылы Ош шаарында түзүлгөн бейформал “Адолат” (Акыйкат) улутчулдар кыймылы Кыргызстандын аймагында өзбек тилинин жана маданиятынын сакталуусуна басым жасаган. 1990-жылдын 2-мартында Жалал-Абад шаарынын өзбек улутунан 23 активист жашыруун сепаратисттик аракеттери менен СССР Жогорку Советинин Улуттар Кеңешинин төрагасы Р.Нишановго, Бүткүл Союздук Известия газетасынын редакциясына, Кыргызстан коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы А.Масалиевге ошол кездеги Ош облусунун өзбек калкы чогуу жашаган жерге  токтоосуз автономия берүү талабы менен кайрылышкан. Кайрылууда өзбектердин укуктары жана эркиндиктери кысымга алынгандыгын, ошондой эле республиканын түштүк аймагында жетекчи кадрларынын арасында кыргыз улутундагы адамдардын басымдуу экендигине белгилеп көрсөтүшкөн. Ал эле эмес түндүк кыргыздары түштүк кыргыздарын “сарттар” дешип өздөрүнөн оолактатышаарын да белгилешкен [99, 110 б].

Ал эми Ош шаарында 1990-жылдын май айында батирлерде жашаган кыргыз жаштары тарабынан түзүлгөн “Ош аймагы” уюму  саясий талап койгон “Адолаттан” айырмаланып кыргыздардын социалдык-экономикалык турмушун жакшыртууну, жер участоктору менен камсыз кылуу аркылуу, кыргыз жаштарынын турак-жай маселелерин чечүүнү талап кылып кайрылышкан. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул түзүлгөн өкмөттүк эмес уюмдардын түзүлүү максаттары этностор аралык конфликт уюштуруу эмес эле. Көйгөйлөрү менен кызыкчылыктар жарандарды бир топко чогулуусуна алып келген.

“Ош аймагы” лидерлеринин кайрылуусуна Ош облусунун жетекчилигинин буйругу менен (Ү.С.Сыдыков) шаарга канаатташ жайгашкан Ленин колхозунун жеринен жеке үй куруу үчүн жер үлүшүн бөлө баштаган. Мындай чечим  өзбек этносунун өкүлдөрүнүн наразычылыгын жаратып, жергиликтүү бийликтин чечимине каршы чыгып, жагдайдын курчушуна түрткү берген. Мындай шарттарда республиканын жетекчилиги да, облустун бийлиги

да кырдаалдан чыгуунун жолун таба алган эмес. Натыйжада 1990-жылдын 4-июнунда Ош жана Өзгөн шаарларында, канатташ 30 айылда масштабдуу кандуу кагылышуулар болгон. Ош облусуна СССРдин Куралдуу күчтөрүн киргизгенден кийин гана баш аламандыктар токтотулган.

**Биринчи главанын жыйынтыгы**

1. Этностор аралык мамилелерди изилдөөдө дүйнөлүк жана ата мекендик .окумуштуулардын этноско, этникалык топко, улутка берген аныктамалары иликтенди. Этностор аралык мамилелер жогоруда белгиленгендей, этнос, этникалык топтун келип чыгуусунун методологиялык негиздерине, концепцияларына таянуу менен белгиленди.
2. Улут, улуттун келип чыгуусу этнос, этностук топтун кийинки заманбап саясий аныктамасы экендиги белгилүү болду.
3. Республиканын түштүгүндө болуп өткөн этностор аралык конфликтердин айрым себептери иликтенди.
4. Тоталитардык же авторитардык режим мезгилинде мындай азчылыктардын болушу моюнга алынбайт же аномалия катары мамиле жасалат.
5. Демократия, саясий плюрализм, шарттарында саясий азчылыктын укугу таанылат, бирок алардын уюмдашуу же кызыкчылыгын көздөгөн саясий партия же кыймылдарды түзүү мүмкүнчүлүктөрү талаш мүнөзгө ээ болуусу мүмкүн.
6. БУУнун бир катар Декларациялары 1978-ж. 27-ноябрынын раса жана расалык көз караш жөнүндө, массалык маалымат каражаттарынын адам укугунун жана расизм, апартеидке каршы күрөштүн өнүгүүсүнө, тынчтыкты жана Эл аралык өз ара түшүнүүнү бекемдөөдө кошкон салымынын негизги принциби жөнүндө маалыматтар бар. БУУнун катышуучу мамлекеттеринде өз аймактарында адам укугуна шек келтирип, күч колдонууга багытталган идеялардын үгүттөлүшүнө жол берилбейт.

7. Өлкө жарандарынын көптөгөн этникалык топтору Кыргызстандын бирдиктүү элине тиешелүү экендигин түшүнгөн жоктугун баса белгилеп кетүү керек
8. Акыркы жылдары этностор аралык карама-каршылыктар басаңдап калгандыгы байкалганы менен социалдык-экономикалык көйгөйлөр курчуган мезгилдерде улутчулдуктун жана сепаратизмдин күчөгөндүгү байкалып кыргыз жана өзбек этносторунун жамааттарынын ортосундагы мамилелеринде жарака кетип анын натыйжасында чыккан конфликтерди жөнгө салуу бийликтин башкаруу органдарынын байма-бай саясий иш-чараларды жүргүзүү, түшүндүрүү иштерин жасоосу абзел жана этникалык топтор ушул маселелерге муктаж.

# II БАП. ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТИН ОРДУ

## 2.1. Кыргыз Республикасындагы этностор аралык мамилелердин өнүгүшүндөгү мамлекеттик саясаты

Кыргыз Республикасындагы этностор аралык мамилелердин түзүлүшү, мамлекеттин саясаты, демократиялык процесс менен байланышта турат. Этностор аралык мамилелердин өнүгүшү көп баскычтуу саясат. Анткени мамлекет ишеничти калыбына келтирүүгө, жараштырууга, айрыкча ачык конфликтен кийин калыбына келтирүүдө, өз ара кызматташуусунда, бардык этникалык топтордун укуктарын коргоодо, стабилдүүлүктү орнотууда жана туруктуу өнүгүүгө багыт алууда негизги орунда турат. Кыргызстандын Конституциясында да; "Биз, куттуу Кыргызстандын эли [156, 1 б.]" деп башталып, өлкөдөгү бардык жарандарга этностук өзгөчөлүгүнө карабастан бирдей укук-милдеттерге ээ экендиги тастыкталган. Ошондой эле мамлекетте жашаган этностук азчылыктардын өз тилдерин сактап калуусу да мамлекеттин баш мыйзамында көрсөтүлүп мамлекеттик тил катары кыргыз тили, расмий тил – орус тили этностук азчылыкка таандык башка тилдерин сактоо мамлекет тарабынан кепилдикке алынган, мамлекеттик жана расмий тилди билбегендиги үчүн куугунтукталбайт, мамлекеттин аймагында жашоочу бардык жарандар бирдей укук, милдеттерге ээ. Жалпы жонунан жеке укук жана эркиндиктер, адамдын жана атуулдун эркиндиктери, атуулдун коомдун иштерин башкаруу укугу, социалдык-экономикалык укуктар, социалдык-маданий укуктар, адамдын жашоого, бедел-баркка болгон укугу, дин тутуу, ой-пикирин эркин билдирүү, эс алууга укуктуулугу, эне менен балага болгон кепилдиктин мамлекет тарабынан корголушу, медициналык жардам алуу укугу этникалык өзгөчөлүгүнө карабастан баарына бирдей каралган.

Этностор аралык мамилени жакшыртуу жумуштарына өзгөчө маани берилип келет. Аймактардын туруктуу өнүгүүсүнө, жергиликтүү жамаат

ичиндеги ынтымак менен биримдик даанакер болот. Этностор аралык конфликт жөнөкөй саясий процесс эмес. Мындай конфликтердин мамлекет түзүүчү жалпы Кыргызстан элине олуттуу терс таасирин тийгизүүсү, мамлекетте жашаган бардык жарандарыбыз үчүн  айрыкча келечек муун үчүн чоң саясий жана тарыхый сабак болуусу зарыл.

Этностор аралык мамилелердин курчушу СССРдеги 1985-жылдан башталган кайра жаралуу процесси, Кыргызстанда улуттук демократиялык кыймылдын пайда болушуна алып келди. 1989-жылы “Ашар” кыймылы түзүлүп, Кыргызстан демократиялык кыймылы (КДК) пайда болгондон башталган. Ал эми 1990-жылы 26-майда өзүнүн уюштуруу жыйынында КДК деп жарыяланып  37 пунктан турган программасын кабыл алууга жетишкен [11, 401 б]. Программа Кыргыз Республикасын эгемендүү деп кабыл алууну, Конституцияны иштеп чыгууга, президенттик башкаруу бийлигине өтүүсүнө, кыргыз тилин мамлекеттик тил катары кабыл алуу маселелери каралган. Талапкерлердин кыргыз тилин билүүсү, жогорку окуу жайлардын бюджеттик орундарга өтүүдөгү артыкчылыктардын берилүүсү да туура кабыл алынган чечим болуп саналат. Жогорудагы программада кабыл алынган кыргыз тилин мектептерде, мектепке чейинки бала бакчаларда окутуу, улуттук баалуулуктар менен мурастарды кайрадан жандандыруу сыяктуу маселелердин көтөрүлүшү улуттук идеологиянын жаралуу башаты болду. “Асаба” улуттук кайра жаралуу партиясы сыяктуу өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан өздөрүнүн программасынын максаттары менен милдеттерин түзүүдө улуттук идеологияга басым жасагандыгы негизги максат катары биринчи кезекте адамдын укугу эмес, улуттун укугун койгондугу жаңылыштыктарга алып келгендигине тарых өз баасын берген.

Беш жылдын аралыгында эки революцияны башынан өткөргөн Кыргызстан башкаруунун жаңы формасына багыт алгандыгы көптөгөн Эл аралык өнөктөштөрдүн тынчсыздануусун жараткан. Мындай жагдай терс мамиле жаратып, саясий багытынан баш тартуу үчүн Кыргызстанга кысым жасала баштаган. Тышкы күчтөр өлкөнүн ичиндеги саясатчылар менен

соодалашууну баштаашты. Соодалашууга барган саясатчылар өлкөнүн эгемендүүлүгүнө коркунуч жаратып жаткан улутчул-сепаратизмди эске албай калышкан.

Өзбекстан Республикасынын экс Президенти И.А.Каримов 2010-жылдагы этностор аралык конфликтке үчүнчү тараптын күчтөрү кызыкдар болгон деген пикирди 2010-жылдын 21-сентябрында БУУнун Генералдык Ассамблеясында: “Республиканын түштүгүндө жашаган кыргыздар дагы, көп сандагы өзбек жааматы дагы үчүнчү күчтөрдүн терең иштеп чыккан мыкты уюштурулган акциясынын курмандыгы болду деп айтууга толук негиздер бар” деп токтолгон.

Ал эми эгемендүүлүктү алгандан бери мамлекет тарабынан этностор аралык биримдик менен ынтымакты калыптандыруу багытында, Кыргызстан калкынын ассамблеясы - Кыргызстандын элин түзгөн этностук топтордун улуттук кызыкчылыгын көздөгөн коомдук уюм түзүү колго алынган. 1994-жылдын 21–22-январында Бишкек шаарында Кыргызстан элинин 1-курултайы уюштурулган. Кыргызстан калкынын ассамблеясынын курамында 2003-жылдын 1-январына карата 29 этностук маданий борбор жана коомдук бирикмелер [93, 222 б.] катталган. Ассамблеяда Европа Коопсуздук жана Кызматташтык Кенеши менен Эл аралык уюмдардын жана улуттук маданий борборлорунун (УМБ) катышуусу менен Эл аралык семинарлар өткөрүүсү каралган. Кыргызстан элинин ассамблеясы тил жана этностук маданиятты өнүктүрүү боюнча иш чараларды жүргүзөт деп жазылган. Ар бир этностук маданий борборлордо өздүк көркөм чыгармачыл жамааттары уюштурулган. Кыргызстанда этностор аралык ынтымакты сактап, аны өркүндөтүүдө УМБнын өзгөчө маанилүү орду бар жана мамлекет тарабынан колдоого алынган. УМБ үчүн 1994-жылы 26-сентябрда Бишкек Достук үйү ачылган.

Кыргызстан элинин ассамблеясы – өлкө турмушунда өз орду бар, этностор аралык мамилелердин жакшыруусуна таасири чоң уюм. Ал этностор аралык мамилелерди жөнгө салып, өлкөдөгү ынтымак менен биримдикти бекемдей турган бардык этностордун маданий өзгөчөлүктөрүн сактай ала

турган жарандык институт. Ассамблеянын аймактык бөлүмдөрү да иштейт. Тилекке каршы, анын мүмкүнчүлүктөрү толук пайдаланылбай келет.

Кыргызстан элинин ассамблеясы акыркы жылдары негизги багытынан алыстап, саясатка көбүрөөк ыктап, көмүскө күчкө айланып баратканы байкалган. Ал тургай айрым улуттук борборлор кимдир бирөөлөрдүн бизнесине калканч болуу кандайдыр бир кызмат орундарына карата жашыруун сүйлөшүүлөрдү колдонула баштагандыгын кээ бир эксперттер божомолдошкон. Анын себеби баягы эле бийликтин жеке позициясын бекемдөө, ар кандай саясий же шайлоо өнөктүктөрдүн маалында добуш алуу үчүн пайдаланылгандыгын [150] белгилөөгө болот. Этностук азчылыктардын колдоосуна ээ болуу үчүн этностук борборлордун жетекчилиги менен саясий соодалашуу жасоо жосундары  кездешкен. Ассамблеянын коомдогу ордун бекемдөө жана этностор аралык мамилени жакшыртуу учур талабы. Ассамблея этностор аралык саясий мамилелерди жакшыртууга кеп-кеңеш берүүчү, этностор аралык конфликтерди алдын алууга багытталган иш чараларын өткөрүүчү орган катары уюшулгандыгы белгилүү. Тынчтыкты сактоо жана этностор аралык ынтымакты бекемдөө, этникалык саясат жана коомдук биримдик боюнча концепция долбоорлору иштелип чыгып коомчулуктун талкуусунан өткөн. Ушул концепциялар этностор аралык системалуу саясат жүргүзүүгө, мамлекеттин коопсуздугун бекемдөөгө, этностор аралык мамилелерди жакшыртуу багытында алдын алуу иш чараларын жүргүзүүсү каралган.

Кыргызстандын түштүгүндө этностор аралык көйгөйлөр көп жылдардан бери курч мүнөзгө ээ болгондугу белгилүү. Анын негизги себептери - аймактардагы социалдык жана экономикалык абалдардын [172] төмөндүгү. Көп кылымдар боюу кыргыз жана өзбек этникалык топторунун бирге жашоо тажрыйбасына ээ экендигине карабастан, ар кандай коркунучтар менен сыноолорго биргелешип туруштук берүүнүн натыйжалуу ыкмаларын мамлекеттик бийлик жана коомчулук иштеп чыга алышкан эместиги ачыкталды.

Мезгил көрсөткөндөй өлкөнүн түштүгүндөгү жумурай журттун кыргыз жана өзбек этностук топторунун ортосунда келишпестик пайда болуп, узак убакыттарда калыптанган маданий каада-салт унутулуп, өз ара таарынычтар күч алган. Мындай абалда кыргыздар менен өзбектер руханий жана маданий дөөлөттөрүн өз ара түшүнүшө алган жок. Учурда мезгил-мезгили менен этностор аралык карама-каршылыктар басаңдап калгандыгы байкалат. Бирок, Кыргызстандын ичинде социалдык-экономикалык көйгөйлөр курчуган мезгилдерде улутчулдуктун жана сепаратизмдин күчөгөндүгү байкалып, кыргыз жана өзбек этносторунун жамааттарынын ортосундагы мамилелерде пикир келишпестиктер тереңдеген. 2010-жылдагы этностор аралык конфликтердин себептерин изилдөө боюнча Улуттук комиссиянын төрагасы академик А.Эркебаев; 1990-жылдагы конфликтен кийинки берилген сунуштардын жарандар арасындагы байланыштын, айрыкча жаштар арасында токтоосуз чечүүнү талап кылган маселелер этностор аралык мамилелерди курчуткан [93, 175 б.] деп баса белгилеген.

Этностор аралык мамилеге 2005-жылдагы саясий төңкөрүштөн кийинки орун алган мүлктү кайрадан эле бийликке келген президенттин жакындары тарабынан ээлик кылуусу терс таасирин тийгизген. Кайрадан эле коррупция тамырын терең жайып мамлекеттик башкаруу криминал чөйрөсү менен биргелешкен учур тууралуу пикир калыптанган. Мындай түшүнүк элдин жакыр бөлүгүнүн кыжырын келтирип тараптардын ортосундагы ажырымды пайда кылган.

Өлкөдөгү ички миграция бир катар объективдүү жана субъективдүү себептерден улам акыркы жылдардын аралыгында Кыргызстандын түштүк аймактарындагы калктын бир бөлүгү өлкөнүн түндүк тарабына карай активдүү көчө баштаган. Бул жагдай да этностор аралык маселеде тең салмактуулукту сактоого терс таасирин тийгизген.

Этностор аралык конфликтердин келип чыгуу себептери системалуу мүнөзгө ээ. Этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттин саясатын иликтөөдө, Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкен жылдардан бери улуттук аң

сезимдин өсүүсү жана кыргыз мамлекеттүүлүгүн кайра жандандырууга алган багыттары менен мүнөздөлөт.

Этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын натыйжасыздыгы, декларативдүүлүгү коомдогу улутчулдук жана сепаратизмдин күчөшүнө туруштук берүү жөндөмүн төмөндөткөн. Ошону менен бирге тең салмактуу маалымат саясаттынын жоктугу жергиликтүү массалык маалымат каражаттарына болгон таасирин төмөндөттү.

Саясий туруксуздук убагында жергиликтүү криминалдык топтор менен наркотрафиктин өкүлдөрүнүн ортосундагы таасир этүү чөйрөсү жана мүлк үчүн талаштары түштүк аймактарындагы жагдайды ого бетер татаалдаткан. Жумушсуздук, жаштардын билим деңгээлинин төмөндөшү, сырттан келген ар кандай радикалдуу диний агымдардын таасирлери күчөгөн. Ал эми спорттук клубдарга жаштардын массалык тартылуусу жана ошол жаштарды өз араларына тарткан криминалдык топтордун пайда болушу да этностор аралык конфликтердин жаралышына негиз түзгөн. Ички миграциядан улам шаардагы турак жай маселелери, элди жер участоктору менен камсыз кылуу талаптары курчугандыгы да бир этностун өкүлдөрү жашаган кварталдардын өз алдынча бөлүнүүсүн тереңдеткен.

Ошол эле учурда этностор аралык мамилени жөнгө салуу боюнча мамлекеттик саясий бийлик тарабынан иш чаралар кабыл алынган эмес. Бийлик, Кыргызстанда жашаган түрдүү этностордун ортосунда байланыштын түшүнүктүү жана натыйжалуу моделин түзүүгө жетише алган эмес. Мамлекет этностор аралык көйгөйлөрдү чечүүдөн алыс болгон. Мындай абал Кыргызстандагы этностор арасындагы жамааттарды бири биринен алыстатып, алардын ортосундагы мамиледе чыңалуу менен пикир келишпестиктерди жараткан. Бул өлкөнүн түштүк аймагындагы кыргыз менен өзбек этносторунун ортосунда мамиледе ачык көрүндү.

Көп жылдар боюу топтолгон көйгөйлөрдүн чечилбегендиги сепаратисттердин лидерлеринин күч алышына шарт түзгөн. Алар тегерегине өз этносунун өкүлдөрүн топтоп, өздөрүнүн экономикалык абалын оңоп, саясий

талаптарды кое башташты. Сепаратисттер, өзбек жамаатынын күнүмдүк турмуштагы обьективдүү кыйынчылыктарын бетине кармап, көз боемочулук менен аларга кысым көрсөтүлүп жаткандыгы жөнүндө, чындыкка дал келбеген маалыматтарды жаратып, мамлекеттик бийликке ишке ашууга мүмкүн болбогон талаптарды коюшкан. Мисалы, Кыргызстандан өзбек этникалык топтору жашаган аймактарды толугу менен бөлүп чыгарып автономия түзүү, өзбек тилине статус берүү, саясий маселелер, социалдык-маданий артыкчылыктарды талап кылган сепаратисттик идеяларын көтөрүп чыгышкан [172].

Ошол эле учурда бир катар чет өлкөлүк булактарда конфликтин себептерин аныктоолорунда, Кыргызстанда этностук азчылыкты дискриминациялоо тууралуу концепцияга негизделген пикирлер айтылат. Мындай жаңылыш түшүнүк обьективдүү факторлорду камтыбаганы аныкталган. Кабыл алынган Эл аралык стандарттарга ылайык, бийлик органдарында этностук азчылыктардын өкүлдөрүнүн жоктугу дискриминациялоо катары бааланбайт деп белгиленген.

Эгемендүүлүк жылдар мезгилдеринде өзбек этникалык топторунун, эне тилинде билим алуу мүмкүнчүлүгү чектелген эмес. Өзбек тилинде билим берген мектептердин саны кыскарган эмес. Этностор аралык конфликт чыккан мезгилде Ош шаарында кыргыз жана өзбек тилдүү мектептердин саны бирдей болгон. Өлкөдө 236 мектепте өзбек тилинде, ал эми 99 мектепте окуу кыргыз-өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн. Ошол мезгилдеги Кыргыз-өзбек университетинин алдындагы окуу китептерин даярдоо борборунан өзбек тилдүү мектептерине 63 окуу китеби, жалпы нускасы 700 000 ден ашык [12, 311 б.], республикалык бюджеттен каржыланып даярдалып берилген.

Өлкөнүн түштүгүндө өзбек тилдүү 12 массалык маалымат каражаттары иштеген, алар менчик телерадиокомпаниялар, газета менен журнал басылмалары болгон. Ошондой эле Ош шаарында 90 жылдан ашуун убактан бери Бабур атындагы өзбек тилдүү Академиялык музыкалык-драма театры иштеп келет [12, 312 б.]. Тилекке каршы, ошол массалык маалымат

каражаттары да этностор аралык конфликтердин чыналуусуна, сепаратисттик берүүлөр менен чакырыктарды үзгүлтүксүз берүү аркылуу абдан чоң таасир берип, этностор аралык конфликтердин күч алуусун жараткан.

Өзбек этникалык топторунун жүздөгөн өкүлдөрү илимий даражаларга, бир канчалары мамлекеттик орден, медалдарга жана сыйлыктарга ээ болгондору маалым. Өзбек этникалык топторунун бир канча жарандары Кыргызстандын жогорку аскердик наамдарына татыктуу болушту, Жогорку кенештин депутаттары, мамлекеттик бийлик органдарында жетекчилик кызмат орундарын ээлешип, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын [12, 312 б.] жетектешкендиктерин билебиз.

Ошондой эле, конфликтүү кырдаалды жөнгө салуу үчүн жүргүзүлгөн мамлекеттин саясаты элдин калың катмарына терең жеткенге чейин да ушундай карама-каршылыктуу реакцияларды кезиктирүүгө болот. Маселен, улуттук маданиятты, тилди, улуттук мектептерди, жогорку окуу жайларын өнүктүрүү максаттарын белгилеп кетүүгө болот. Андай шартта конфликтүү жагдайдын эки тарабын: этностор аралык мамилелердин толук сакталуусун жана жоюлуусун карасак болот.

Кыргызстандын шайлоо кодексинде Жогорку Кеңешке саясий партиялардын талапкерлеринин тизмесинде ар түрдүү этникалык топтордун өкүлдөрүнө атайын квота каралган [12, 312 б.]. Мындай шартты, квотаны мыйзамга киргизген Кыргызстан постсоветтик мейкиндиктеги алгачкы мамлекет болду.

Этностор аралык мамилелерди бекемдөөгө мамлекетти өнүктүрүүнүн комплекстүү негиздеринин (КОР –комплексные основы развития) программасы бир бөлүк катарында “Кыргызстандын идеологиялык багыты” тууралуу маселени жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын “Демократиялык өнүгүү кодексин” иштеп чыгууга багытталган эмгегин А.Акаевдин улуттук идеологияны түзүү үчүн жасаган алгачкы кадамы деп айтса болот [71].

Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти А.Акаевдин 90-жылдары “Кыргызстан жалпыбыздын үйүбүз” урааны 2003-жылдын 15-майында № 151

жарлыгы менен «Кыргызстан - адам укугунун өлкөсү» улуттук идеясын ишке ашыруу боюнча план иштелип чыгып кабыл алынган. Көз карандысыздыкка ээ болгон күндөн тартып Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын башкы багыты - адамдын жана жарандын укуктарын коргоого багытталган. 1993-жылы жаңы Конституцияны кабыл алуу бул жагындагы алгачкы кадамдардын бири болгон. Реформалоо жолу менен жаңы көз карандысыз өнүккөн Кыргызстанды курууга алгачкы кыймыл башталган. Программалар менен мурастарды жогору баалаган тунгуч президент А.Акаев келечек үчүн улуттун өнүгүүсүнө негиз катарында өткөн кылымдын 90 - жылдарында; калктын ажырагыс бүтүндүгү- ички биримдикте, улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык, улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет, арыбас мээнет, алдынкы өнөр жана билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу, гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк, табият менен таттуу мамиледе болуу, кыргыз мамлекетин чыңдоо, аны көздүн карегиндей сактоо деп ураан туткан Манастын жети осуятын улуттук идеология катары алып чыкканы маалым. Бул осуяттарды теориялык жактан жарандарга жеткиликтүү чыгармачылык менен өнүктүрүү аркылуу Кыргызстан калкынын жалпы мамлекеттик идеологиясына айландыруу менен этностор аралык мамилелердин жакшырышына боло тургандыгын сунуштаган. Бирок, учурунда туура көтөрүлгөн теориялык маселелердин ишке ашыруу багыттары түзүлбөгөндүгү саясий бийлик алмашкандан кийин ишке ашкан эмес.

Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга мамлекеттик саясат К.Бакиевдин учурунда, “Кыргыздардын мурастары жана келечек” планы иштелип чыгып, Кыргызстан элинин маданий мурастарын окуп үйрөнүү, изилдөө менен маданиятты өнүктүрүү үчүн “саясий улут түзүү”, жалпы мамлекет түзүүчү калктын идеологиясын түзүү, этностор аралык мамилелерди байланыштарды жакшыртуу долбоору кабыл алынган. Эгемендүүлүк мезгилинде республикада жашаган жалпы этникалык топтордун маданиятын бириктирүүгө демократиялык багыттагы улуттук идеологияны түзүүнү сунуш кылган. Мындан 10-15 жылдын арасында, улуттук кызыкчылыктарды колдоп

өнүктүрүү аркылуу мамлекеттик идеология түзүү каралган, “Кыргыз мурасы жана келечек” жалпы маданий долбоорлордун бир бөлүгү болуп бекитилди [22]. Тарых көрсөтүп тургандай көтөрүлгөн бул долбоор да аткарылган жок. Өлкөнүн келечектеги өнүгүү багыты идеологиясы пландар менен эле чектелип калган. Ал эми иш жүзүндө бул бийлик да кландык мураскерди калтырууга негизделген иш аракеттери менен белгилүү болуп улуттук идеология чар жайыт боюнча калган.

Кыргызстандын келечек багыттарына этностор аралык мамилелерге өткөөл мезгилдин экс президенти Р.Отунбаева тарабынан да көтөрүлүп, Кыргызстандагы этностор аралык мамилелердин өнүгүүсүнө багытталган иш аракеттер колго алынды. Мамлекетте жашаган этникалык азчылыкты түзгөн калктардын тилин, каада-салтын, маданиятын өнүктүрүүгө шарт түзүү, жалпы калктын ынтымагын бекемдөө үчүн мыйзамдар даярдалып 2015-жылга чейин пландалган маселени иш жүзүнө ашыруу керектигин Парламентке тапшырган. Тиешелүү бийлик өкүлдөрү милдеттендирилгенине карабастан кыска убакыттын аралыгында даярдалган мыйзам жеткиликтүү жыйынтык берүүгө жетишкен жок.

Экс Президент А.Атамбаев тарабынан 2012-жыл үй-бүлө, тынчтык, ынтымак жана кечиримдүүлүк жылы деп кабыл алынган. Жарандык патриоттуулук менен толеранттуулукка негизделген этностор аралык иденттүүлүктү калыптандыруу багытына саясий пландары түзүлгөндүгү да жарандык коомду калыптандыруу багытын өнүктүрө алган жок.

Мамлекеттин саясатында этностор аралык мамилелерди жакшыртууда өлкөдөгү этникалык топтордун ич ара ынтымак менен биргеликте жашоосу мамлекеттин тарыхын тереңдетип окутууга тарыхый, маданий мурастардын “Мурас корун” түзүүгө, мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө, “Манас” эпосунан алынган ураандарды: достук, биримдик, кечиримдүүлүк, этностор аралык ынтымакка багытталган идеясын жайылтууга басым жасалды. 2014, 2016, 2018-жылдары өткөрүлгөн көчмөндөр оюнунда дүйнөнүн 62 мамлекети тааныгандыгы да, этностор аралык ынтымакты бекемдөөгө негиз болуп,

кошуна мамлекеттер менен саясий маселелердин жакшы жолго коюлганын белгилөөгө болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылы административдик функционалдык реформалардын алгачкы этабын баштаган, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (мындан ары ЖӨБО) системасын күчөтүүгө түрткү берген. Ушул баскычта областтык мамлекеттик администрациялар, областтык жана райондук кеңештер жоюлган. ЖӨБОнун укуктук негиздери өзгөртүлүп, мамлекеттик органдар жана ЖӨБОнун аткарган милдеттери жана ыйгарым укуктарын так чектеп бөлүштүрүүгө карай алгачкы кадамдар жасалган. Ал эми, 2007-жылдагы 2 баскычтуу бюджеттик системаны кабыл алуу [93, 242 б.], муниципалитеттерде, жергиликтүү бюджетти көтөрүүгө жана максаттуу иштетүүгө, социалдык - инфраструктураны өнүктүрүүгө мамлекеттик жана муниципалдык ресурстарды жергиликтүү кеңеш бөлүштүрө баштаган.

Этностор аралык мамилелердин чыңалуусуна ЖӨБОнын ишмердүүлүгү менен орду, шайлоо учурундагы улутчулдук, улутка карай добуш берүү да ЖӨБОнун мамлекеттин саясатын элге жеткирүүдөгү калпыстыктарын түшүндүрөт. Мындай абал 2016-жылдын 11-ноябрындагы жергиликтүү кеңештерге шайлоо, 2017-жылдын 15-октябрында болуп өткөн Президенттик шайлоо учурунда даана байкалды. Журналистка Д.Подольскаянын Чүй облусунун Москва районундагы айыл өкмөт башчысын шайлоодо аймактык шайлоо комиссиясы, Москва районунун акими, экинчи жолу айыл окмот башчысына талапкерлигин коюп жаткан Ибрагим Багини (кандидат Бошкубаевдин кызыкчылыгы үчүн) кандидатурасын алууга мажбурлашкан, а жалпысы айыл кеңешинде жыйырма бир депутаттын он үчү дунган улутунун өкүлдөрү болушкан. Бул маалыматта,  улутка карай добуш берилгени массалык маалымат каражаттарында чагылдырылды [176], мындай мисалдар ачык айтылып, ЖӨБОнун жергиликтүү калк менен жетиштүү иш алып баруусундагы кемчилдиктерин көрсөттү.  Бир тектүү этностун өкүлдөрү жашаган этностук топтордун баардык аймактарында даана байкалып, этно-конфликтогендик

кырдаал жаралган. Мындай маалыматтардан мыйзам менен жергиликтүү калктын тааныш эместиги, жарандар өздөрүнүн күнүмдүк турмушу менен алек экендиктери жана этникалык топтор арасында көмүскө биримдик же ким болсо да мейли “өзүбүздүн улуттан” болсун деген принциптердин бар экендигин айгинеледи.

Мамлекет тарабынан этностук топтордун маданияттуу байланыштарын бекемдөөгө жана интеграциялоо багытына толук кандуу шарттар түзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасында жашаган мамлекет түзүүчү бардык этникалык топтордун руханий жана маданий жактан ич ара түшүнүшүүсүнө багытталган эмес. Жыйынтыктап айтканда, Эгемендүүлүктүн 29-жыл мезгилинде, Кыргызстанда бирдиктүү жарандык идентификацияны калыптандырууга негизделген маселелер унутта калган. Мамлекеттеги ар түрдүү этникалык топтордун жарандары Кыргызстандын бирдиктүү элине таандыкпыз деп эсептөөгө жетишкен жок. Жергиликтүү жамааттар арасында жыл өткөн сайын жамааттарга бөлүнүү күчөгөн, ар бир жамаат өз алдынча жашап, этностук топтор аралык мамилелери начарлаган. Күнүмдүк турмуштагы талаш-тартыштар, пикир келишпестиктер менен жаштар арасында коомдук аң-сезимге этностор аралык карама-каршылыктын мүнөзү катары калыптана баштаган.

Кээ бир аймактарда, криминалдык топтор коомдук турмушка кийлигишүүлөрү байкалган. Мисал катарында, 2006-жылдагы Чүй облусуна караштуу “Искра” айылында катталган кыргыз жана дунган этникалык топторундагы өспүрүмдөрүнүн ортосундагы чыр-чатактан кийин конфликти чечүү максатында дунган этникалык топторунун криминалдык чөйрөсү же өкүлдөрү аралашкан. Алар тарабынан колдонулган курал, аймактагы кыргыз улутундагы жергиликтүү жашоочуларынын кыжырын кайнатып, айылдагы дунган улутундагы жалпы калкка карата каршылашкан активдүү аракеттердин түзүлүүсүн жараткан. Андан кийинки 2009-жылы Чүй аймагынын Петровка айылындагы конфликт [93, 154 б] да мына ушундай мүнөздөгү чыр-чатак кайталанган. Ал жерде жергиликтүү жашоочулар, күрд улутундагы бир адам

тарабынан жасалган кылмышка карата болгон нааразычылыкты, жалпы күрд этникалык тобундагы жарандарга карата каршы чыгышкан.

Кыргыз бийлиги этностор аралык чөйрөдөгү дүйнөлүк тенденцияны эске алып, саясатын өзгөртүүгө жетишкен жок.  Этностор жана конфессиялар аралык мамилелердин курчушу, дүйнөнүн көп өлкөлөрү үчүн учурдагы башкы коркунучтардын бири болуп калды. Бул көрүнүштөр дээрлик бардык өлкөлөр жана Эл аралык уюмдар тарабынан таанылып келет. Этностор аралык конфликтерге кызыктар болгон саясий жана финансылык топтор бар экендигин бир катар өлкөлөрдүн белгилүү саясатчылары  тарабынан массалык маалымат каражаттары жазып чыгышкан.  Ал эми жүз миңдеген адамдардын өлүмүнө күнөөкөр болгон этностор аралык, диндер ортосунда чыккан куралдуу конфликтер, XX кылымдын акыркы жылдарында жер жүзүнүн жалпы трагедиясы болуп калды. Мурунку Югославияда катталган этностор ортосундагы конфликтердин жыйынтыгы менен Балкандын саясий картасы өзгөрүүгө дуушар болгон. Ушундай эле тенденция Африка өлкөлөрүндө дагы байкалган. Мисалы, Судан мамлекетиндеги жарым кылымдан ашык созулуп келген этнос жана конфессиялар аралык конфликтер акыркы он беш жылда курчуп, Судан мамлекети экиге бөлүндү. Этностор аралык конфликтер өлкөнүн экономикасын алсыратып, массалык ачарчылыкты жана саясий туруксуздукка алып келди. Эки миллиондон ашуун судандыктар каза тапты 4 миллиондон ашууну качкынга айлангандыгы [12, 306 б.] белгилүү.

Этностор аралык конфликтердин географиясы улам кеңейип бара жаткандыгы өкүндүрөт. Этностор жана конфессиялар аралык конфликтердин кучагына жаңы мамлекеттерди өз кучагына тартышы, дүйнөлүк аренада деструктивдүү тышкы күчтөр бар экендигин далилдөөдө. Мындай күчтөр мамлекетти талкалоо менен башаламандыкты уюштуруп мүлктү кайрадан бөлүштүрүүгө ар түрдүү аймактарда туруксуздук очогун уюштурууну максат кылышат.

Бул маселеге Россиянын президенти В.Путиндин ачык айтканы 2012-жылдын январь айындагы массалык маалымат каражаттарына берген маегинде:

“Улутчулдук бул диний көз караштын негизинде куугунтуктоо аркылуу эң радикалдуу топтордун жана агымдардын идеологиялык негизи болуп келет. Мындай көрүнүштөр мамлекеттерди алсыратып, талкалап, коомду жок кылууга багыт алып жатат” деп токтолгон.

Ал эми “Эл аралык толеранттуулук” фондунун директору А.Кадырованын белгилөөсү боюнча Кыргызстандын түштүк аймагы конфликтогендик көрсөткүчү жогорку деңгээлде деп билдирсе, окумуштуу саясатчы Дж.Омукеева республиканын түштүгүндөгү этникалык азчылык чөйрөсүн изилдөө менен анализдеп этникалык коомчулукка мамлекеттик түзүм тарабынан көңүл бурулбагандыгын, жарандык коом институттарын өнүктүрүүнүн зарылдыктарын белгилөө менен төмөндөгүлөргө токтолот:

- эки ири этностун статустук согушу, бул советтик мезгилде көмүскөдө катылып жатып, постсоветтик мезгилде республиканын бардык масштабындагы кыргыздар менен өзбектердин лидерлеринин ортосундагы саясий – экономикалык, социомаданий жактан-ачык күрөш;

- кыргыз жана өзбек этникалык коомчулугунун советтик мезгилге чейинки жана 1924-жылдагы мамлекеттин жетекчилеринин улуттук бөлүп-жаруусу тууралуу ишенимсиз, далилсиз негиздерге таянуусу;

- чек ара боюнча территориялык маселелердин чечилбегендиги;

- өзбек этносторунун арасына жалган маалыматтын таркалуусу, тактап айтсак, жалпы Кыргызстанда өзбектер 50%ды, ал эми, түштүк тарапта 60%ды ээлеген өзбек элине автономия керек деген өзбек этносунун лидерлеринин ураандары;

- өкмөттөгү мамлекеттик бийлик органдарынын жана укук коргоо органдарынын 60% өзбек этносунан болсун деген талаптары;

- айылдагы калк жашаган пункттардын, райондордун, өзүнчө областтардын, шаар кварталдарынын (жалаң кыргыздар, жалаң өзбектер же түрктөр ж.б.) моноэтнизациясы, акырындык менен этноулутчулдукка, ксенофобияга, өзүнүн этносунан башкаларга душман болуп калыптануусуна алып келүүсү;

- республика калкынын саясатташуусу, этностор аралык террорчулуктун жана этноконфессионалдык экстремизмдин өсүүсү, диндик-конфессионалдык наадандыктардын калыптанышы;

- жогорку квалификациялуу адистерди жоготуу (1990-2010-жж).

- орус тилди колдонуу сферасынын азаюусу анткени, көптөгөн кыргыз жана өзбек жаштары ошондой эле башка этностун өкүлдөрү Эл аралык деп саналган тилге маани беришпейт;

- демографиялык абал: башка этностордо төрөлүүнүн санынын жогорулоосу, ал эми мамлекетке аты берилген кыргыздардагы төрөлүүнүн санынын кескин кыскаруусу;

- Кыргызстандагы жөнгө салынбаган ички жана тышкы миграция, чек арадагы жерлерди жоготуу;

- этностордун, айрыкча аз сандагы этностордун чоочун болуусу же социалдык апатия, саясий активдүүлүгү жоголуп, көкүрөк дартын дин менен бөлүшүү [95, 74 б.];

- мамлекеттин тил саясаты менен байланышкан проблемаларды мисал келтирүү менен окумуштуу саясатчы Дж.Омукеева "Өлкөдө жүз берген этностор аралык конфликтер, айрыкча олуттуу түштүк конфлиги мамлекетке да жарандарга да чоң сабак болуусу абзел, кандай саясий экономикалыкбы же жеке ахыбал болбосун этносту колдонууга болбой турганын түшүнүүсү зарыл [95, 78 б.]" деген сунушун айткан.

Этностор аралык мамилелердин калыптанышына кийинки 29 жыл аралыгында мамлекет башчылары – президенттер, өкмөт башчылары, саясатчылар, илим изилдөөчүлөр тарабынан түзүлгөн бир канча комиссиялар башкаруучу мамлекеттик бийликтин ар кайсы бутактарында бир канча долбоорлор менен концепцияларды иштеп чыгышкан. Көтөрүлгөн маселеге кайдыгер эместигин билдиришип, жарандык коом этностор аралык мамилелерди жакшыртуу багытындагы көз карашын билдирген көптөгөн сунуштарды жана ой-пикирлерди социалдык тармактарда талкуулап келет.

Алардын ичинен айрыкча тилге, каада-салт менен маданиятка негиздеген этностор аралык байланыштарды түзүү багытындагы ойлор басымдуу. Жогоруда илимпоздор белгилегендей, улуттун үч негизги касиети: тили, тарыхы жана туткан дини же болбосо дүйнө таанымы, мындайча айтканда улуттун философиясы сактайт деп токтолушканы маалым. Келечектеги жаратмандык мамлекетти салттык, адеп-ахлактары, нарктык баалуулуктарына негиздөөнү саясатчылар, илим изилдөөчүлөр, интеллигенция өкүлдөрү тарабынан массалык маалымат каражаттарында жана илимий конференцияларда талкууланып келет.

Кыргызстан эли совет бийлиги мезгилинде капиталисттик коомдон аттап патриархалдык - феодалдык коомдон кийин эле социализмге өтүп улут катары калыптанды. Бул маалыматтар Кыргызстандын 1936 - жылдагы кабыл алган Конституциясынан белгилүү. Улуттук мамлекетке мүнөздүү белгилери катарында территория, экономика, маданият, тили менен башка Союздук республикалардай эле социалдык теңчилик абалы сыяктуу көрсөткүчтөрүнүн негизинде калыптанган.

Мамлекеттик бийлик төбөлдөрү кызматтан бошотулуп калса же болбосо кызматка илинбей калса тез эле ага наразычылык билдирүүгө багыт алышып бул же тиги аймактын же уруулардын жолдорду тоскон же наразычылык акцияларына чыгуулары, этностор аралык туруктуу өнүгүүсүнө терс таасирин тийгизип биримдиктин бузулуусуна алып келип жатат. Ал эми социалисттик коомдогу улуттун көрсөткүчү болгон территориясына же биримдик маселесине көңүл буруу зарыл. Анда “түндүктөн” же “түштүктөн” деген географиялык бөлүнүүлөр кээ бир чала сабат саясатчылар тарабынан көтөрүлүп келет. Ал эми калк арасындагы чыныгы жашоодо кудаа күтүп, достошкон сый-урмат менен биримдикте күн кечирген жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү жашап келет. Айрыкча, 2020-жылдын 5-октябрында болгон толкундоолор, ушул маселеге чекит коюп, саясий-социалдык чөйрөнүн аң-сезими, дүйнө таанымынын жогорулаганын белгиледи. Натыйжада, мамлекет калкынын көпчүлүгү татыктуу “Лидер” үчүн, бирдиктүү иш аракеттерди кабыл алышты.

Этностор аралык конфликтердин чыгышынын дагы бир себептери, бул биздин демократиялык коомдун таасири. Коомчулуктун аӊ-сезиминин адекваттуу жогорулоосу менен демократиялык принциптердин да таасири түрткү болуп келет. Ушундан улам улутчулдук сезим күчөп, автономия талап кылууга чейин барып жатышат. Мындай көрүнүш 1990-жылы Ошто болгон, 20 жылдан кийин 2010-жылы кайрадан кайталанды. Конституцияда мамлекеттик тил – кыргыз тили, расмий тил – орус тили деп жазылып турат. Бирок, шайлоо учурларында өзбек калкы үчүн да өзүнчө тираж чыгарылат. Негизи биз эки эле тилде беришибиз керек. Эртеӊ башка этностор да талап кылуусу мүмкүн. Дүйнөдө этностук азчылык өздөрү жашаган мамлекетин сыйлап, ошол мамлекеттин мыйзамдарына баш ийип жашоо кечирген этникалык топтор, этностор аралык конфликтердин алдын алып, мамлекет түзүүчү калк менен бирдей жашоо кечирип келишет. Мисалы, Прибалтика өлкөлөрүндө жашаган орус калкы көчүп кетпей ошол жерде эле жашап, алардын тилинде да сүйлөп жатышат.

XX кылымдын чыгаан ойчулу социолог М.Вебер белгилегендей көп этностуу мамлекет этностордун теӊчилигин, бирдейлигин сактоо менен өзүнүн бийлигин сактап турат. Этностор да өздөрүнүн иденттүүлүгү менен маданиятын гүлдөтүүгө мамлекет тарабынан колдоого муктаж. Ушул теӊ салмактуулук бузулса эле мамлекет мамлекет болуудан калат [32, 39 б.] деп токтолгон. Бул маселени академик Ю.В.Бромлей өткөн кылымдын жетимишинчи жылдары эле өзүнүн «Этнос и этнография» деген фундаменталдык монографиясында [30, 57 б.] этностор аралык мамилелер жана этникалык процесстер узакка созулган көрүнүш экенин, бул багытта көп изилдөөлөрдүн зарылдыгын айткан.

Этностор аралык конфликтерди изилдөө максатында 2010-жылы жаӊы чакырылган Жогорку Кеӊеште эӊ алды менен так ушул июнь коогалаӊы тууралуу маселе каралып анын келип чыгуу себептери менен кесепеттерин иликтөө боюнча депутаттык комиссия түзүлгөн. Комиссия беш ай аралыгында бир канча жолу түштүккө барып жүргүзгөн ишинин жыйынтыгын чыгарган.

Талкуу эки күнгө созулуп 2010-жылдын апрель-июнунда жалпы өлкөдө болуп өткөн окуяларды иликтөө, изилдөө жана саясий баа берүү үчүн түзүлгөн убактылуу депутаттык комиссиянын отчетун угуп, талкуулап, 2011-жылдын 16 -июнунда токтом кабыл алган. Ал токтомдо белгиленгендей Кыргыз Республикасынын Баш прокуратурасына үчүнчү пункт менен мурдагы мамлекеттик бийлик жетекчилерине, төртүнчү пункт менен Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрү, июнь окуяларын болтурбай коюуга чечим кабыл алышпагандыктары үчүн саясий жоопкерчилик тартышаары көрсөтүлгөн. Тилекке каршы, бийлик башында турган Убактылуу Өкмөттүн мүчөлөрүнө баш прокуратура тарабынан эч кандай чара көрүлгөн эмес.

Андан сырткары 2010-жылы июнда түштүктө болгон трагедиялуу конфликтердин себептерин, кесепеттерин изилдеп сунуштарды иштеп чыгуу үчүн Улуттук комиссиянын отчету, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын, Эл аралык көз карандысыз комиссиянын отчету жана ага Кыргыз Республикасынын Өкмөтү берген комментарийлеринин материалдары, ата мекендик менен Эл аралык өкмөттүк эмес уюмдарынын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары иликтенгени менен көп жагынан негизги мааниси окшош экендиги белгилүү болгон.

Өлкөдөгү этностор аралык кагылыштардан, мамлекеттик бийликтин алсыз саясатынан, пайдалангысы келген айрым сеператисттик күчтөрдүн жана саясий шылуун жетекчиликтердин айынан жергебизде кылымдар бою канаатташ, тилектеш жашап келген эки этникалык топтордун өкүлдөрүнүн ортосунда жаңжал чыккан. Анын кесепетин карапайым калк өзү тарткандыгына эки ирет күбө болдук. Биринчи кезекте этникалык топтор ортосундагы ишенимди бекемдөө башкы милдет. Ишеним болмоюнча туруктуу өнүгүүгө багыт алуу мүмкүн эмес. Эң башкысы – мыйзамдуу иш аракет, акыл эс, сабырдуулук менен туруктуулук. Мамлекеттик бийлик органдары менен мамлекет түзүүчү жалпы жарандардын пикир алышуусу, жарандык демилге менен өнөктөштүк мамилеге таянуулары – өлкө өнүгүшүнүн негизги багыты болуусу зарыл.

2005, 2010 –жылдары өлкөбүздө болуп өткөн эки саясий «төңкөрүш [95]» да калктын ишеничин канааттандырбай кандайдыр бир топтордун жеке амбициясы менен жеке байлыкты оңой гана басып алуусуна алып келип, бейкүнөө азаматтардын каны төгүлдү.

Андыктан этностор аралык мамилелер этносаясий процесстер жалпысынан анын ичинде көп этностордон турган Кыргызстанда, ар дайым коомдун өсүп-өнүгүшүнө жараша жаңы максат жана милдеттерди коюп келет. Мындай көйгөйлөрдүн демократиялык процесстерде Борбордук Азия мамлекеттеринин ичинде астыда бара жаткан Кыргызстанда дүйнөлүк, цивилизациялык деңгээлде чечүүгө аракеттер көрүлүп келет.

2013-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын Жетекчисинин 2011-жылдын 14-февралындагы №49 буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын этностук, диний саясат жана жарандык коом менен өз ара аракеттенүү бөлүмү жөнүндө Жобо кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 258 токтому менен бекитилген. Жободо көрсөтүлгөн талапка ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты жана айрым чек ара жанындагы өзгөчө макамы бар аймактарын өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик саясатты ишке ашырат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатында, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген мамлекеттин милдеттерин ишке ашыруу кепилдигин камсыздайт. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү жана этностор аралык ынтымакты бекемдөө чөйрөсүндөгү мыйзам долбоорлорун, ченемдик укуктук актыларды, мамлекеттик жана улуттук программаларды, иш-чаралардын комплексин, ошондой эле аналитикалык материалдарды иштеп чыгууга катышат. Бул маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунуш киргизет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тиешелүү аймактарды

өнүктүрүү программаларын иштеп чыгууга жана ишке ашырууга көмөк көрсөтөт деп белгиленген. Биринчиден, жергиликтүү кеңештер мамлекеттик башкарууну алга жылдырууга чоң салымдарын кошушат. Бир дагы заманбап, демократиялуу мамлекет экономикалык жана социалдык маселелерди чечүүдө ЖӨБОсыз чечимдерди кабыл ала албайт. Бул маселерди борбордук гана мамлекеттик башкаруу аркылуу чечүү абдан кыйынга турат, ошондуктан ЖӨБО бул процессти жакшыртууга эбегейсиз зор салымын кошуп келет. Экинчиден КР мыйзамдарында так даана көрсөтүлгөндөй, жарандардын саясий жана башка укуктарын турмушка ашырышы керек [12, 65 б.].

Этностор аралык мамилени өнүктүрүү максатында Кыргызстан элинин ассамблеясы түзүлгөн. 2004-жылы IV-курултайында кабыл алынган “Этникалык өнүгүү концепциясы [185]”, 2005-жылдагы революциядан же саясий бийликтин алмашуусунан кийин ишке ашпай токтогон.

2013-2017-жылдары кабыл алынган туруктуу өнүгүүгө багыт алган стратегиялык план кабыл алынган. Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы менен 2013-жылдын 10-апрелиндеги №74 “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо [184]” концепциясы кабыл алынып, региондордогу мамлекеттик администрацияларда өкүлчүлүктөр иш алып барат. Концепцияны ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-октябрындагы № 430-б буйругу менен биринчи кезектеги иш-чаралардын планы бекитилген. Биринчи кезектеги иш-чаралардын планы 36 пункттан болуп, планды ишке ашырууга 13 мамлекеттик органдар (министрликтер жана ведомстволор) милдеттендирилгендиги белгилүү.

Ушул концепция Кыргызстан элинин Ассамблеясы жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан көтөрүлүп, “Этностук саясат жана коомду баш коштуруу концепциясын” жана “Мамлекеттик улуттук саясат Концепциясын” ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. Тилекке каршы аталган Концепциянын максат, милдеттерин ишке ашырууда көптөгөн тоскоолдуктар кездешет. Этностор аралык

мамилелерди чындоодо Кыргыз элинин тилин, маданиятын сыйлоо сапаттуу жазылганы менен аны ишке ашырууда мамлекеттик кызмат адистери расмий тилди көбүрөөк колдонуп, Концепцияда жазылган Кыргыз тилинин байланыштыруучу ролун ишке ашыруусуна анчейин маани берилбей келе жатканы жалпыга маалым. Ал эми кошуна мамлекеттерде мамлекеттик тилди, президенттен баштап, такай колдонуп, этно-саясий мамилелерин бекемдеп келишкендигин телевизордон көрүп, массалык маалымат каражаттарынан окуп, илим изилдөөчүлөр арасында талкууланып келет.

Этностор аралык мамилелерди жакшыртуу багытында КРнын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 08-майында №258 буйругу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги (ГАМСУМО) түзүлгөн. Агенттик тарабынан көп этностун өкүлдөрү жашаган аймактардагы өкмөттүн ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүндө жана райондук мамлекеттик администрацияларындагы, шаардык мэриялардагы өкүлдөрү өз алдынча конфликт мезгилдеринде, иш алып баруусу күмөн, анткени этностор аралык чыр чатактардын бышып жетилүүсү тымызын жүрүп, каршылашуу же кризис маалында гана ачыкка чыгат. Андан сырткары арыз менен да жарандардын ачык кайрылуулары күмөн анткени, маселе өтө кооптуу болуп бул темада сөз ачканга жергиликтүү менталитет жол бербейт. Мындай учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарысыз көйгөйдөн арылуу таптакыр мүмкүн эместигин 1990, 2010-жылдардагы этностор аралык конфликтүү кырдаалдардан кийинки тарых көрсөттү. Жергиликтүү теле радио берүүлөрдөн ынтымакка биримдикке чакырган этникалык топтордун өкүлдөрүн чакыруу менен өткөрүлгөн теле дебаттар, жергиликтүү жамааттар арасындагы таасирлери жана талкуулары тастыктап келет.

Кыргызстанда 2010-жылга чейин Ош жана Жалал-Абад шаарларынын жана башка жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, коркунуч жараткан этностор аралык маселелерди көтөрүшүп жогорку бийлик органдарына кайрылышкан. Тилекке каршы, Кыргызстан элинин башын бириктирүү иш-аракети

жасалбастан, бийлик төбөлдөрү авторитардык режимди сактоого аракеттенип, жарандык коомдун жана саясий оппозициянын кайрылуу талаптарын четке кагышкан.

Мамлекеттик кадр кызматынын 2015-жылы берген маалыматы боюнча 16 980 мамлекеттик кызматкерлердин 91 % мамлекетке аты берилген этностук топтун өкүлдөрү түзгөн. Мындайча айтканда, стабилдүү тынч мезгилдерде этностор аралык мамилелерди жөнгө салуу жана жайгаруу иш чаралары көңүлгө алынбай, мамлекеттик саясаттан тыш телеберүүлөр, этностор аралык мамилелердин унутта калуусу, массалык маалымат каражаттары күнүмдүк берүүлөргө басым жасап келгендиктери өкүндүрөт. Этностор аралык конфликтер узак мезгилди өзүнө камтыгандай эле, этностор аралык мамилелердин туруктуу өнүгүүсү да тынымсыз, кең пландуу иш чараларды өзүнө камтыган узак мөөнөттүү иш аракеттер экендигин эске алуубуз зарыл.

Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Азыркы Кыргызстандагы улуттар аралык карама-каршылыктарды чечүү жолдору" долбоору Ж.Баласагын атындагы улуттук университетинин, Фундаменталдык илимдер институту тарабынан да этностор аралык мамилелерди саясий анализдөөдө мамлекетке аты берилген кыргыз этносунун тарыхы, калыптанышы жана кыргыз философиясынын өнүгүүсүнө изилдөөлөр жүргүзүлүп келет. Этностор аралык конфликтердин алдын алуу жана жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу изилденип, талкууланып жыйынтыктар чыгарылып, сунуштар айтылып келет.

Этностор аралык мамилелердин өнүгүшүнө карата кабыл алынган Этникалык Концепцияга ылайык, мамлекеттик каттоо кызматы кыргыз паспортунун жаңы үлгүсүн жарандарына бере баштаган. Паспорттун жаңы үлгүсүндө жарандын улуту көрсөтүлбөй турганы коомчулукта чоң талкууну жараткан. Анткени бул өтө талуу анан назик кылдаттык менен чечилүүгө тийиш маселе. Стабилдүүлүк - экономикадан да бийигирээк жана биринчи орунда турган маселе. Кыргыз улуту – улут катары кайрадан жаңыдан түптөлүп

келаткан калктардын катарына кирет. Кыргыздын этнос катары жок болуп кетүүсү мүмкүн эмес деп так айтууга болбойт. Азыркы биометрикалык паспорт учурдун талабы, анткени ааламдашкан мезгилде кыргыз улутун мамлекети аркылуу кенен караганыбыз оң. Жаңы паспортто жарандын аты-жөнүнөн кийин жарандыгы белгиленип, туулган датасы, документтин номери, жарактуу мөөнөтү жана кол тамгасы түшүрүлгөн. Андан сырткары жарандын улуту, жашаган жери жана үй-бүлөлүк абалы, үй-бүлөлүк курамы тууралуу маалыматтардын баары паспорттогу электрондук чипте сакталат. Бул – кадимки эле биометрикалык паспорт. Этностор аралык конфликтин алдын алууга багытталган жол. Кыргызстанга тийиштүү жарандык образын бардык этникалык топтордун кабылдоосуна, кыргыз тилин кенен жайылтууга негиз. Учурда дүйнөнүн 104 мамлекети ушундай биометрикалык паспортту колдонууга өтүшкөн. Биометрикалык паспорт бул – сапаты жагынан мыкты, коргоо элементтери күчтүү жана ал паспортто атайын чип болот. Мына ошол чип аркылуу ал жарандын электрондук маалыматы чыгат. Ошол жерде улутка тиешелүүлүгү жазылат. Жаңы паспортто “кыргыз улуту” деген жок деп түшүнүп-түшүнбөй социалдык тармактар аркылуу айта берүү жакшы эместигин каттоо кызматы эскерткен. Бирок улуттун атын эмне себептен электрондук чипке жашырышкандыктары жагдайында ачык түшүндүрмө берген эмес. Мамлекеттик каттоо кызматы биометрикалык паспорттун Эл аралык стандарты бар экендигин айткан. Жобонун аткарылышын Эл аралык авиация уюму (ИКАО) көзөмөлгө алаары айтылган [187]. Акырындык менен өкмөт электрондук тейлөөгө өтүп жатат. Убаракерчилик менен тонналаган кагаздарды ары-бери ташуу жоюлуп баары электрондоштурулуп келет. Биометрикалык паспорттун ыңгайлуу жагы – паспорттун ичинде жарандын айдоочулук күбөлүгү, пенсиялык китеби, банктык эсеби жана башка тиешелүү маалыматтардын баары камтылган. Бардык мамлекеттик кызматтар көрсөтүлөт. Кокус жоготуп алса да эч ким пайдалана албайт. Заманбап биометрикалык паспорт ыңгайлуулугу менен айырмаланат.

## 2.2. Этностор аралык конфликтерди чечүүдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү

Кыргызстанда жашоо кечирип, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө өз салымын кошкон этностук азчылыктын өкүлдөрү менен саясий мамилени чыңдоо негизги маселе. Эл аралык укуктук нормалар, этникалык топтор аралык мамилелердин өнүгүүсү үчүн негиздүү. Кыргыз мамлекетинде да этностор аралык конфликтерди чечүүдө Эл аралык укуктук нормаларга, Конституцияга, Президенттин жарлыктарына, мамлекетте кабыл алынган концепцияларга, мамлекеттик укуктук ченемдик актыларга, ЖӨБОнун түзүлүш системасы менен тажрыйбасына негизденет. Кыргыз Республикасы – жаш, көз карандысыз мамлекет, кыргыз элинин негизги максаты, мамлекеттин бекемдиги жана жарандык жетишкендиктердин биримдиги. Анын өнүгүшүнүн потенциалы мамлекеттин бардык жарандарынын консолидациясын күчтөндүрүү. Бул маселе боюнча ошол кездеги ЖКнин депутаты К.Иманалиев 2018-жылдын 6–ноябрында Өкмөткө, “мамлекеттүүлүктү” сактап калууга багытталган иш аракеттерди пландоону сунуштагандыгы да жөн жерден эмес. Этностор аралык биримдикти калыптандыруу ЖӨБОнун атайын эле эмес мыйзамдуу да милдеттери. Бул багытта бир канча мамлекеттик укуктук актылар кабыл алынып иштеп келет.

Улуттук коопсуздук Концепциясынын укуктук негиздерин Кыргыз Республикасынын Конституциясы түзөт. 2011-жылдын 18-январында №8 “Кыргыз Республикасынын коргонуу кеңеши жөнүндө” жана 2011-жылдын 29-ноябрындагы №225 “Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук жөнүндөгү” кабыл алынган мыйзамдары бар. Мындан сырткары улуттук коопсуздукту камсыздоо чөйрөсүндө мыйзамдуу күчүнө кирген Эл аралык келишимдер иштейт.

БУУнун Генералдык Ассамблеясынын 1986-жылда кабыл алынган Декларациясында “Ар тараптуу экономикалык, социалдык, маданияттык жана

саясий процесстер ар дайым бардык жарандардын жашоо шартын жакшыртууга багытталат [58, 56 б.]" деп бекитилген. Бирок, жаран менен тайпалардын укугу ар дайым карама каршы ой-пикирлерди жана талаш-тартыштарды жаратып келет. Алар: Жарандын укугу 1) эркиндик укугу, кол тийбестиги бул мамлекеттин кийлигишүүсүз туулгандан берилген укук. Ал эми ар бир жарандын укугу биринчиден жашоого, этностордун өз тагдырын өзү чечүү укугу, өнүгүү укугу, табигый байлыктарына жана жаратылыш ресурстарына эркиндик укугу, башка жарандар менен теңдеш укугу. Этностук азчылык тайпаларынын укугун коргогон, эл аралык уюмдар кабыл алган ченемдик укуктук актылар бар. Мындай учурда мамлекетте көпчүлүктү түзгөн этнос, азчылыкты түзгөн этноско карата басым көрсөтүүгө жол берилбейт. Этностук азчылыктын статусу - эл аралык жана мамлекет тарабынан кабыл алынган укуктары калк менен болгон өзгөчөлүктөрү басмырлоонун алдын алат. Акыркы кездерде кездешкен басмырлоонун түрүнө - жарандардын ресурстарга болгон теңсиздиги, этностор аралык мамилелердин бузулуусу БУУнун негизги көйгөйүнө айланып келет. Этностук азчылыкка карата колдонулган басмырлоону токтотуу жана Эл аралык коргоо бири-бири менен байланышта болуп, багыттарынын өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат.

Этностор аралык мамилелерди жөнгө салууда, ЖӨБОнун ролун күчөтүүдө, этностор аралык мамилелердин стабилдүү болуусу үчүн укуктук ченемдик актылар негизги орунда турат. Кыргызстан этностор аралык конфликтерди токтотууда, чечүүдө жана жөнгө салууда Эл аралык адам укуктарынын теңдүүлүгү боюнча кабыл алынган укуктук ченемдик актыларга негизделет. Бул нормаларды ишке ашырууда Европадагы коопсуздук жана кызматташтык кеңеши тарабынан каржыланган ӨЭУдар бар. XX кылымдагы дүйнөлүк согуштар, адамдарды массалык кырылууга түрткөн геноциддик саясат, бейкүнөө адамдардын өлүмүнө алып келип, дүйнө коомчулугунун аң-сезимин ойготуп, дүйнөлүк адам укуктарын колдогон саясатты алып баруу зарылчылыгы келип чыккан. Саясий изилдөөлөрдө, БУУнун Эл аралык - укуктук негизги саясий документтерде [70]:

- ✓ 1945-жылы Сан-Франциско шаарында түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюмунун уставында Бардык адамдар эркин жана кол тийбестик укугуна ээ (2 статья 1 берене) [180],
- ✓ 1948 – жылы 10 - декабрда Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган "Адам укуктарынын жалпы декларациясы [152]" кирет. Анда, жарандын тил өзгөчөлүгүнө, расасы, жынысы, дин ишенимине карабастан адам укуктарын, эркиндигин урматтап сыйлоосу зарыл деп белгиленген. Декларацияда көрсөтүлгөн адам укуктарынын негизинде тең укуктуулук прициптери  жатат. Адамдар мыйзам алдында тең жана мыйзамдын коргоосун эч кандай айырмасыз бирдей пайдаланууга укуктуу (7-берене) деп берилген.
- ✓ Саясий укуктары жөнүндө "Эл аралык Пакт" 1966-жылы кабыл алынган.
- ✓ "Апартеидтерге каршы күрөштү токтотуу жана жазалоо" конвенциясы 30-ноябрь 1973-жылы кабыл алынган,
- ✓ Африканын "Адам укуктарын колдогон" Хартиясы 1981-жылы кабыл алынган,
- ✓ "Адам укуктарын колдогон" Азия-Тынч океаниялык декларациясы 1988-жылы кабыл алынган.

Жогорудагы укуктук документтердин бары, адам укуктарынын бирдейлигинин кепили.  Ошондой эле дүйнө элдери үчүн кабыл алынган геноциддик кылмыштарды жазалоо жана эскертүү конвенциялары;

- ✓ 1965-жылдагы рассалык дискриминациянын бардык формаларын жоюу тууралуу Эл аралык конвенция кабыл алынган;
- ✓ 1966-жылы граждандык менен саясий укуктар тууралуу Эл аралык пакты;
- ✓ Билим алуудагы дискриминацияга каршы күрөшүү боюнча 1960-жылы кабыл алынган ЮНЕСКОнун конвенциясы,
- ✓ 1992-жылдагы улуттук же этникалык, диндик жана тилдик азчылыкка таандык жактардын укуктары жөнүндө декларациялары,

- ✓ 1994-жылы кабыл алынган “Этностук азчылыкты коргогон алкактык конвенция”;
- ✓ 1995-жылы 1-февралда Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму “этностук азчылыкты коргоо жөнүндөгү конвенциясын” иштеп чыгып, ал боюнча дискриминацияга тыюу салынып, этностук азчылыкка коллективдүү укуктар берилип, алардын маданиятынын салт-санаасынын өз алдынчалыгынын дининин, тилинин, маданий баалуулуктарынын сакталышы жөнүндөгү укуктук ченемдик нормалар бекитилген.

Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу (мындан ары ЖӨБ) системалык реформалардын улантылышында 1994-жылы мамлекет башчысынын ЖӨБ боюнча комиссия түзүүсүнө түрткү болгон. Аталган комиссия тарабынан ЖӨБну реформалоо эки этапта жүргүзүү каралган. Биринчи этап, ЖӨБну айылдардын, поселкалардын жана шаарлардын деңгээлинде реформалоо. Экинчи этап райондук, областтык деңгээлде реформалоо – жыйынтыктоочу этап болуп саналат [162]. Жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү чечимдерди кабыл алып, алардын аткарылуусун көзөмөлдөөдөгү чоң тажрыйбага ээ болду. Айыл өкмөт башчыларын, шаар башчысы - мэрди шайлоодо жана анын ишине ишеним көрсөтпөөдө 2017, 2018 - жж. Кара-Балта, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Каракол жана Чолпон-Ата шаарларындагы жергиликтүү кеңештин депутаттарынын “ишеним көрсөтпөө” иш аракеттерин белгилеп кетүүгө болот. Албетте карама-каршылык, акыйкаттуулукка жетүүгө жана өнүгүүгө түрткү болот. Ошентсе да кээ бир учурларда саясий трайбалисттик, кландык жана коррупциялык элементтерге жамынган фактылар да байкалып жатат. Шаардын жашоочуларынын наразычылыктары менен жылдык бюджет же жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынып, аткарылуучу жумуштардын кечиктирилүүсүн жаратып келет.

ЕККУнун укуктук документтери да этностук азчылыктын маселелерин кеңири чөйрөдө чечет. Маселен: “1950-жылы кабыл алынган адам укугун жана эркиндигин коргоо боюнча Европа конвенциясында да дискриминацияга тыюу

салуу, этностук азчылык маселелери [148]” каралган, “1990-жылы Жаңы Европа үчүн Париж хартиясында этностук азчылыктын укуктары”, “Акыркы мезгилдерде Европа Кеңешмеси кабыл алган Европа хартиясы этностук азчылыктын жана регионалдык тилдер жөнүндө [181]” маселе караган. Ошондой эле, этностук азчылыктын укуктарын коргоо максатында конвенция да кабыл алган.

Кыргызстандагы ЖӨБОнун жалпы заманбап аныктамасы 1985-жылдын 15-октябрында Европа Кеңеши тарабынан кабыл алынган. ЖӨБОнун Европалык Хартиясында белгиленген. ЖӨБО элдик бийликтин институту жана Конституциялык түзүлүштөрү ар түрдүү болгон өлкөлөрдө бир эле өлкөнүн ичиндеги өнүгүүсү ар кандай этаптарда, ЖӨБО ар түрдүү болушу мүмкүн экендигин белгилөөгө болот. ЖӨБОнун уюштуруу-укуктук формалары, органдардын бийлик-укуктары, ал органдардын укуктарды коргоо ыкмалары ар түрдүү. Ага карабай жалпыга бирдей баалуулуктары бар. Негизгиси – ЖӨБОнун жергиликтүү маанидеги маселелерди, жарандарды этникалык топтордун тике же шайлоо органдары аркылуу мыйзамдын чегинде, мамлекеттик башкаруусунун кийлигишүүсүз, өз чечимин кабыл алуу менен аткаруусунун бийлиги.

Эгемендүү Кыргызстанда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 1991-жылы апрелде «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө [162]» мыйзамы кабыл алынган. 1994-жылы 18-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун шаардык, поселкалык, айылдык органдарына алгачкы эркин шайлоолор өткөрүлгөн. Тилекке каршы, айыл өкмөт башчысын айылдык кеңештин калкы шайлаган тажрыйбада калк уруу-урууга бөлүнүп, трайбализм күч алган. Жыйынтыгында Кыргызстанда жакшы ийгиликке жеткен эмес. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу жергиликтүү жамааттар менен биргеликте ишке ашырылат. ЖӨБО мыйзамдын чегинде жана өз жоопкерчилигинин астында жергиликтүү маанидеги маселелерди башкарат. Жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруу

жергиликтүү кеңештер жана мыйзамда белгиленген тартипте ишке ашырылат. Жергиликтүү кеңештер: өз аймагында социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын бекитет. Алардын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт, жергиликтүү бюджетти, анын аткарылышы жөнүндөгү отчётту бекитет, жергиликтүү мамлекеттик администрацияга көз каранды эмес.

1995-жылы 18-апрелде Страссбургда кабыл алынган Алкактык конвенцияда этностук азчылыкка тийиштүү жарандардын укугун коргоо жана Эл аралык уюмдары да бекитилген [177]. Бул Конвенция жаңы багыттарды да өзүнө камтыйт. Анткени Конвенцияда бардык мүчө мамлекеттер, этностук азчылыктын укугун ар кандай шарттарда атайын чараларды колдонуу менен теңдүүлүктү камсыз кылуусу бекитилип, милдеттендирилген. Эгерде этностук азчылык аймактарда көпчүлүктү түзсө, алар саясий административдик жана укуктук турмушунда өз эне тилинде сүйлөп жана жаза алат деп каралган. Мамлекет тарабынан да этностук азчылыктын өз тилинде билим алуусуна шарт түзүп берүүсү милдеттүү деп баш мыйзам менен бекитилген. Ошол эле учурда этностук азчылык да мамлекеттик мыйзамдарды билүүгө, аткарууга, сыйлоого жана баш ийүү милдеттүүлүгү бекитилген.

Изилдөөчүлөр этникалык азчылыктын укуктарын мындайча аныкташат:– түрдүү себептерден коомдо, көпчүлүк жарандардын умтулуусунан айырмасы бар кызыкчылыктарга ээ болгон этностук азчылык тобунун укугу болот. Айрым учурларда кызыкчылыктары мамлекеттин биримдигинин социалдык түзүлүшүнө үстөмдүк кылуу үчүн моралдык саясий көз карашка да багытталат. Кээде улуттук статус жашаган аймагын өзгөртүү үчүн аракеттенген этникалык азчылык топтор кездешет. Бирок аларды көпчүлүк колдобогон учурлар да бар. Буларга улуттук, саясий-партиялык, экологиялык, феминисттик, диний көз караштар кирет.

Кыргызстандагы этностор аралык конфликтүү кырдаалдарды жөнгө салуудагы ЖӨБОнун саясий ролун анализдөө учурдун талабы. ЖӨБО – бул тийиштүү аймактардагы жамааттардын мыйзамдын чегинде, өз жоопкерчилиги

менен жалпы элдин кызыкчылыгынан, тарыхый, маданий жана башка жергиликтүү салттарынан келип чыккан иштерди, өкүлчүлүк, аткаруучу органдары менен жарандардын түз катышуусу жана башкаруусундагы ишмердиги [163]. КР Конституциясында 110 - беренесинде "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында, өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү [156]" экендиги бекитилген. Өз алдынча башкаруу органдары белгилүү бир аймактын жергиликтүү жамааттары менен бийлик-укуктары бар шайланма органдары юридикалык статуска ээ болот. Анткен менен, мамлекеттик башкаруунун бөлүгү боло албайт. Мыйзам боюнча эгерде өкмөт жалпы маселелерди (эл каттоо,референдум, шайлоолорду өткөрүү ж.б.) чечип калса, өз алдынча башкаруу органдарына таяна албайт, себеби өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик структура эмес ошентсе да өзүнүн аймактарында мамлекеттик маселерди чечүүдө кызматташышат. Саясий функцияларды аткаруу үчүн, өкмөт жер-жерлерде өзүнүн башкаруу органдары менен кызматчы адамдарын дайындап келет. Бирок, ЖӨБОнун баалуулуктары улуттук контексте менталитетте айырмаланат. Бир мамлекетте ЖӨБО кеңири эркин тамыр жайса, кээ бир мамлекетте ар тарабынан катуу көзөмөлгө алынган формалдуу, символикалуу мааниге ээ болот. Жефферсон, АКШнын жергиликтүү денгээлинде "кичинекей Республиканын" түзүлүшүндө ар бир жаран жыйынга же саясий кызматка жеке өзү катышы керектигин коргогон. Окумуштуу Алексис де Токвиль өзүнүн "Америкадагы демократия" деген эмгегинде: "Эгерде бийлик элде болсо, анда эл башкарыш керек [121, 67 б]" деп токтолот. Кыргызстанда демократиялык принциптер ишке ашуусу менен, парламенттик республика катары эл өкүлдөрү же Жогорку Кеңештин депутаттары башкаруу укугуна ээ болуп келет. "Өкмөт гана эмес, көпчүлүк бийлик, бири-бирине карама-каршы турган бийлик дагы бийликти көзөмөлдөөнүн жана чектөөнүн изи менен түшүш керек [46, 69 б.]" деп Мэдисон баса белгилеген.

Жогорудагы көз караштарды салыштырып, С.Хантингтон: "Джефферсондун умтулуусундагы демократия түп тамырынан Мэдисондун концепциясына тикеден-тике карама-каршы. Джефферсон үчүн республиканы элден алыстатуу болуп саналат. Мындайча айтканда, республиканын баштапкы коркунучу борборлошкон автократия болсо Ж.Мэдисон үчүн жергиликтүү көпчүлүк чоң коркунуч туудурган [64, 6 б.]" деп белгилейт. ЖӨБОнун башаты коомдук теорияда коомдун табигый укугунан келип чыгат. Коомдук теориянын жактоочулары ЖӨБнун укугу мамлекетке көз каранды болбостон жергиликтүү деңгээлде чарбалык жана коомдук маселелер менен иш алып баруусу зарыл.

Ал эми мамлекеттик теориянын жактоочулары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары борбордук бийликке коркунуч туудурары, ошол себептүү мамлекеттик башкаруу түзүлүшүнө кириши жана мамлекеттик саясатты ишке ашырууда мамлекеттик механизмдин бир бөлүгү болууга тийиштигин далилдешкен. Көрүнүп тургандай, жогорудагы бардык эле теориялык иштеп чыгуулардагы айырмачылыктар муниципалдык түзүлүштөрдүн табигый жаралуу тарыхын баалоодон келип чыгат. Ошол себептүү ЖӨБОнун теориясында да, практикасында да калыптанган бирдей образдуу түшүнүк болбой келет. Адамзат коомунда ЖӨБ чөйрөгө карай ар дайым толуктап, өзгөртүүлөрдү кийирүү аркылуу өнүгүүгө багыт алат.

Окумуштуу Э.Деттон өз изилдөөлөрүндө: "Бийликтин жергиликтүү органдарынын мамлекеттик иштердин көп бөлүгүн жана жергиликтүү маанилүү маселелерди мыйзам чегинде, өз жоопкерчилигин сезүү менен элдин кызыкчылыгына ылайык чечүү жөндөмдүүлүгү [49, 56 б.]" деп карайт. Андыктан Европалык Хартия да жоопкерчиликти ар бир ЖӨБОнун өзүнө калтырган. Тектеш өлкө болгон Казакстан менен Кыргызстанда да ЖӨБ эки башка статуска ээ. ЖӨБ Казакстанда мамлекеттик бийликтин бир звеносу катары каралса, Кыргызстанда мамлекеттик бийликтен тышкаркы бийлик катары каралат жана ал мамлекеттин башкаруу системасында өзгөчөлөнөт.

Этностор аралык конфликтерди чечүүдө жогорудагы аныктамаларга токтолуу менен ЖӨБОнун жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүдө негизги жоопкерчиликтүү экендигин белгилөөгө болот.

ЖӨБго профессор К.Исаев кыргыз авторлорунан биринчилерден болуп чыгыштын башкаруу маданиятына кеңири токтолгон. Батыштагы башкаруу реалисттик, прагматикалык маанайы менен өзгөчөлөнсө, Чыгышта башкаруу принциптери рухий, нравалык, идеялык баалуулуктарды алып жүрүшү менен мүнөздөлөт жана чыгышта диндердин таасири дагы эле болсо күчтүү [63, 13 б.]. Чыгыштагы кээ бир мамлекеттерде чыгыштын менталитети кылымдар боюу түптөлүп калган каада салттарын сактап мыйзамды анчейин эле тааныгысы келбейт. Индиянын улуттук лидери, саясатчы Махатма Ганди адамзаттын жана илимдин тарыхында “Күч колдонбоо” теориясын иштеп чыккан. Анткени жергиликтүү калктын күчү, аракети, колдоосу аркылуу гана коомдо этностор аралык мамилелер чыңдалып, туруктуу өнүгүүгө шарт түзүлөөрүн аныктаган.

Этностор аралык конфликтерди саясий өңүттөн изилдөө негизинен КР Конституциясына негизделет. Мамлекеттин жарандарынын тең укуктуулугу, милдеттери 16-беренеде: “эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес. Эл аралык милдеттенмелерге ылайык ар кайсы социалдык топтор үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга багытталып, мыйзамда белгиленген атайын чаралар кодулоо деп эсептелбейт. Кыргыз Республикасында жарандар, мыйзам жана сот алдында бардыгы бирдей. 31-беренеде улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салынат. 38-беренеде ар ким этностук тийиштүүлүгүн эркин аныктоого жана көрсөтүүгө мажбурланбашы керек [156, 18 б.]” деп белгиленген. Негизинен саясий өңүттөн изилдөөнүн объекти коомдун саясий түзүлүшү ошондой эле этникалык азчылыкка болгон

мамлекеттин саясаты, этникалык азчылыктын мамлекетти башкарууга жана мамлекеттин саясий түзүмүндөгү бийлик органдарына катышуу укуктары.

ЖӨБО жергиликтүү маанидеги маселелерди, ошондой эле бирге жашаган этностук азчылыктын маселелерин өлкөдөгү мамлекет түзүүчү жалпы калк бирге карап, бирдей чечет. Ошондой эле, ЖӨБО Конституцияда бекитилген тартипте мамлекеттин кабыл алынган мыйзамдарына, ченемдик укуктук актыларына ылайык келбеген актыларды чыгарганга, Конституциялык түзүлүшкө, улуттук коопсуздукка тикеден-тике коркунуч келтирүүчү аракеттерге баруусуна, мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузуу, этностор аралык конфликт менен диний араздашууну үгүттөөсүнө жана козутуу багыттарына аракеттерди жасоо мыйзам чегинде жазаланат.

Этностор аралык конфликтердин алдын алуу боюнча коомдук кабылдамалар жөнүндө жобо кабыл алынып ар бир көп этностуу район шаарларда алардын өкүлдөрү райондук мамлекеттик администрацияларында, шаардык мэрияларда бардык шарттары бар кабинеттер менен камсыз кылынган. Тилекке каршы, элибиздин менталитети арыз менен кайрылууга көнө электигин эске алсак аймактардагы бир адис алдын алуу чараларын көрүү үчүн кайрадан ЖӨБОго жиберет же маалымдайт деп жазылган (тиркемени караныз). Андай болгон шартта канчалык денгээлде өкүлчүлүктү түзүү зарылчылыгы бар экендиги байкалат. Кыргызстандагы ЖӨБОнун континенталдык же романо - германдык моделине ылайык, жергиликтүү аймактарда түздөн-түз мамлекеттик башкаруу, ЖӨБО менен айкалышат. Континенталдык моделдин алкагында өлкөдөгү мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигинин үстүнөн көзөмөл жүргүзө алат, жергиликтүү деңгээлдеги бир катар жалпы мамлекеттик мүнөздөгү функцияларды аткаруусунда кызматташышат.

ЖӨБО таасир этүү үчүн аны көзөмөлдөөгө мамлекет тарабынан үч орчундуу мүмкүнчүлүгү бар;

- мамлекет жалпы жана этностор аралык мамилени жөнгө салуу үчүн мыйзамдарды кабыл алынган жана бардык юридикалык жактар сымал эле ЖӨБО да баш ийет,
- мамлекет борбордук каржы каражаттарын көзөмөлдөйт. Мамлекеттик саясий башкаруу менен финансылык каржылык болбосо ЖӨБО өз ишмердиктерин жүргүзө алышпайт. Каржылык колдоо көрсөтүү менен мамлекет өз алдынча башкаруу органдарына мамлекеттик саясий маселелерди аткаруу шарттарын коё алат,
- өз алдынча башкаруу органдары тигил же бул (элдик, улуттук же жалпы) мыйзамды бузса өзүнүн укук алкагынан сыртка чыккан иштерди жасаган болсо, этностор аралык конфликтүү кырдаалга түртсө же чакырык жасаса анда мамлекеттин, жеке жарандардын, этностордун укук коргоо органдарына кайрылуу укугу бар. Укук коргоо органдары жынысына, этникалык өзгөчөлүктөрүнө, тилине, дин ишенимине карабай, баарын тең бирдей кароого милдеттүү.

Кыргызстандагы мыйзамдардын мүнөздүү өзгөчөлүгү бар, маселен, башка мамлекеттердин курамындагы кыргыз улутундагы этникалык азчылыкка да кам көрүүсүн 2007-жылдагы Конституциянын 20-беренеси [156, 18 б.] менен бекемдөөгө болот. Ошондой эле кайсы бир мамлекетте жашаган этностук азчылыктардын өз тилдерин сактап калуусу да мамлекеттин баш мыйзамында көрсөтүлүп, мамлекеттик тил катары кыргыз тили, расмий тил - орус тили, этностук азчылыкка таандык башка тилдерин сактоо мамлекет тарабынан кепилдикке алынат, мамлекеттик жана расмий тилди билбегендиги үчүн куугунтукталбайт мамлекеттин аймагында жашоочу бардык эл бирдей укук, милдеттерге ээ. Тактап айтсак, коомдун бардык мүчөлөрүнүн, ошонун ичинде этностук азчылыктын укуктары жана эркиндиктери бирдей. Эч кимдин коомдун башка мүчөлөрү ээ болгон укук жана эркиндиктерден ашык укук жана эркиндиктерге ээ болушу мүмкүн эмес. Жалпы жонунан жеке укук жана эркиндиктер, адамдын жана атуулдун эркиндиктери, атуулдун коомдун иштерин башкаруу укугу, социалдык-экономикалык укуктар, социалдык-

маданий укуктар, адамдын жашоого бедел-баркка болгон укугу, дин тутууга, ой-пикирлерин эркин билдирүү, эс алууга укуктуулугу, эне менен баланын мамлекет тарабынан коргоого алынышы, медициналык жардам алуу укугу этникалык таандуулугуна, өзгөчөлүгүнө карабастан баарына бирдей. Көп этностуу мамлекеттердин бири Кыргызстанга чектеш турган Казакстан менен салыштырып карасак: "бардык көп этностуу мамлекеттерге таандык, нормалар сакталгандыгын көрүүгө болот [157]". Этностор аралык мамилени өзүнүн изилдөө объекти катары карап жаткан саясат ар түрдүү формада ой, сөз жана коомдогу адамдардын жүрүм-туруму түрүндө жашайт. Этносаясаттын формасы мамлекеттеги жалпылык менен иш алып баруу түзүмү, институттары, мыйзамдары, саясий жана укуктук нормалары. Этносаясаттын мазмуну – эл жөнүндөгү көйгөйлөрдү чечүүдөгү чечим кабыл алуу мотивдеринен көрүнөт.

Этностор аралык мамилелердеги ЖӨБОнын ишмердүүлүгүн изилдөө максатында анкета түзүлүп, түштүк аймагындагы беш жүздөн ашуун жаранга социологиялык сурамжылоо жүргүзүлдү. Мындай социологиялык сурамжылоо иштери бизге чейин да бүтүндөй Кыргызстандагы конфликтүү көйгөйдү изилдөө максатында Н.Омуралиев тарабынан жүргүзүлгөн. Ошол сурамжылоонун жыйынтыгы менен салыштырсак: "Текшерүү үчүн суроо, этникалык азчылыктын өкүлдөрүнө: Кыргызстанда кайсы уюмдар этностор аралык мамилелерди жакшырта алышат?. Респонденттердин жооптору төмөндөгүчө болду: мамлекеттик бийлик органдары – 53,2%; авторитеттүү адамдар, аксакалдар – 31,6%; райондук бийлик органдары – 20,8%; ӨЭУ, партиялар – 18,8%; областтык бийлик органдары – 18,6%; баары бирге жана башкалар – 3,3%". Анализ көрсөткөндөй традициялык региондордун авторитети күчтүү республикалык бийлик органдары жана аксакалдар, ошол эле убакта областтык жана райондук бийлик менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чоң күчү бар. Чүй областында, Бишкек шаарында республикалык бийлик жана аксакалдар биринчи планга ӨЭУды жана кыймылдарды, жергиликтүү бийлик органдарынын авторитетин тосушат [93, 234 б.]" деп белгилешкен. Ал эми биз тараптан өткөрүлгөн сурамжылоодогу

суроодо: жергиликтүү аймактагы же ошол эле аймакта жашаган этностор аралык конфликтүү кырдаалды төмөндөтүү үчүн кандай иш-чаралар зарыл? - деген суроого төмөндөгүдөй жоопторду алдык:

- 30% - экономикалык көйгөйлөрдү чечүү, элдин жыргал жашоосун жогорулатуу, кошумча жумуш орундарын түзүү, толук кандуу жашоого шарт түзүү, калктын бардык катмарында социалдык-экономикалык деңгээлди жогорулатуу, бардык улуттун өкүлдөрү үчүн бирдей экономикалык шарт жаратуу, жашоо деңгээлин бирдей жогорулатуу, экономикалык кырдаалды жакшыртуу, өнөр жай өндүрүшүн көтөрүү, материалдык ресурстарды пайдалануунун тең укуктуулугу, региондордогу инфраструктураны өнүктүрүү ж.б.;

- 25% - үгүттөө жана алдын алуу, калк арасына дайыма алдын-алуу иштерин жүргүзүү, калкты мобилизациялоо, уюштуруу, достук-шериктештик багытындагы уюмдарды көбөйтүү, адилеттүү этностук саясат жүргүзүү, массалык маалымат каражаттарынан түшүндүрүү иштерин кеңейтүү, конфликтүү кырдаалды төмөндөтүүчү конкреттүү иш-пландарды иштеп чыгуу, үйдө, мектепте туура тарбиялоо, мамлекеттин тарыхын, маданиятын, искусствосун мыкты билүү, маданий-экономикалык деңгээлди жогорулатуу, массалык маалымат каражаттарынын деңгээлин улуттук тилде жогорулатуу, улуттардын башын бириктирүүчү массалык иш-чараларды уюштуруу;

- 13% - укуктук-мыйзамдык (мыйзамды сактоого жетишүү, бардык улуттардын тең укуктуулугун өнүктүрүүчү саясат жүргүзүү, укуктар тууралуу мыйзамдарды иштеп чыгуу, мыйзам алдында объективдүү болуу);

- 10% - адистик маселелери (мамлекеттик бийликте паракорчулук жана жумушсуздукту чече ала турган адистердин болуусу, жетекчиден көз каранды болгон маселелерди так жана туура чече билген жетекчилик орундардын так аткарылышы, чек ара, сууну пайдалануу менен байланышкан маселелерге өзгөчө көңүл буруу, эмгек коллективиндеги көп этностуу курам, этностук азчылыктын өнүгүүсү үчүн бирдей шарт жаратуу, мамлекеттик кызматка

кеңири мүмкүнчүлүк, жердешчиликти жоюу; этностук тегине карап жумушка алуу маселесине бөгөт коюу;

- 11% - социалдык көйгөйлөрдү чечүү, жакырчылык, жумушсуздук, миграция, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга камкордук ж.б.;

- 8% - конфликтүү кырдаалга алып келүүчү көйгөйлөрдү чечүү, экономикалык, маданий, руханий жана башка мүнөздөгү;

- 9% - уюштуруучулук, жергиликтүү бийлик органдарынын бийлигин күчтөндүрүү, аткаруучу органдардын жана айыл башкармалыгынын (управа) таасирин күчтөндүрүү, тараптарга макул келген документалдуу келишимдерди түзүү;

- 5% - этникалык, этностор аралык мамилелер туурасындагы маселелерди чечүүдө этникалык азчылыктын кызыкчылыгын эсепке алуу;

- 12% - тилдик, этностук азчылыктын өкүлдөрүнүн мамлекеттик тилди үйрөнүү жана сүйлөө зарылдыгы;

- 3% - конфликтке алып келүүчү себептерди табуу үчүн мониторинг жүргүзүү кырдаалды иликтөө жана интернационалдык саясат жүргүзүү, интернационалдык тарбия берүү багытындагы иш-чараларды өткөрүү.

Баарын жыйынтыктап келип, конфликтүү кырдаал өтө көп кездешкен кыргыз жана өзбек этносторунун пикирине басым жасасак, кыргыздардын көпчүлүгүнүн көз карашы төмөндөгүчө: Жергиликтүү бийликти күчтөндүрүү – - 25%, экономикалык иш чараны жүргүзүү – 34%, пропогандалык багыттагы иш чара жүргүзүү – 27%, социалдык багыттагы иш чара жүргүзүү – 13%, ал эми өзбек этносу интернационализм пропогандасы - 44%, экономиканы өзгөртүү чөйрөсү – 18%, мыйзамдык демилге – 15%, кадр маселеси 11%, жергиликтүү бийликти күчтөндүрүү – 15% ды түздү. Ошондой эле сурамжылоо иштеринин жыйынтыктары чыгарылып, белгиленген көйгөйлөрдү колго алуу менен мыйзамдардын так аткарылуусуна жетишүүгө, жергиликтүү өз алдынча башкарууну колго алуу зарылдыгы аныкталды. Ошондой эле жыйырма эксперттик сурамжылоо өкмөттүк эмес уюмдардын жетекчилерине, саясий

илиминин кандидаттарына, чет өлкөдөн келип этностор аралык конфликти изилдөө жана жөнгө салуу багытында иштеген адистер тартылышты.

Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы айыл өкмөт башчысына караганда айыл башчылардын ролу таасирдүү экендиги да белгилүү болду. Айыл башчы жана айыл өкмөт башчысынын ролун салыштырып карасак, айыл өкмөт башчысы – өз ыйгарым укуктары, жергиликтүү жарандардын ишмердүүлүгү менен жашоо-тиричиликти камсыз кылууну башкарууну ишке ашыруу үчүн айылдык, шаардык кеңештердин ичиндеги аткаруучу-тескөөчү органы [12, 64 б.]. Айылдык, шаардык кеңештердин депутаттарына берилген ыйгарым укуктарынын аткарылышы жана шайлоочуларынын алдында отчёт беришет. Айыл өкмөт башчысы укуктук абалы жагынан мамлекеттик башкарууга тийиштүү, бирок мамлекеттик башкаруу чөйрөсүнөн тышкаркы функцияларды да аткарышат. Мамлекеттик бийлик органдарынан айырмаланган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары  мамлекет түзүүчү жалпы калк менен бирге жашоо кечиришип ар дайым тыгыз байланышта иш алып баргандарына карабастан демографиялык маселелерди чечүүдө укуктук жактан алсыз. Анткени демографиялык саясат – социалдык-экономикалык саясаттын бөлүгү, мамлекеттик же аймактык шартта саясат жүргүзүлөт, ал эми негизги мазмуну элдин таралыш жана жайгаштыруу процестерине таасир берип келет. Демографиялык саясаттын натыйжасы мамлекеттик статистикада катталып, демографиялык саясаттын негизги багыттары катары – калктын көбөйүшү менен миграция, эмгек ресурстарынын курамы менен структурасы, калктын иш менен камсыз болуусу, мамлекеттик кызмат көрсөтүү мекемелеринин бардык этникалык топтун өкүлдөрүнө бирдей каралуусу, материалдык ресурстарды бир өлкөнүн ичинде жашаган этникалык топтордун бирдей пайдалануу укугуна ээ болуусу каралган.

Ошондой эле жергиликтүү аймактагы конфликтүү кырдаалды курчутуучу дагы бир көйгөй дискриминациялык көз караштардын кездешүүсү. Мамлекеттик деңгээлде жана жергиликтүү деңгээлде болсун

дискриминациялык көрүнүштөргө жол берилбегендигин мамлекеттик мыйзамдар тастыктайт. Дискриминация – кээ бир жарандык топторду жынысына, улутуна, социалдык тегине, расасына, динине, саясий көз караштарына байланыштуу укуктарынан ажыратуу жана чектөө. Белгилүү илим изилдөөчүлөрдүн пикирине ылайык ал “катуу сегрегациядан” (бөлүнүү) атайын бөлүнгөн аймакка күч менен көчүрүп жиберүүгө, геноцидге чейин жетүүсү мүмкүн. Кайсыл убакта жүргүзүлгөндүгүнө карабастан дискриминация адам укугун бузуу болуп саналат (1949-жыл БУУнун конвенциясы). Дискриминация диний себептер менен да болгондугу жөнүндө Бирмадагы абалды белгилеп кетүүгө болот. Дискриминациянын дагы башка түрлөрү аялдардын, балдардын, “түстүүлөрдүн” айлык-акыларын аз төлөгөн мезгилдер болгон. Тоталитаризмдин убагында дискриминациянын кээ бир түрлөрү кездешип, орусташтыруу процесстери жүргөндүгү белгилүү. Дискриминация либералдык-демократтык коомдо да орун алган, адам укугу менен эркиндигинин улутуна, расасына, динине карабай сактап коргоосу актуалдуу маселе. Бул боюнча 1982-жылдагы БУУнун 42-сессиясында, Россияда жарандар укугу бузулуп жатат деп билдирилген. СССРдин кулоосунан кийин дискриминациялык жаңы фактылар пайда болуп, натыйжасында жергиликтүү эмес калк эмиграцияга дуушар болуп жатат [11, 324 б]” деп билдирилген.

Этностор аралык конфликтерди жөнгө салуудагы биринчи шарт сырткы күчтөрдүн, башка тараптардын кийлигишүүсүнөн алыс болуу. 2010-жылы июнь окуялары өкүм сүргөн оор жоготуулар учурунда өткөөл мезгилдин экс - президенти Р.Отунбаева Россия Федерациясынын президенти В.Путинден жардам сурап кайрылган. Анткени абал өтө оор болгон. Бирок В.Путин Кыргызстандын ички саясатына кийлигишүүдөн баш тарткан. Экинчи шарт, согуштук аракетти токтотуп, конфликтин катышуучулары аралык саясий компромисске жетишүү зарыл. Каршылашып жаткан эки тарап Убактылуу Өкмөттүн, укук коргоо органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ыкчам аракеттери менен этностор аралык конфликтини токтотууга, жөнгө салууга жетише алды. Этностор аралык конфликтерди жөнгө

салуу системасында институционалдык жана инструменталдык жолдор сунушталат.

Институционалдык жол ички конфликтерди жөнгө салуу жана токтотуудагы өзгөчө инфраструктураны жана уюм тармактарын түзүү. Ал улуттук, аймактык жана ааламдашкан деңгээлдеги институттарды өз ичине камтуусу шарт.

Инструменталдык жол этностор аралык конфликтерди жөнгө салуучу конкреттүү чаралар, инструменттер. Алардын ичинен төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот: тактикалык, оперативдик жана стратегиялык кабыл алынган чечимдер.

Тактикалык чечимдер конфликти жөнгө салуунун экономикалык же күч колдонуучу жолу, ошондой эле, катышуучуларга болгон басым же сүйлөшүү процессинин негизинде иш алып баруу;

Оперативдик чечим ар түрдүү кыймылдарды өз ичине камтыйт, конфликтин чыңалуусуна чек коюу багыты (согушчандарды куралсыздандыруу, согушка катышкан тараптарды бөлүү, негизги объектилерге болгон көзөмөлдү күчөтүү) же конфликтин кесепеттерин жөнгө салуу, качкындарды жайгаштыруу, коммуникацияны калыбына келтирүү, чыр-чатакты уюштуруучуларды жазага тартуу;

Стратегиялык чечим этностор аралык мамиленин кризисин алдын алууга багытталып, укуктук, саясий, экономикалык жана социалдык-психологиялык шартты каршылашкан тараптарга ылайыктап, ыңгайлуу багыт алуу жолу.

Этностор аралык конфликтерди чечүүдө көптөгөн өлкөлөрдүн төмөндөгү принциптерге негизденүүсүнө А.Я.Анцупов мындайча токтолот:

- “Чек араларды өзгөртүүсүз калтырууга жетишүү, мамлекеттик, областтык, райондук;

-Баардык талаш маселелерин мыйзамдын, Эл аралык укуктук документтердин негизинде конфликтсиз чечүүгө жетишүү [17, 354 б]”.

Жогорудагы сунуштарга кошулуу менен этностор аралык конфликтерди токтотууга, алдын алууда жана жөнгө салууда өнүккөн өлкөлөрдүн усулдук

жардамдарына, практикалык ыкмаларына таянабыз. Ошого карабастан ар түрдүү аймактагы этностор аралык конфликтердин өзгөчөлөнгөн белгилерине да көңүл буруубуз абзел.

Этностор аралык конфликтердин кесепеттерин жоюп, анын кайталануучу көрүнүшүнөн оолак болуу үчүн болуп өткөн окуядан сабак алуубуз шарт. Анткени этностор аралык конфликтер кайсы мейкиндикти өз кучагына албасын бийликке наразычылык билдирилет. Ал эми бийлик органдары бул окуяны күч менен басуу, коркутуп-үркүтүү, куугунтукка алуунун ордуна, тескерисинче абдан сергек жана ийкемдүү мамиле жасап, аларга коюлган талаптарга көңүл буруп, кечиктирбей өз убагында жооп берип, зарыл чечимдерди кабыл алып, полиэтносторго ылайык ишке ашырганда 1990, 2010-жылдардагы этностор аралык конфликтин алдын алууга болор эле.

Этностор аралык мамлилелерди изилдөө, 2005 жана 2010 - жылдары болгон саясий төңкөрүштөр, конфликтке же сепаратисттик чакырууларга алып келген айрым бир себептерге токтолобуз алар конфликтин себептерин изилдөө боюнча түзүлгөн мамлекеттик, депутаттык комиссиялардын отчетторунда да көрсөтүлгөн;

- Убактылуу Өкмөттү кайрадан кулатуу жана 2010-жылдын 7-апрелинде жоготкон бийлигин кайрадан кайтарып алууну максат кылып мурдагы бийликтин жактоочуларынын өлкөдөгү жагдайды дестабилдештирүү жана этностор арасында кагылышууларды уюштуруу боюнча пландары;

- өзбек жамаатынын өз алдынча бөлүнүп жашаганы, күнүмдүк тиричилигине тырышып, мамлекеттин саясатынан алыстыгы, шайлоодогу добушун ата-эне же айыл лидеринин сунушу менен берүүсү, алардын Кыргызстан коомчулугуна толук кандуу аралашпагандыгы;

- 2010-жылдын 7-апрелиндеги өлкөдө бийликтин алмашуусу жаңы кадрдык өзгөрүүлөрдү жаратты. Бул кадамдар өлкөнү дестабилдештирүүгө жана жаңы бийликти кулатууга, өздөрүнө мурдагы таасирин жана мүмкүнчүлүктөрүн кайтарып алуу үчүн колдон келген акыркы аракеттерин жумшады. Реваншисттер тарабынан туруксуздукту орнотуу үчүн бардык мүмкүнчүлүк

колдонулду. Ошону менен бирге алар өлкөнү бөлүүгө да аракеттеништи, “түштүк республикасын” түзүү тууралуу маселе көтөрүлдү. Айрымдар конфликт учурунан пайдаланып байлык топтоого үлгүрүштү жана улутчул маанайдагы саясий топтордун колдоосуна ээ болушту. Мындай кесепеттер мамлекеттик бийликти алсыратып сепаратизмди күчөткөн.

- 7-апрель төңкөрүшүндө мурдагы бийлик тарабынан берилген буйрукка ылайык демонстрацияга чыккан жарандарга каршы ок атуучу курал колдонулгандыгы укук коргоо органдарынын адистеринин моралдык абалын төмөндөтүп, калктын ишеничинен алыстаткан;
- системалуу коррупция бийликтин бардык бутактарында, өзгөчө жергиликтүү жетекчилер арасында күчөгөн. Бул жагдайлар жарандар арасында бийлик институттарына, укук коргоо органдарына, сот кызматкерлерине болгон ишеничтин жоголуусуна алып келген.

2010-жылдын 13-14-майында качкын президенттин жактоочулары КР Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Жалал-Абад областындагы имаратын ээлешкен. Ошол кездеги губернатор Б.Асанов менен “Ата Мекен” партиясынын мүчөлөрүнүн эски бийликтин тарапкерлерине каршы кагылышуунун кесепетинен 2 адам каза болуп, 65 адам жаракат алган. Жалал-Абад областтык мамлекеттик администрациясынын имаратын бошотушкан. Андан кийин К.Батыров ок атуучу курал менен бирге темир таяктар менен куралданышкан 500 дөй колдоочулары болуп К.Бакиевдин жана туугандарынын Тейит айылында жайгашкан үйлөрүн өрттөп жиберишкен [150]. Бакиевдин үйүндө илинген мамлекеттик Туунун өрттөлүшү кыргыздардын кыжырын кайнатып этностор аралык конфликтин чыгуусуна түрткү болгон.

- КР ЖКнын ошол кездеги депутаты А.Сабиров тарабынан 2007-жылы Тажикстан Республикасынын Кыргызстандагы Элчилигине атайын өтүнүч кат менен кайрылган, ал катта Тажикстан Республикасындагы Тоолуу Бадахшан автономиялуу облусун түзүүдөгү мыйзам ченемдүү укуктук-ченемдик документтер кандай негизде даярдалгандыгы жөнүндөгү маалыматтар суралган. Мындай фактылар сепаратисттердин лидерлери автономия түзүүнүн

мыйзам ченемдүү жол-жоболоруна 2010-жылга чейин кызыккандыктарын байкоого болот.

- Мамлекеттеги саясий тирешүүнүн күчөгөнүн, стабилдүүлүктүн жоктугун улутчул-сепаратисттер үчүн өз максаттарына жетүүгө оңтойлуу шарт түзүлдү деп кабылдашкан. Максаттарына жетүү үчүн радикалдаштырып, массалык маалымат каражаттарын колдонушуп (ОшТВ, Мезон ТВ ж.б.) ачык эле сепаратисттик идеяларын жарыялап турушкан. Сепаратисттик маанайдагы лидерлер жеке таасирин өзбек этникалык топтордун өкүлдөрүнө жайылтууга жетишкен. Ошол эле учурда массалык маалымат каражаттарынан бул маалыматтарды көрүшкөн кыргыз этникалык топтордун өкүлдөрү үчүн кыжырданууну жаратып ачык каршылашууга негиз түзгөн.

Кыргыз коому демократиялашып базар экономикасында жашаган кезде өзүбүз өнүп-өскөн, калыптанган, билим, тарбия алган коомдун жакшы, жагымдуу жактарын анализдеп анын келечектүү жактарын эртеңки күнүбүз үчүн пайдаланбасак анда биз алдыга карай өсө албайбыз. Мындай көйгөйлөрдүн эң орчундуусу бул этностор аралык мамилелер маселеси.

Эгемендүүлүк жылдарында Кыргызстанда коомдун бардык чөйрөсүндөгүдөй эле этносаясий жана этномаданий процесстер өзгөрүүлөргө дуушар болду. Демократиянын принциптери укуктук мамлекетти, граждандык коомду куруу, рынок мамилелерине өтүү процесстери коом турмушунун бардык чөйрөсүндө өзгөрүүлөр менен баалуулуктардын өзгөрүүсүнө алып келди. Булардын баары жалпы эле коомдук процесстерге анын ичинде этностук мамилелерге жаңы саясий өңүттөн кароого туура келди. Изилдөө процесси улут маселеси менен жалпы тарыхыбызга да мүнөздүү. Тарыхыбызды тыкыр изилдеп, тарбия, каада салт, үрп-адат, маданиятыбызды тактап, заманбап деп кийирип алган ашыкча убаракерчиликтерди, чыгымдарды жана ысырапкерчиликтери кыскартып  алдыга карай пландоо Кыргызстандагы мамлекет түзүүчү жалпы калкка үлгү, стратегиялык багыттарды кароо мезгили бышып жетилди. 2018-жылдын илим, билим күнүндө Президент С.Ш.Жээнбеков белгилегендей илимий изилдөөлөр калк арасына жеткирилип,

саясий мамлекеттик нукка түшүүсү зарыл деп токтолду. Илимий ийгиликтер коомдук жашоо менен тыгыз байланышта колдонулганда гана туруктуу өнүгүү болоорун белгиледи. Республикадагы этностор аралык мамилелерди ар тараптан иликтөөгө жана аны реалдуу чечүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт деп эсептейбиз. Көбүнчө биз, түшүнүү үчүн эмес жооп берүү үчүн гана угабыз. Андыктан, Сталин айткандай этнос мамилеси жана маселеси тарыхтын табигый өсүүсүндөй эле жаңылануууга жана толукталып турууга муктаж. Кыргызстандын миңдеген жылдык тарыхын калыбына келтирүү, аны кайра жаңылап түзүү, ар кандай булактардан бир күкүмдөн чогултуу, бүгүнкү күндүн тарыхчыларынын эле эмес ар бир илим изилдөөчүнүн милдети болууга тийиш. Акыркы кездери эле кыргыздардын Евроазия континентиндеги ролу анча-мынча тарыхка жакындашкан китептерден баштап фундаменталдык эмгектерде жарык көрүп келет. Ал өзүбүздүн эле эмес башка өлкөлөрдүн да тарыхчылары, окумуштуу изилдөөчүлөрү өз эмгектеринде бааларын берген кыргыз изилдөөчүлөрү Ю.С.Худяков менен В.Я.Бутанаевди белгилеп кетүүгө болот.

Мына ошол изилдөөлөргө таянып, этностор аралык мамилелерди өнүктүрүү, мамлекетке аты берилген кыргыздардын айланасына баш кошуп тарыхый тагдыры бир болгон бардык этностук топтордун аң сезиминде «Менин өлкөм Кыргызстан» деген патриоттук сезим орногондо анын ысык-суугуна бирге күйүп-жанса гана биз жалпыбыз биригип мамлекетти гүлдөтүп этностор аралык пикир келишпестиктердин алдын алабыз.

Улуу муундун өкүлү, белгилүү саясатчы Ж.Ж.Жоробеков белгилегендей Кыргыздардын бешенесине «Россиядагы улуу Октябрь революциясы» болуп көрбөгөндөй таасири менен азыркы эгемендүү Кыргыз мамлекетинин түптөлүүсүнө негиз болгон [61, 50 б]. Андыктан ошол мамлекеттин туруктуу өнүгүүсү үчүн этностор аралык мамилелер баардык илимдердин колдоосуна муктаж экендигин өз илимий изилдөөлөрүндо белгилеген.

Жарандардын аң сезими, дүйнө таанымы, дүйнөнү кабыл алуусу, кайда багытталганы маанилүү. Жарандар арасында улутту сактап калуубуз керек

деген курулай көкүрөк кагуулар, илимдин жетишкен жаңылыктарынан кабары жок инсандар кездешет. Биздин менталитет жана кыргызды сактаган каада салттардын баары жакшы, ал эми заман талабы деп кафелерде аш, той өткөрүү кыргыздын салтыбы же корубу? Кыргыз бүгүн кимди угат? Кайда карай кетип бара жатабыз? Булардын баары кыргыздын келечегине кандай таасир калтырды. Этностор аралык мамилеге той аштын кандай таасири бар деген да ой болушу мүмкүн. Убактыбызды, энергиябызды жана тапкан акчабызды улуттук баалулуктарды сактоого жумшап, мамлекетке аты берилген калк катары мамлекетти түзгөн бардык этностук топторго үлгү болуубуз шарт. Кыргызстанда 90 пайыз мусулман калкы жашаса кыргыздардан башка мусулман динин тутунушкан этностук топтордун баарында жакшылык жамандыктарында ашыкча чыгым, ысырапкерчиликтер жөнгө салынган. Багытыбызды аныктап кур намыска эмес чыныгы жашоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө багыт алсак, ынтымак менен биримдикти курууга убактыбыз менен билимибизди жумшасак жаңылышпасак керек. Мындай аракеттер да жарандык иденттүүлүктү же бирдейликти калыптандырууга, жергиликтүү башкарууну өнүктүрүүгө өз салымын кошуп этностор аралык мамилелердин жакшыруусуна таасир тийгизе алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлиги, айыл өкмөт башчысы менен айыл башчылар бул багытта көп баскычтуу түшүндүрүү иш чараларын жүргүзүп жарандар арасында ишке ашыру аркылуу, мамлекеттин жалпы калкын ушундай кесепеттүү көрүнүштөрдөн оолак болуусун камсыздап, интернационалдык багытты өнүктүрүүсү зарыл экендигине ынанууга болот. Анткени конфликти чечүүгө караганда анын алдын алуу, жөнгө салуу рационалдуу жолдордун бири экендиги белгилүү. Бул багытта иш алып барууга да жергиликтүү жамаат милдеттүү, анткени жергиликтүү аймактын жашоо тиричилигин камсыз кылуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чече турган маселелердин бири болуп саналат.

Белгилей кетүүчү нерсе, жарандуулук жарандык улуттук өзгөчөлүгүн четке какпайт. Дал ошол элдин маданиятында, тилинде, салт-санаасында кайсы

бир элге, улутка, этникалык тайпага мүнөздүү улуттук спецификалык өзгөчөлүк жатат. ЖӨБО этностор аралык конфликтерди токтотууга, жөнгө салууга, этностор аралык мамилелерди жана байланыштарды жакшыртууда, Эл аралык кабыл алынган укуктук нормаларга негизденет. Анткени жергиликтүү жамаат өз жеринде көйгөйдү да анын чечүү жолдорун да жакшы билишет, андыктан этностор аралык байланыштар, мамилелерди бекемдөө, бириктирүү аймактардын туруктуу өнүгүүсүнө алгылыктуу шарт түзө алат.

## 2.3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык мамилелеринин өнүгүшүндө Кыргызстандын түштүгүндөгү тажрыйбасы

Этностор аралык мамилелердин алгылыктуу тажрыйбасы, ЖӨБО жергиликтүү маанидеги баардык маселелерди кабыл алууга жана чечүүгө жооптуу экендигин жогорку главаларда токтолдук. Ошентсе да жергиликтүү калк менен болгон байланыштын аздыгы, жарандардын пикир сунуштарынын эске алынбагандыгы этностор аралык мамилелердин бузулуусуна жана конфликтердин келип чыгуусуна алып келери аймагыбызда болуп өткөн конфликтерди изилдөөдө аныкталды. Аймактагы жергиликтүү калктын жыйналышка жана чечим кабыл алууга катышпагандыгы, жер-жерлерде токтоосуз чечүүнү талап кылган маселелердин кечиктирилүүсү жарандар арасында нааразычылыктарды жараткан. Калк арасындагы түзүмдөргө ылайык, этникалык топтордун ич ара байланыштары жана карым-катнаштары алардын кылган иштерине таасир этет. Кээ бир этникалык топтор башка этникалык топторго караганда күнүмдүк жашоо тиричилигине тың, ал эми башка этникалык топтор салыштырмалуу орто же начар жашашат. Аймактагы саясий туруксуздук [95, 74 б] же жалпы көйгөй убагында мына ушундай жашоо денгээлдери да таасир этет. 1990, 2010-жылдары болуп өткөн этностор аралык нааразычылыктар, конфликтерди, автономия түзүү, сепаратисттик аракеттер, этностордун тилине статус берүү талаптары менен чыгуусу айкын мисал болот.

Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү менен мамлекеттин саясатын, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, мыйзамдарын, укуктук ченемдик актыларынын аткарылуусу бардык жарандардын милдети. Жергиликтүү маанидеги маселелерди колго алуу менен мамлекеттин келечегин, туруктуулугун эске алып андагы жашаган бардык этностук топтордун жарандары бирдей укук милдеттерге ээ экендигибизди ар дайым жалпыга маалымдоо зарыл. Этностор аралык мамиленин өнүгүүсү жергиликтүү жамаат арасындагы ынтымак менен биримдиктен көз каранды.

Алп жазуучу Ч.Айтматов 1987-жылы Фрунзе шаарында өткөрүлгөн конференцияда: “100 жылдан да көптөн бери-коюн колтук алышып жашап келе жатабыз. Бирок алардын бардыгынын тилдери сакталып, өнүккөн, кубаттуу, негизги ата-мекендери бар. Немистердин аркасында Германия турат, өзбектердин болсо классикалык маданияты бар Өзбекстаны бар, дунгандардыкы - бүткүл Кытай, корейлердин – Кореясы бар. А эгерде кыргыз маданияты, адабияты, тили, тарыхы ушу өз жеринде өнүгө албаса, дүйнөнүн башка жеринде эч качан пайда болуп өнүгө албайт. Мына ушул жагдайды дайыма эске тутуу керек [8, 428 б.]” деп эскерткен. Демек, биз мамлекеттин кызыкчылыгын жана саясатын негизги орунга коюубуз шарт. Жалпы мамлекет жарандарын ошол кызыкчылыкка жетектөө мамлекетке аты берилген калк катары үлгү болуубуз зарыл.

Этностор аралык мамилени жөнгө салууда мамлекеттик тилди жана ЖӨБО менен биргелешкен иш аракеттерин колго алуу, жергиликтүү жамаатта жашаган этностук топторду жергиликтүү маанидеги чечимдерди кабыл алууга жана аткарууга катышуусуна  басым жасоо аркылуу этностор аралык чыр-чатактарды мыйзамдуу жайгарууга боло тургандыгы байкалат. Сталиндик “Кадрлар баарын чечет” теориясы башкаруунун заманбап усулдарында да, көптөгөн конфликтердин келип чыгуу себептери качан гана төмөндөгүлөр мурдагыдай баш ийбей калганда же болбосо жогоркулар мурдагыдай башкара албай калганда жаралгандыгы бир канча ирет тастыкталган. Андыктан мамлекеттин  саясатын токтоосуз колго алуу президенттен баштап айыл өкмөт башчыларынын жана жергиликтүү калктын учур талабындагы милдети болуусу шарт. Бул багыттагы изилдөөлөрүндө, окумуштуу А.Акунов: “Көп улуттуу мамлекетте жашаган улуттар же этностор бирин-бири сөзсүз эле сүйүшү же урматтоосу керек эмес, ал тургай алар бири-бирин жек көрүшү да мүмкүн, бирок алар мыйзам алдында тең укуктуу кепилдик менен, бардыгы бирдей аткара турган мыйзамдуу эрежелерге баш ийүү менен, бир мамлекеттин курамында жашоосу керек [12, 10 б.]” деп белгилейт.

Кыргызстанда бири-биринен тилдик, диндик, саны жагынан, каада-салты боюнча өзгөчөлөнгөн, этникалык азчылык, этникалык топтор жашайт жана алардын жашоо образы да ар түрдүү, башкача айтканда, психологиялык өзгөчөлүктөрү, каалоолору, дүйнө таанымы, шаарлашуу, айыл-кыштакта жашоо деңгээли, айыл-чарба ишмердигинин түрлөрү, социалдык-кесиптик курамы, ушулардын баары коомдук илимдер анын ичинде саясий илиминин изилдөө объектине айланууда. Коомдук мамиленин башка формаларына салыштырмалуу этностор аралык мамилени кантип жөнгө салууга болот, дүйнөлүк практика кандай карайт, саясий илиминин көзү менен кандай каралат жана этностор аралык мамиленин спецификасы эмнеде? деген суроо бардык илимий багытты кызыктырып этностор аралык мамиле философиянын, социологиянын, антропологиянын, юриспруденциянын, тарыхтын, психологиянын, маданият таануунун, конфликтологиянын эң негизгиси саясий илимдеринин изилдөө объектине айланды. Маселен, философиялык изилдөө “этнос”, “эл”, “улут” жана башка түшүнүктөрүн аксиологиялык негизде караса, юриспруденция укуктук ченемдердин, укук актыларынын, мыйзамдардын негизинде баа берет, социологиялык изилдөө социалдык абалын аныктап, тарых хронологиялык рамкасын тактайт, психология улуттук менталитеттин өзгөчөлүгүн караса, саясий илими өзгөчө орунда болуп бардык изилдөөлөргө этно-саясий сереп салып жалпылап, мамлекеттин, башкаруунун заманбап саясатынын багытына көңүл буруу менен реалдуу көрүнүштү сунуш кылат.

Ошондой эле жергиликтүү жамаат арасынан чыккан элита саясий башкарууда негизги күч экендиги жергиликтүү жарандар менен тынымсыз байланышта болуп кандай саясат жүргүзөрү, жергиликтүү калкты кайда карай алып бараары илимпоз, окумуштуу К.Исаевдин эмгектеринде төмөнкүчө белгиленген: Байыркы Кытай ойчулдары -Конфуций (б.з.ч 551-479жж), Лао-Цзы (б.з.ч. 604ж. туулган), Гуань-Чжундун (б.з.ч. 645ж.туулган), башкаруучу тууралуу саясий көз-караштары менен Байыркы грек ойчулдары Платон (б.з.ч. 428-348жж.), Аристотелдин (б.з.ч. 384-322жж.) туура башкаруу жөнүндөгү салымдары зор [63, 15 б.]. Башкарууга багытталган жарандык коом арасындагы

формалдуу жана формалдуу эмес лидерлердин коомчулук арасында жүргүзгөн саясатынын өзгөчөлүгүн аныктоо максатында саясий элитаны талдоого багытталган илимий эмгектеринен табууга болот. Саясий элита жамаат арасында бышып жетилип, жарандар арасындагы көйгөйлөрдү жакшы билет жана жамаат менен тыгыз байланышта жашайт.

Этностор аралык мамилелердин калыптануусунда, саясий элитанын аймактык, регионалдык жана республикалык денгээлдеги топторго бөлүнөрүн К.Исаев өз эмгектеринде негизги маселе саясий элиталардын туруктуулугунда, билим денгээлинде, мамлекеттин саясатын өздөштүрүүдө деп белгилейт. Ал эми саясий элиталардын калкка жеткирүүдөгү чабалдыгы жергиликтүү жарандарды адаштырган учурлар кездешет. Көптөгөн саясий элиталар материалдык байлык менен жеке кызыкчылыкка ыктап кетип, мамлекеттин коомдун кызыкчылыгын этностор аралык мамилелерди унутуп койгон мисалдар четтен саналат. Саясий элита бышып жетилүүсү үчүн “саясий аң сезимдин”, “саясий маданияттын”, “саясий мамиленин” зарылдыгы Кыргыз саясий элитасынын бул багыттагы билимдерге болгон муктаждыктары байкалат. Саясий элиталар тарабынан айтылган сунуштар, багыттар, дүйнө коомчулугу жана көп этностордун өкүлдөрү жашаган мамлекеттеги байланыштар, мамиле түзүү, ошондой эле жарандардын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталуусун эске алып талдоосу зарыл. Этностор аралык мамиле менен байланышты Аристотелдин аныктамасы менен бекемдөөгө болот, “Саясат”- ал мамиле, алака жана байланышты түшүндүрүп келет. Заманбап адистер кандай гана кесиптин ээси болбосун баарына керек. Коомдук жашоодо сөзсүз түрдө башка адамдар жана мамлекет менен өз ара карым-катнаш, эриш-аркак мамиле түзөрү маалым. Саясий билимге ээ болбой туруп, саясий оюндардын же активдүү саясий күчтөрдүн таасири менен коомго терс таасирин тийгизип байкалбастан саясий оюндардын обьектине айланып кеткен учурлар да этностор аралык мамилелерге терс таасирин тийгизип келет.

Этностор аралык мамилелердин курчуусун изилдөөдө 1990-жылдагы Ош окуясын бизге чейин иликтеген маалыматтарга таянабыз жана ал боюнча:

“1990-жылы июнда болгон этностор аралык конфликтин тереңинде көйгөйлүү маселелер жатат. Жакынкы келечектин да канааттандырарлык жагы байкалбайт [93, 164 б.]” деп белгиленгени да түштүктөгү этностор аралык конфликтерден кийин да алдын алууга багытталган иш чаралардын жоктугунан кабар берет.

Белгилей кетүүчү жагдай Кыргызстандагы жаштардын саясий активдүүлүгү, кыргыз аймагындагы этностук азчылыктын да саясий козголуусуна алып келип, коюлган максаттары менен эле чектелип калбастан этностор аралык мамилеге бүлгүн түшүрө баштаган. Ош областынан чыгып жүргөн “Ленин йули” газетасындагы көптөгөн макалаларга жана маалыматтарга көңүл бурсак, улуттук конфликке чейин жана андан кийин да көп мезгил жалаң өзбек улутунун окумуштуу тарыхчы, журналистеринин макалалары [96] чыгарылып тургандыгы белгилүү. Биз жогоруда белгилеп өткөндөй, этноконфликтер кокусунан эле чыга калбайт ал узак мезгилдеги даярдыктын негизинде бышып жетилет. Чынында эле ошондой анткени түштүктөгү этностор аралык конфликтин жаралуусуна 1924-жылдагы улуттук бөлүнүүнү негиз катары көрсөткөн калп, такталбаган фактылар да таасир бергендигин илимий иштин анализи тастыктады.

Мисалы, 2010-жылдын 15-майында Жалал-Абад шаарындагы менчик университетинде уюштурулган митингде өзбек этносунун миңдеген адамдары катышкан. Эл алдында К.Батыров мындай деп билдирген: “өзбектер ушул учурду көптөн бери күтүшкөн, өлкөнүн саясий турмушуна активдүү катышчу мезгил келди”; “эгерде Убактылуу Өкмөттүн өлкөдө тартип орнотуп, элдин ишенимин актоого күчү жетпесе, биз ал бийликти жоготобуз”. Бул сөздөр бир нече күн бою ОшТВ, Мезон ТВ жана Смарт-ТВ телеканалдары аркылуу тынымсыз берилип келген. Ошондой эле, Кара-Суу районундагы Кызыл-Кыштак айылынын өзбек жамаатынын алдында сүйлөгөн сөзүндө К.Батыровдун “биз муну 20 жыл күткөн элек [12, 302 б.]” деп кайрылуусу 1990-жылдагы этностор аралык конфликтерди эске салып, ачык эле активдүү аракеттерге чакырык жасагандыгын билебиз. Эгерде ал чынында эле жалпы калктын, мамлекеттин тагдырын ойлосо, калк чогулган борбордук аянтка,

жалпы мамлекетти түзүүчү калк менен кошо бармак. Тилекке каршы өзүнүн этносун менчик университетинде чогултуп [186] жыйын өткөрүүсү жакшылыкка алып келген жок. Тескерисинче анын чыныгы жүзүн ачыктады.

- Өзбек этносунун лидерлери К.Батыров менен И.Абдрасуловдор 2005-жылы "Алга Кыргызстан" партиясын колдоп Жогорку Кеңешке депутат болуп шайланышкан, андан соң 2007-жылы "Ак жол" партиясын, 2009-жылы президенттик шайлоодо К.Бакиевди катуу колдошкон. Ошондогу көнгөн адатындай эле, 2010-жылы өзбек этносу жамаатынын арасында таасирин чыңдоо үчүн Убактылуу Өкмөт алардын колдоосуна муктаж болот деп божомолдошкон. Алдыдагы референдумда жана парламенттик шайлоолордо өзбек жамаатын колдонууну пландашкан. Эгерде бийлик алардын талабын аткарбаса референдумга бойкот жарыялоого чакырышкан.
- Мына ушул мезгилде сепаратист лидерлер өз тегерегине коргонуу топторун түзүшүп ок атуучу курал менен камсыздаганга жетишишкен.
- Ошону менен бирге сепаратисттердин радикалдуу лидерлери (К.Батыров, Ж.Салахутдинов, И.Абдурасулов, Д.Сабиров, К.Абдуллаева ж.б.) Кыргызстандын түштүгүндө ири бизнестери болгон. Бизнесин сактоо үчүн түштүктө өзбек автономиясын түзүү менен жаңы бийликке жетүүнү көздөшкөн [93, 176 б.];
- жаңы Конституцияга өздөрүнө керектүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү болгон. Бирок, Конституциялык кеңешмеде ал сунуштар кабыл алынбагандыктан ал максаттары ишке ашкан эмес;
- тышкы күчтөрдүн колдоосу менен түштүк аймакты Кыргызстандан бөлүү үчүн этностор аралык конфликти жаратуу болгон.

2010-жылдын июнь айынын башталышында сепаратисттердин лидерлери идеологиялык жана уюштуруучулук жактан толук даярдыкка жетишкен. Муну төмөндөгү фактылар ырастайт:

- өз максаттарын ишке ашырууда «Хизб-ут-Тахрир» диний-экстремисттик уюмунун жактоочуларын тарткан;

- өзбек жамааты жашаган жерлерде штабдар түзүлгөн, жооптуу адамдар дайындалып, мобилдүү топтордон турган коргоо отряддары түзүлгөн. Алардын бардыгы уюлдук байланыш каражаттары менен камсыздалган;

- өзбек жамааттары жашаган кварталдарда ракетницалардын атылгандыгы, мечиттерде түнкү саат 00.30 дө азан чакырылышы [12, 312 б.], маршруттук автобустардын шаардын башка райондоруна топторду жеткирүү максатында пайдаланышы, өзбек жамаатында алдын ала түзүлгөн кабарлоо системасы болгондугун ырастайт;

- жүк ташуучу автотранспорттор атайын жабдыктар менен брондолгон машина кылып атайын алдын ала жасалгандыгы;

- жарылуучу курал жасоо үчүн химиялык заттардын жана металл буюмдарынын запасы камдалган;

- алдын ала өзбек этносуна тиешелүү калкты, баалуу буюмдарды, документтерди, акчаларды ж.б. коопсуз райондорго алып чыгып кетүүсү;

- өзбек этностору жашаган кварталдардын ортосунда баррикадалардын курулгандыгы;

- башка өлкөлөрдүн аскерлеринин келишин күткөндүгү: үйлөрдө, чатырларда жана көчөлөрдө түнкүсүн жарык берген атайын боек менен жазылган «SOS» жана «HELP», «Uzbek zone», «Kyrgyz zone» жазуулары [12, 313 б.];

- конфликт башталган күнү өзбек улутундагы жарандардын жумушка чыкпай коюшу, анын ичинде күч түзүмдөрүнүн кызматкерлери да кызмат өтөөдөн баш тарткандыгы;

- өзбек жамаатынын мобилизацияга даярдыгы: конфликтин башталышында кыска убакыттын аралыгында 15 жаштан 45 жашка чейинки курактагы бир нече миң эркектердин чогулушу.

- Конфликтен кийинки тергөө иштери боюнча прокуратура органдары кыргыз этносунун өкүлдөрүнө карата курал ээлеп алуу фактылары боюнча бир нече кылмыш иштерин козгогон. Мындайча айтканда конфликт убагында кыргыз этностору тарабынан колдонулган куралдын кайдан чыккандыгы белгилүү

болгон [179]. Ал эми  конфликт учурунда өзбек этностору тарабынан колдонулган курал кайдан чыккандыгы белгисиз бойдон калган.

- Ошол эле учурда чет мамлекеттерде жашаган өзбек ишкерлери тарабынан атайын фонд түзүлүп, акча каражаттары топтолгондугу белгилүү болгон. Мындай каражаттар атайын спорт жана коомдук уюмдарды, жарым-жартылай аскердик “өзбек жамаатынын өз алдынча коргоо [186,187]” деп аталган түзүмдөрдү каржылоого жумшалган. Мындай кадамдар өзбектер менен кыргыздардын ортосундагы ачык кагылышуунун масштабына түздөн-түз таасирин тийгизген.

Ош окуяларына 1990-жылы 26-сентябрдагы СССРдин улуттар Кенешинин токтомунда, депутаттык комиссиясынын жыйынтыгында калыс чечим берилген: улуттар арасындагы кадр саясаты, калк менен тыгыз байланыштын жоктугу, токтоосуз чечүүнү талап кылган маселелердин каралбай калышы, калк арасындагы тарбиялык иштердин жоктугу, улуттар арасындагы социалдык теңсиздик чыңалууну [130, 19 б.] күчөткөн деп жыйынтык чыгарылган.  Токтомдо сунуш катары болуп өткөн окуяларга саясий так, туура баа берүү керектиги каралган. Бирок тарых көрсөткөндөй болуп өткөн окуялар көз жаздымда калып калганы этностор аралык конфликтердин кайталануусуна алып келген.

Ал эми советтик мезгилде этностор аралык конфликтер сыр катары катылып келгендиги да жашыруун эмес. Бул боюнча калк арасында айтылып жүргөн жана советтик идеологиянын таасири менен жаштар аралык баш аламандык деп жабылган. 1963-жылы Жалал-Абад шаарында жаштардын ортосундагы чыр-чатактын субъектилери да эки этностун өкүлдөрү болгон. Бул иш Коммунисттик Партиянын интернационалисттик саясатынын нормаларына ылайык жабылып калган деген маалыматка ишенүүгө болот. Бул багытта “катуу жабык” материалдар болуп эсептелген жана убакыттын өтүшү менен пайдаланууга берилген Ош облустук партиянын саясий архивине атайын уруксат алуу менен изилдөө ишин жүргүзүп, Коммунисттик Партиянын Ош облустук комитетинин бюронун жыйналышынын протоколунан 24-26 апрель

1963 – жылдагы конфликтүү кырдаал жөнүндөгү маалыматтарды табууга болот.

Бул архивдик маалыматтарда көрсөтүлгөндөй Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык техникумга айылдан келген кыргыз жаштары билим алышып, жатаканада жатып окушкан. Алар жашаган жатаканага шаарда жашаган жергиликтүү өзбек жана түрк улутундагы балдар каалаган убакта кирип, талап-тоноп, уруп басмырлап турушкан. Студенттер бир канча жолу милицияга, окуу жайдын администрациясына, техникумдун партиялык комитетине, шаардын партиялык жана комсомол комитеттерине кайрылышкан. 9-апрелде шаардык милиция бөлүмүнө жатаканага хулигандык кол салуулар болгондугу жөнүндө шаардык партиялык комитетинин секретары Табалдиевге кайрылышкан. 23-апрель күнү зооветеринардык техникумдун директору Капышев, милицияга студенттеринин жергиликтүү шаардыктар тарабынан токмоктолгондугу жөнүндө кабарлап жардам сураган. Тилекке каршы бул маалыматка эч кандай чара көрүлгөн эместиктери жазылган. Шаардык комсомол комитетинин секретары Илюшкин чара көрбөстөн, чара көрүүнү башка кадрга өткөрүп, көзөмөлгө алган эместиги да жергиликтүү бийликтин жарандар арасындагы байланыштын жоктугун кабарлайт. Мындай кордукка чыдабаган студенттер 1963-жылдын 23-апрелинде Жалал-Абад зооветеринардык техникумунун, педагогикалык жана медициналык окуу жайларынын 80-100гө чукул студенттери “Мир” кинотеатрынын жанында массалык мушташ башташкан. Анын кесепетинен 12 жаран жана 2 милициянын кызматкерлери таяк жеген. Шаарда ар кандай ушак–айың этникалык топтор арасында конфликт болгондугу жөнүндө маалымат тараган.

Ош областтык коммунисттик партиясынын бюросу жогорудагы кабар боюнча: мушташ жаштар арасында да, студенттер арасында да тартип багытындагы иш алып барылбагандыктан Жалал-Абад шаарында ушундай иш болгон деп жыйынтык чыгарышкандыгын Ош облустук саясий архивинен алынган материалдар тастыктайт. Ушул эле жылдын 20-мартында шаардык аткаруу комитети тарабынан “мектептерде жана окуу жайларда, студенттердин

арасында окуу-тарбия иштери жүргүзүлсүн” деген чечимин ишке ашырууда чара көрүлбөгөндүгү үчүн окуу жайдын директору Капышевке, шаар комитетинин 2- секретары Илющкинге катуу сөгүш жарыяланган жана иштен четтетилген. Милициянын шаардык бөлүмүнүн орун басарына Каликеевке катуу сөгүш жарыяланып, учеттук карточкасына жазуу менен иштен четтетилген.

ССРдин саясатында “этностор аралык чыр-чатактардын” чыгышы бул бүтүндөй Социалисттик коомдун саясатына карама-каршы келгендиктен жөн гана “жаштар арасындагы массалык баш аламандык” деп жабылган. Кантсе да саясий архивден алынган Коммунисттик Партиянын Ош облустук комитетинин жыйналышынын протоколунда этностук таандуулугу көрсөтүлгөн эмес, ал эми Жалал-Абад шаардык ички иштер бөлүмүнөн берилген отчеттук протоколунда 1963 –жылдын 24-26 апрелиндеги материалдарда “өзбек”, “түрк” улутундагы көчө балдарынын этностук таандыктары көрсөтүлгөн. Кыргыздардын мал жандуу келип айыл-кыштак, тоо жерлеринде жашаган көчмөн эл экендигинен, жана шаарларда отурукташып жашаган өзбек этносторунун жашаганы жана түзүмдөр жөнүндөгү ойлорду бышыктайт. Бул окуяга токтолуу менен этностор аралык конфликтердин тамыры тереңде экендигин белгиледик.

Кыргызстанда этностор аралык чыңалуу көп этностун өкүлдөрү жашаган Ош, Жалал-Абад жана Чүй аймактарында дале сакталууда. Анын мүнөздүү белгиси катары социалдык экономикалык мүнөздөгү чечилбеген бир топ маселелерди айтууга болот. Ал эми этностор аралык чыңалууда төмөнкү көрсөткүчтөгү себептердин бири катары психологиялык жана маданий, социалдык экономикалык, мүнөзүндөгү чечилбеген маселелер, саясий туруксуздук фактору менен бириккенде конфликтин эскалациясына алып келүүсүн белгилөөгө болот. Этностор аралык локалдык конфликтер үчүн теориялык негиздерди бир канча окумуштуулар сунушташкан. Биздин пикирибизче 1990, 2010- жылдардагы окуялар белгилүү деңгээлде стихиялык мүнөзгө ээ, кыргыз жана өзбек тарабындагы ар түрдүү правокаторлордун таасири менен курчуганын саясий туруксуздук жарып чыккан.

Кыргызстанда жана чет мамлекеттерде жашаган өзбек этносунун лидерлери тарабынан геноцид же өзбек этносунун жарандарын жок кылынып жатат деген маалыматы [93, 200 б.] бүт дүйнөгө тарады. Бирок фактылар тактагандай жабыркагандар жана каза болгондор эки этностун тең өкүлдөрү болушкан. Эл аралык комиссиясынын отчетторунда да этностор аралык конфликтин келип чыгуу себептери, окуянын жүрүшү да белгилүү бир аймактардагы конфликтер, этностук өзгөчөлүктөргө басым жасалганы аныкталган. Июнь окуяларын изилдөө боюнча түзүлгөн Эл аралык комиссиянын төрагасы Киммо Кильюнендин отчетунда да конфликт шаардык өзбек этносунун жана Ош шаарына келген айылдык кыргыз этносторунун ортосундагы келишпестиктерден улам башталган [172] деп өз жыйынтыктарында баса көрсөткөн.

Саясатчылар тарабынан этностор аралык конфликти уюштурган үчүнчү күчтөр [150] болушу мүмкүн деген тыянактарды айтышкан. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү калк кайсыл бир денгээлде айтылгандарды жокко чыгарды. Анткени эгерде кызыкдар тарап же каржыланган акча каражаты болгондо үч күндөн кийин эле Убактылуу Өкмөт, укук коргоо органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары этностор аралык конфликти токтотууга жетишүүсү мүмкүн болмок эмес. Тажрыйба көрсөткөндөй жарандык коомдун өкүлдөрү кыргыз жана өзбек этносторунун мүчөлөрү аңдап түшүнүп, ушактарга алдырбоону, конфликти токтотууну, жөнгө салуу жана тынчтыкка багытталган иш аракеттерди массалык маалымат каражаттары аркылуу чыгарышып, жарандык коомдун өкүлдөрүн тынчтыкка чакырууга жетишишти.

Этностор аралык мамилелерди жакшыртууда ГАМСУМОнун сунушу менен «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндөгү» мыйзамынын 9 жана 15 беренелеринде, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” мыйзамынын 20 беренелерине өзгөртүүлөр киргизилген. Бул өзгөртүүлөргө ылайык, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысы – аким, аймактагы этностор аралык чыр-чатактарга өз убагында чара көрбөгөндүгү үчүн иштен

четтетилет деп бекитилген. Мыйзамдын толукталышы жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын этностор аралык мамилелерге жоопкерчиликтүүлүгүн бекиткен.

ЖӨБО этностор аралык чыр-чатактардын алдын алууга багытталган иш аракеттерди алып барышат. Андыктан ЖӨБОнун ыйгарым укуктарында каралган мыйзам ченемдүү иш алып баруусу ар кандай багыттагы конфликтердин алдын алат. Жергиликтүү жамааттын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы ролун аныктоо максатында жүргүзүлгөн сурамжылоодо:

- жынысы: эркектер – 53%; аялдар 47%;

- билими: орто-3%; кесиптик орто билим-15%; бүтө элек жогорку 7%; жогорку 75%;

- улуту: кыргыздар - 65%; өзбектер - 27%; орустар - 3%; тажиктер -2%; башка улуттар -3% түздү.

Сурамжылоодогу негизги максат ЖӨБОнун жана жергиликтүү жамааттар арасындагы этностор аралык мамилесине басым жасалды. Бул суроонун тегерегинде көптөгөн респонденттер этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы ЖӨБОнун жана жергиликтүү жамааттар арасындагы байланыштын, мамиленин ролунун жогору экендигин белгилешкен, ал эми конфликтүү кырдаалда конкреттүү эмне жумуш аткарганын так көрсөтө алышкан эмес. Жалпы сурамжылоого катышкандардын 70% жергиликтүү бийликтин ролунун жогору экендигине басым жасаган. Ал эми эмне иш аткарганын сүйлөшүү, ынтымакка чакыруу жана тынчтандыруу деген сыяктуу түшүндүрмөлөр 37% берип, калган 63%дык көрсөткүч эч нерсе жасаган жок жана билбейм деген жооптор менен чектелген. Негизинен алынган сурамжылоодо эки багыттагы көз караш байкалды: а) жергиликтүү бийлик түзүмүнүн көз карашы, б) карапайым калктын көз карашы.

Сурамжылоого катышкандардын саны жагынан да жергиликтүү жамаат басымдуу орунду ээледи жана сурамжылоонун 70% айыл-кыштактардан, ал эми калган 30% шаардыктар түздү. Жыйынтык көрсөткөндөй, карапайым

жашоочулардын көйгөйүн чечүү канчалык жергиликтүү бийлик үчүн жакындан тааныш болсо, жергиликтүү бийликте ошончолук деңгээлде этникалык азчылыктын дискриминациялык көйгөйлөрүн ийгиликтүү чечүү мүмкүнчүлүгү жогору тургандыгы белгиленген.

Социологиялык изилдөөнүн жана сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча Кыргызстанда дагы деле жумушсуздуктун динамикасынын жогору экендиги белгилүү болду. Анткени жумушсуздук да ар кандай конфликтүү көрүнүштүн себептеринин бири болуп саналат жана сурамжылоого катышкан жумушсуздар 51% ды түзгөн.

Этностор аралык мамилелер жетимиш жыл союздун курамында тоталитардык идеологиялык көз караште жашаган Кыргызстан калкы саясий чөйрөнүн өзгөрүүсүндө бир топ кыйынчылыктарга, түшүнбөстүктөргө туш келген. Аны белгилүү саясат таануучу, Ж.Жоробеков: “Кыргызстан биз билген классикалык жолдон башка, чыгыштын психологиясына ыктаган методдордун ортосунда өтө ийкемдүүлүк менен прагматикалык саясат жүргүзсө биз каалагандай жыйынтыкка жетиши мүмкүн [60, 50 б]” деп белгилөө менен жаңылануу багытында акыл-эс менен салмакташтырылган саясат жүргүзүүнү биринчи орунга коюу зарылдыгын белгилеген. Баарыбызга маалым, кыргыздардын менталитетинде топ-тобу менен жамаатташып жашоо өнүккөн, бул тарыхый көчмөндүүлүктүн белгиси, анткени жалгыз-жарымдап (индивидуалдуу) жашоо мүмкүн эмес эле. Кыргыздардын ушундай жашоо ыңгайына коммунисттердин коллективдештирүүсү абдан ылайык келген [60, 50 б]. Мындай топтошуп жашоо образдары Орто-Азия  калктары кыргыз, казак, өзбек, тажик, түркмөн элдерине таандык болуп, улуттук мамлекеттеринин түзүлүшүндө, Орусиянын улуттук мамлекеттерге бөлүп башкаруусу үчүн абдан ылайыктуу болгон.

Андыктан, этностор аралык мамилелерди жакшыртууда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары айыл аксакалдарынын, айыл башчылардын, дин өкүлдөрүнүн колдоосуна муктаж экендиктерин белгилөөгө болот. Анткени, глобалдашуу шартынан бери өлкөнүн жарандары дүйнөнүн көптөгөн

мамлекеттерине окууга, эс алууга, акча табууга ж.б. баруусу көп катталгандыктан, барган жеринин диний агымдарын кабыл алып келгендер, жергиликтүү жарандарга менталитетке туура келбеген терс жагдайларды сунуштаган учурлар кездешет. Мындай көрүнүштөр да этностор аралык мамилелердин бузулуусуна алып келгендигин байкоого болот.

Этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун алгылыктуу тажрыйбасын мындан он жыл мурун Ош шаарында, 2010-жылы “Июнь” окуясы жүз берген мезгилде, Бишкек-Ош негизги жолунда жайгашкан, кыргыз-өзбек аралаш жашаган Өзгөн шаарында жергиликтүү калк жамааттык топтор менен биримдикти сактоо аркылуу далилдей алган. Өзгөн шаарынын тургуну А.Мырзакамалов: Өткөн кылымдын 90-жылы жүз берген этностор аралык кандуу конфликтин терс таасири сабак болгондугуна токтолот. Өзбектер көбүнчө шаарды байырлашканы менен, шаардын чет жактарында дыйканчылык менен да алектенишип, күнүмдүк тиричилигин өткөрүшөт. Кыргыздар менен канчалаган кылымдар боюу чогуу жашап келгендигин айтышат. Азыр деле соода – сатык менен байланышып ошол калыпта өмүр кечирип келишкени айдан ачык. 2010-жылы июнда Өзгөн шаарында тынчылыкты сактоого жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана аксакалдар ар бир кварталдарда жаштар арасында түшүндүрүү иштерин күнү-түнү тынымсыз колго алышкандыктарын айтышкан. Анткени жергиликтүү калк тынчтык үчүн биригишкен. Аймактын тынчылыгы үчүн өздөрү жоопкерчиликти колго алып, сырттан келген ар кандай чакырыктарды кабыл алган да, азгырылган да эмес. Жума күндөрү жума намазга чогуу жыгылгандыктары, этностор аралык ынтымакты жакындатат. Консолидациялоочу фактор катарында ислам динин тутунушкандыктарын белгилеп кетүүгө болот.

Ардагер, ынтымак жарчы тобунун жетекчиси А.Турсунбаев жергиликтүү жана республикалык айрым массалык маалымат каражаттары этностор аралык мамилеге азыр деле анча-мынча от жагып коюшат деген оюн айткан. Кай жерде болбосун карапайым калкта күнөө жок. Айрым массалык маалымат

каражаттары жарандар арасындагы чыр-чатактарды чагылдырууда, алардын этностук таандыктыгына басым жасоо аркылуу коомдун тынчтыгын бузган учурлар кездешет. Анын үстүнө массалык маалымат каражаттарынын ролу ушул тапта өтө жогору. Анткени берилген маалыматка карай жарандык коомдун мүчөлөрү жашоону кабыл алышат. Кыргызда “Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө!” деп айтылат. Бардык нерсеге чоң-кичине деп бөлүнбөстөн мамлекеттик саясатты, акыл-эс менен олуттуу караган жакшы. Этностор аралык ынтымакчылыгын мындан ары арттырууда жергиликтүү бийлик жоопкерчиликтүү. Демек, ушунун баарынын учугу мыйзамга барып такалат. Мыйзамдын чегинде иштегенге гана көнүш кажет. Эгерде, мыйзам көпчүлүккө ыңгайсыз болсо анда ага дароо өзгөртүү кийирген оң. Негизи, адамзаттын идеологиясы бирөө, ал тазалык, сабырдуулук жана кичи пейилдик.

Өзгөн районунун акиминин биринчи орун басары А.Бакышев соңку тапта шаар менен айылдын ынтымакчылыгын арттырган иш-чаралар күчөтүлгөндүгүн ырастайт. Жергиликтүү мамлекеттик башкаруу, чет элдик уюмдардын каржылоосу менен достук жана ынтымак мүнөзүндөгү иш-чаралар байма-бай өткөрүлүп келет. Айрыкча, коомдун келечеги болгон жаштардын активдүү аралашуусуна өзгөчө көңүл бурулуп келет. Ак жоолукчан апаларыбыз жергебизде тынччылыктын туруктуу өкүм сүрүшүнө өзгөчө салым кошуп жатышканын белгилейт. Ага улай аялдардын дагы форумдарын өткөрүшүп турушат. Айыл өкмөттөрүнөн жүздөн ашуун активист аялдарды, шаарга алып келип иш-чараларды өткөрүшүп, достукту жана бейпилчиликти даңазалап жатат. Мындай иш-чараларга аялдарды гана эмес жаш балдарды дагы көбүрөөк тартууга Өзгөндө, Ошто дегеле бүтүндөй Кыргызстанда туруктуу тынчылык менен туруктуулуктун орной тургандыгына ишенүүгө болорун белгилешет.

Өзгөн шаары 19 аймактык башкарууга бөлүнөт. Алар райондогу 19 айыл өкмөтүнө бекитилип берилген. Алар биргелешип түрдүү темадагы иш-чараларды байма-бай өткөрүп келишет. Эл аралап достук туурасында, өлкөбүздөгү саясий-коомдук кырдаал, мындан тышкары стабилдүүлүктү туруктуу өнүгүүгө ой-пикир бөлүшөт. Андан сырткары жамаат арасында

этностор арасында кыз алышып, күйөө бала күткөндөрдүн санын көбөйтүү да маанилүү деген сунуштарын айткан. Жогорудагылардын негизинде этностор аралык мамилелердин калыптануусуна, ынтымагы менен биримдиги ЖӨБОнун жергиликтүү калк менен болгон байланышынан көз каранды экендигин белгилөөгө болот.

Этносторду бириктирүүчү консолидациялоочу факторлор бул түрк тилдүү калктар. Уруулук, улуттук өз ара мамилелериндеги чырдуу маселелери байыртан эле аксакалдардын жыйындарына чыгарылып, талкуугa алынып чечилген. Аксакалдардын сөзү кооптуу мезгилдерде чечүүчү болуп, тил табышуу чеберчилиги менен, аксакалдын сөзүн угуп айткандары эске алынган, жамааттык башкаруунун ыкмаларын колдонушуп, келишүүчүлүк же бир чечимге келүү сыяктуу сапаттарын колдонуп келишкен.

Батыш Европа мамлекеттеринин тажрыйбасын карап көрсөк - ар түрдүү этностук топтун өкүлдөрү жашашат, бирок мурда алар ар дайым бири - бири менен согушуп, бири-бирин басып алып келишкен. Алар бир турмуштук түшүнүктүн негизинде биригишип союз түзүшүп, жалпы чек ара, жалпы акча бирдиги, экономика жана парламентке ээ болушуп этностор аралык конфликтердин алдын алууга жетишишкен. Бул жетишкендиктеринин түпкүлүгүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына болгон негизги аракеттин жыйынтыгы да жогору. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тийиштүү аймактарын башкаруу, бириктирүү көйгөйдү жеринде чечүүгө, мыйзам алдында этностук өзгөчөлүгүнө карабай жарандардын баарынын бирдейлигин белгилөөгө болот.

Совет мезгили убагында Аксакалдар үй-бүлөдөгү талаш-тартыштарды, салтка байланышкан пикир келишпестиктерди жөнгө салуу менен чектелип келишкен. 1990-жылдары кайрадан аксакалдар жергиликтүү чыр-чатактар курчуган мезгилдерде туруктуу иштей турган социалдык күчкө айланды. Анткени жергиликтүү менталитетте улуу муундун кеп кеңешин угуу жана акылдашуу калыптанган салт. Аксакалдардын кадыр-баркы негизги ресурс катары 2010-жылы Кыргызстандын түштүгүндө болгон этностор аралык

конфликт учурунда ортомчулук милдеттерин аткарышып, конфликти токтотууда жана жөнгө салууда өз таасирлерин тийгизишкен. Конфликт күчөп турган мезгилде кыргыз-өзбек этносторунун аксакалдары ынтымакка жана акылга келүүгө, эртенки күндү ойлонууга чакырышкан. Аксакалдар өз коомунун эле эмес кошуналар арасында да чоң кадыр-баркка ээ. Каршы тараптагы коомчулуктагы кесиптештери, тааныштары жана лидерлери менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө жетишип, конфликти токтотууга жана конфликтен кийинки кырдаалды жөнгө салууга активдүү катышышкан.

2010-жылдагы конфликти жөнгө салуудагы аксакалдардын ролу Кыргызстандын экс-президенти А.Атамбаев тарабынан да белгиленген: "Биздин карапайым жарандарыбызга, аксакалдарга ыраазы болушубуз керек. Алар конфликтин биринчи саатгарынан баштап айылдарды көчөлөрдү кыдырып, кызууланган топту, элди акылга келүүгө чакырышкан. Алар турак-үйлөргө, кварталдарга барчу жолдорду тороп, тирүү калканыч болуп, аялдар менен балдарды коркунучтуу жерлерден чыгарып, баш калка берип, зарыл жардамдарын көрсөткөн күндөр болгон", – деп токтолгону жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу берилген.

Конфликтен кийинки убактарда жарандар психологиялык жардамга муктаж болуп турушканда биримдикке келүүнү мечиттерде да көрсөтө алышкан. Элдешүү ырым-жырымдарын тез-тез өткөрүшүп, тынчтыкка үндөп, зомбулукту токтотуу чакырыктары менен чыгып турушкан. Эл аралык толеранттуулук фондунун изилдөөлөрүндө, мындай жагдайларда жарандар диний ишмерлерге да, жамаат лидерлерине да кепилдик сурап эки анжы абалга кабылган элге жетекчилик кылуу өтүнүчтөрү менен кайрылышкандыктарын белгилешкен. Мындай учурда жарандарды тынчтандыруу үчүн башка жолдору аз болгон. 2010-жылдагы этностор аралык конфликт мезгилинде Аксакалдар кеңештери өздөрүн активдүү институттардын бири катары көрсөтө алышкан. Аксакалдар материалдык макамы чоң болбогон жашы улуу адамдын коом арасындагы ишмердигинин натыйжасында табигый түрдө калыптанган

[125, 171 б] деп белгиленгендиги да алардын ордунун жогору экендигин кабарлаган.

2010-жылы Кыргызстанда болгон чыр-чатактан кийин көпчүлүк өкмөттүк эмес уюмдар жана Эл аралык донорлор Аксакалдар кеңештеринин тынчтыкты орнотуу этностор аралык конфликти жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүнүн жогору экендигине көңүл буруп, алардын мүмкүнчүлүктөрүн колдоно башташкан. Ар түрдүү долбоорлордун алкагында жарандык коом өкмөттүк эмес уюмдарынан демилгечи топторду түзүү менен аларды этностор аралык конфликтердин алдын алуу ыкмаларын окутушту, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү уюштуруу жана өнүктүрүү боюнча биргелешкен долбоорлорду колдонууну киргизишкен. Жергиликтүү калк да туруктуу тынчтыкты орнотууга кызыкдар экендиктерин билдиришип кызматташкандыгы белгилүү.

Жергиликтүү калк арасында баарлашуулардан жана өткөрүлгөн сурамжылоолордо этностор аралык деген сөзүн колдонууда кылдаттык талап кылынат. Анткени кээ бир учурларда жарандар тарабынан этностор аралык деген сөз, бөлүү же дискриминация катары кабыл алынаарын белгилешкен. Мамлекеттин Конституциясында мамлекет түзүүчү жалпы калк, баары бирдей укук-милдеттерге ээ экендиктери белгиленгендиги жана мыйзам алдында барыгы бирдей деп жазылган. Андыктан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жергиликтүү кеңештин депутаттары жарандардын жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, дин ишениминин мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө карабастан, түздөн-түз жана өз өкүлдөрү аркылуу дагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга бирдей укуктарга ээ. Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу экендиктери да мыйзам чегинде бекитилген. Жергиликтүү жамаат жогорудагы белгиленген талаптарга

ылайык, мамиле менен байланыштын оң жыйынтыктарын белгилеп кетүүгө болот. Жергиликтүү аймактын стратегиялык өнүгүү планын түзүүдө жана аткарууда, бюджетти түзүү менен ишке ашырууда жергиликтүү жамааттын активдүүлүгү байкалат. Жергиликтүү жамаат арасында да акча каражатына басым жасабай, көйгөйдү биргелешип чечүү колго алынып келет. 15-беренеде каралган жергиликтүү жамааттардын уставдары тиешелүү жергиликтүү жамааттын жыйындарында же курултайларында талкуунун натыйжалары боюнча тиешелүү жергиликтүү кеңештер тарабынан кабыл алынуусу, жергиликтүү жамаат тарабынан колго алынганы, кызматташтыгы жакшы жыйынтыктарын берип келет.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын ички турмуш-тиричилигинин негизги принциптерин жана эрежелерин регламенттейт, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин карайт, жергиликтүү жамааттын бюджеттик процесстерге жана башка маселелерге катышуусун жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жөнгө салынбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин кошуп алганда, жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө ролу орчундуу. Анткени жергиликтүү калктын жергиликтүү бюджетти кабыл алууда, бекитүүсү жана аны иштетүүгө катыштыгы жогорулап келет.

Бул багытта жергиликтүү жамааттын мүмкүнчүлүгүн колдонууда, Корея мамлекетинин экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки абалы жана Сымайыл долбоорун кабыл алышып, ашар ыкмалары аркылуу өнүгүүгө жол алышкан тажрыйбасын белгилеп кетүү максатка ылайык. Кыргызстанда “Жаңы айыл кыймылы” коому уюштурулуп, түпкү баалуулугубуздун бири болгон ашар тажрыйбаларын жайылтуу аркылуу бардык жарандардын коомдук көйгөйлөрдү биргелешип чечүүсүн жайылтуу колго алынып келет. Жергиликтүү калктын биргелешип чечим кабыл алуу жана аны аткаруусу этностор аралык мамилени жакшыртууга чоң салым болуп келет. Кадамжай районунун Майдан айыл

аймагы, Ноокат районунун Кеңеш айыл аймагы, Сузак районунун Барпы айыл аймагы аталган долбоордун алкагында алгылыктуу уюштуруу иштерин көрсөтө алышты.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан окшош долбоорлорду жергиликтүү активисттер менен өткөрүп келишет. Көпчүлүк убакта бир эле жарандар катыша беришет. Өкмөттүк эмес уюмдар үчүн алынган акча каражатына отчеттуулук үчүн керек. Бирок маалымат жергиликтүү жарандарга толук жетпей келет.

Экинчи главанын жыйынтыгы:

1. Мамлекеттеги этностор аралык мамилелердин кызматташтыгы мамлекеттик саясаты Бириккен Улуттар Уюмунун ассамблеясы кабыл алган уставга, Кыргыз Республикасынын Конституциясына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамына, этникалык өнүгүүгө карата кабыл алынган концепцияларга негизденет.
2. ЖӨБОго мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коом ортосунда даанакер болуу милдети жүктөлгөн. ЖӨБОнун этностук тобуна карабай жергиликтүү калктын бийликке ишенимин арттыруу конфликтен кийинки кырдаалды калыбына келтирүү процессине мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө кошо турган олуттуу салымы.
3. Этностор аралык конфликтердин айрым себептери катары өлкөдөгү социалдык экономикалык көйгөйлөр, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү калк менен болгон мамилесин, байланышын аныктады. Өлкөдөгү саясий туруксуздук карама-каршылыктар менен пикир келишпестиктерди жаратып, этностор аралык конфликтердин жаралуусуна алып келүүдө.
4. Этностор аралык мамилелерди жакшыртууга Кыргызстанда болуп өткөн 2005 жана 2010 - жж. саясий төңкөрүштөрдөн, 1990 жана 2010 - жж. этностор аралык конфликтерди токтотуу, жөнгө салуудагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес

уюмдардын тажрыйбаларын, сабактарын изилдөө окуп үйрөнүү менен алдын алуу туруктуу өнүгүүгө багытталган рационалдуу жолдордон экендиги аныкталды.

5. Кыргызстанда этностор аралык ынтымакты сактап, аны өркүндөтүүдө этностук маданият борборлорунун маанилүү орду бар.
6. Биздин Конституцияда мамлекеттик тил – кыргыз тили, расмий тил – орус тили деп жазылып турганы менен шайлоо учурларында өзбек калкы үчүн да өзүнчө тираж чыгарылгандыгы маалым. Мыйзам боюнча эки эле тилде берилиши керек. Фактыга таянып эртеңки күнү башка этностор да талап кылуусу мүмкүн. Дүйнөдө этностук азчылык, өздөрү жашаган мамлекетин сыйлап, ошол мамлекеттин мыйзамдарына баш ийип жашоо кечирген этникалык топтор, этностор аралык конфликтердин алдын алып, мамлекет түзүүчү калк менен бирдей жашоо кечирип келишкендигин эстен чыгарбоо зарыл.
7. Коррупция тамырын терең жайып, мамлекеттин башкаруусу криминал чөйрөсү менен кол алышып калган мезгилде калк арасында - байлары көп өзбек этникалык топторунун артыкчылыктуу абалдары тууралуу пикир калыптанган. Мындай түшүнүк элдин жакыр бөлүгүнүн кыжырын келтирип, тараптар ортосундагы ажырымды тереңдеткендиги белгилүү болду.
8. Ички миграциянын объективдүү, субъективдүү себептери акыркы жылдарда Кыргызстандын түштүк аймактарынан калктын бир бөлүгү өлкөнүн түндүк тарабына активдүү көчө башташкан. Мындай абал этностор аралык маселеде тең салмактуулукту сактоого терс таасирин тийгизгендиги да көйгөйлүү маселе экендигин белгилей кетүүгө болот.
9. Этностор аралык ынтымакчылыгын мындан ары арттырууда жергиликтүү бийлик жоопкерчиликтүү. Анткени булардын баары мыйзамга барып такалат. Мыйзамдын чегинде иштегенге гана көнүү зарыл. Эгерде, мыйзам көпчүлүккө ыңгайсыз болсо, анда ага дароо өзгөртүү кийирген оң десек туура болоор.

10. Этностор аралык конфликтер кокусунан эле чыга калбайт, ал узак мезгилдеги даярдыктын негизинде бышып жетилиши ыктымал. Чынында эле ошондой, анткени Оштогу этностор аралык конфликтин жаралуусуна 1924-жылдагы улуттук бөлүнүүнү негиз катары көрсөткөн жалган, такталбаган фактылар да таасир бергендигин илимий иштин анализи тастыктады.
11. Ал эми бийлик органдары  карама каршылыктарды күч менен басуу, коркутуп-үркүтүү, куугунтукка алуунун ордуна,  тескерисинче абдан сергек жана ийкемдүү мамиле жасап, аларга коюлган талаптарга көңүл буруп, кечиктирбей өз убагында жооп берип, зарыл чечимдерди кабыл алып, этникалык топтордун талабына ылайык ишке ашырганда 1990, 2010-жылдардагы этностор аралык конфликтин алдын алууга толук шарт түзүлмөк.
12. Аксакалдардын кадыры менен баркы – алардын негизги ресурсу катары 2010-жылда Кыргызстандын түштүгүндө болгон этностор аралык конфликт мезгилинде аксакалдар ортомчулук милдетин аткарышып, конфликти токтотууга жана жөнгө салууда кошкон салымдары өзгөчө чоң ролду жараткандыгы белгилүү болду.

# III ГЛАВА. ЭТНОСТОР АРАЛЫК КОНФЛИКТЕРДИ ЖӨНГӨ САЛУУДАГЫ ӨКМӨТТҮК ЭМЕС УЮМДАРДЫН ОРДУ

## 3.1. Кыргызстандагы этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы өкмөттүк эмес уюмдардын ишмердиги, тажрыйбасы

Демократиялык мамлекеттин өнүгүшүндө жарандык коомдун активи жана орду маанилүү. Кыргыз Республикасы демократиялык өнүгүү багытында күчтүү жарандык коом түзүү жолунда. Ушул трансформация процессинде өкмөттүк эмес уюмдардын (мындан ары ӨЭУ) коомдогу орду бар. Алардын ишмердүүлүгү коомдун жашоо чөйрөсүн камтып, социалдык көйгөйлөрдү чечет деген пикирге кошулуу менен ӨЭУ коомдо кездешкен конфликтүү кырдаалдарда позитивдүү таасирлерин көрсөтүп келет. Ошого карабастан, кээ бир ӨЭУдар улуттук азчылыктын укугун коргоо иш аракетинде жагымсыз таасир көрсөтүүсү да мүмкүн. Демек ӨЭУ бул Кыргызстандагы бир институт. Анын ишмердүүлүгү позитивдүү болгондо гана коомго пайда алып келет. Көз карандысыз мамлекеттеринин шериктеш өлкөлөрү менен Кыргызстанда ӨЭУдын ишмердүүлүгү советтик системанын кулоо мезгилине туш болгон.

Өкмөттүк эмес уюмдар, жарандык демилгенин негизиндеги уюшулган эркин уюм болуп саналат. Эксперттер ӨЭУдын санынын көбөйүшүн биздин мыйзамдардын либералдуулугу менен байланыштырып, мамлекеттик көзөмөлгө алуунун зарылдыгын белгилешет. “Албетте, ӨЭУдын санынын өсүшүнө биздин мыйзамдардын либералдуулугу алдыңкы роль ойноп жатат. Бүгүн мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынып жаткан чечимдерге, ошондой эле өлкөдөгү болуп жаткан саясий процесстерге ӨЭУдын таасири жок эмес”,- дейт улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун эксперти Чинара Эсенгул Вести.kg сайтына берген маегинде.

ӨЭУдын азыркы иш аракеттери Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 15-октябрында №111 “Коммерциялык эмес уюмдар [158]” жөнүндөгү кабыл алынган мыйзамы, өкмөттүк эмес уюмдардын иш аракеттерин жөнгө салат. Коммерциялык эмес уюмдарга: коомдук бирикмелер, фонддор ж.б кирет.

Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндөгү мыйзамда төмөнкүдөй аныктама берилген: ӨЭУ - коммерциялык эмес өз ыктыяры менен уюшулган жергиликтүү мамлекеттик же Эл аралык деңгээлдеги атайын институт. ӨЭУ жарандык коомду өнүктүрүү жана көйгөйлөрүн чечүү үчүн, ар кандай багыттагы маселелерди чечүүгө көмөктөшүү менен жарандардын муктаждыгын канааттандыруу же арыз-арманын жогорку өкмөткө жеткирүү, жергиликтүү өкмөттүн үстүнөн коомдук көзөмөл жүргүзүү жана жергиликтүү калкты саясий турмушка активдүү катыштырууга жардамдашуу ж.б. иштерди жүргүзүп келет [158]. Айрым саясий маселелерге эксперттик баа жана анализ берип, Эл аралык милдеттенмелерди аткарууну көзөмөлгө алат. Негизги милдети маалымат менен камсыз кылуу тренинг, семинар, дебат, консалтинг ж.б., жарандык коомдун кызыкчылыгын көтөрүү (эдвокаси, лоббизм), укуктук жана материалдык жагынан жардамдашуу ж.б каралган.

Этностор аралык мамилелердин позитивдүү ийгиликтери да ӨЭУ менен болгон байланыш жана мамлекеттин саясий башкаруусуна негизделет. Айрыкча, мамлекеттер аралык жана мамлекеттин ичиндеги саясий туруксуздук, этникалык, жарандык чыр-чатактардын мезгилинде ӨЭУ өзгөчө мааниге ээ болуу менен иш алып барат. Анткени саясатчылардын бийлик үчүн болгон күрөш мезгилинде, өз жарандарынын бийликке болгон ишенимин жоготуп, жарандык коом мамлекеттик бийликти угуудан баш тартып, саясий диалог жүргүзүүсү мүмкүн болбой калат. Ошондуктан, ӨЭУдын ролу жогорулап, бийлик жоготкон таасирдүү күч алар тарапка ооп, маселени чечүүчү калыбына келтирүүчү формасында чыга келип көптөгөн жарандардын жашоосун, мамлекеттин туруктуулугун сактоого көмөктөшүп келишет.

Анткени, Эл аралык ӨЭУ Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин ратификациясынан кийин кыргыз жеринде өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп, мамлекеттин өнүгүү саясатын ишке ашырууга жардамдашып, этностор аралык мамилелердин, байланыштардын бекемделүүсүнө шарт түзүп келет. Мурдагы Союздун курамындагы мамлекеттердин эгемендүүлүктү алуусу менен анын карамагына караган көптөгөн аймактарда этностор аралык

конфликтер жогорулаган. Алардын көпчүлүгү аягына чыгып чечилбестен, азыркы күнгө чейин уланып келет.

Демократиялык процесстер, өкмөттүк эмес уюмдардын таасирлери Кыргызстандын бардык аймактарынын калкынын саясий көз карашын түп тамырынан өзгөрттү. Коомдогу бардык өзгөрүштөргө, жаңылыктарга терең түшүнүү менен карап, ар бир этникалык жарандар өз тагдырынын ээси болуп калды деген тыянакка келүүгө али эртерээк. Кыргызстандын ар кайсы аймактарында Эл аралык уюмдардын буту баса элек, ӨЭУ эмне экенин толук кандуу түшүнбөгөн канчалаган айыл кыштактар бар [123, 142 б.].

Борбордук Азия мамлекеттериндеги конфликтердин алдын алуу жана тынчтык куруу боюнча Эл аралык толеранттуулук фонду 1996-жылдан бери иштеп келет. 1998-жылы Эл аралык толеранттуулук фонду Кыргызстанда ачылган. Этностор аралык конфликтердин алдын алуу, жөнгө салуу, жайгаруу багытында иштеген бир канча Эл аралык жана жергиликтүү ӨЭУ бар. Алар "Кризис борборлорунун ассоциациясы", «Жарандык коомду колдоо борборунун ассоциациясы», «Кызыл жарым ай» коому, Эл аралык толеранттуулук фонду, Калктын укугун коргоо фонду, "Кылым шамы", Элет, Аймира, Алга коомдук уюмдары ж.б. кирет.

Кыргызстандын коомдук турмушунда ӨЭУдын активдүүлүгү байкалып, бардык тармактарда – чарбалык, гуманитардык, социалдык, укук коргоо жана саясий процесстерде иштеп жатышат. Андыктан, башка тармактардан саясий ишмердикти бөлүп кароо туура эмес. Себеби жарандык коомдун турмушу саясий социалдык чөйрө менен тыгыз байланышта.

Кыргызстан эли, эки саясий төңкөрүштү баштан кечирди жана тажрыйба көрсөткөндөй ӨЭУдар булардын булагы да, катышуучусу да болгон эмес. Кыргызстандагы саясий төңкөрүш бийликтин мыйзамсыз аракеттери жана коррупцияланган кырдаал менен жакырданган элдин көтөрүлүшү түрткү болгон. Мурдагы президенттер ӨЭУдын бийлик саясатынын тигил же бул катачылыктарын көрсөткөнүн угуп, аны өз убагында жооп берип, жөнгө салса анда Кыргызстан эволюциялык жол менен ийгиликтүү өнүгүүгө багыт алмак.

Мындай саясий процесстер цивилизациялык мыйзамдуу жол менен ишке ашырылуусу зарыл. Өкмөттүк эмес уюмдар этникалык азчылыктын укугун коргоо максатында окутууларды өткөрүшөт. Этникалык азчылык, этникалык көпчүлүккө өздөрүнүн көз караштарын, ой-пикири менен жашоо өзгөчөлүктөрүн легитимдүү эмес аракеттери менен таңуулай алышпайт. Мындай аракеттер адам укуктарын таануу жөнүндөгү жарандардын ишенүүсүн талап кылуусу менен этностор аралык мамилелерди жөнгө салууга таасир этет.

ӨЭУ менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жарандык коом арасындагы саясий байланышты, мамилени колго алуусу кызматташууларын бекемдеп келет. Жергиликтүү калктын активин жогорулатууга ӨЭУдын салымдары жогору. Этностор аралык мамилелерди жакшыртуу, түшүнбөстүктөр менен пикир келишпестиктердин алдын алуу негизги максат. ЖӨБО биринчи жана жарандык коом экинчи деген түшүнүк болбостон, жарандык коомсуз ЖӨБО болбогондой эле, мамлекет жана жарандык коом дайыма тыгыз байланышта. Бихевиористтик метод менен же эки тараптуу байланышта иштеп, пикир келишпестиктердин алдын алат. Жарандык коомдун активин көтөрүүгө көптөгөн жергиликтүү ӨЭУдар Юстиция органдарынан, ал эми чет элдик ӨЭУдар Кыргыз өкмөтүнүн жана Жогорку Кеңештин ратификациясынан өтүп, кыргыз жеринде ишмердүүлүгүн жүргүзүшөт.

Эгемендүү Кыргыз мамлекетин дүйнө коомчулугу тааныгандан бери саясий мамилелер бекемделип, бир катар өлкөлөр менен дипломатиялык алакалар түзүлдү. Кыргыз Республикасынын президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу Академиясынын алдында 2002-жылы ачылган Германиянын Ханнс Зайдел Фондунун Борбордук Азиядагы өкүлчүлүгү, жетекчиси доктор Георг Макс Майер, мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу системасында жогорку квалификациялуу магистр адистерин кайра даярдоодо өзгөчө кызматташып келет. Коомдун өнүгүүсү тынымсыз жаңы маалыматтар менен билимди талап кылат.

Германия мамлекети менен Кыргызстан мамлекетинин дипломатиялык байланыштарындагы, демократиялык принциптердин ишке ашыруусундагы кызматташуулар экендиги талашсыз. ӨЭУдын жарандык коомдун дареметин көтөрүүдөгү иш аракеттери болуп келет. Бүтүрүүчүлөр тарабынан иш-пландар түзүлүп, сунуш, пикирлер, аткарылган иштер талкууланып жаш кадрлардын өсүүсүнө, мамлекетибиздин туруктуу өнүгүүсү менен саясий туруктуулугу болочок кадрлардын колунда экендигине өзгөчө көңүл бурулуп келет. Мурдагы президент С.Жээнбековдун да Мамлекеттик кадр кызматынын төрагасы А.Мадумаров менен жолугушуп, кадрлардын квалификациясын жогорулатууну колго алууну тапшыруусу да мамлекеттик кадрларга болгон талаптын жогору экендигин белгилеп кетүүгө болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБО иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги менен Ханнс Зайдел Фонду тарабынан Евросоюздун каржылоосу менен “Жарандык коом жана массалык маалымат каражаттары: Кыргызстандагы ЖӨБОнун ачык айкындуулугуна кепилдик долбоору”нун каржылоосуна Республика боюнча 39 айыл аймактар тандалып алынып, айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жарандык коомдун өкүлдөрүнүн катышуусунда тренингдер уюштурулуп коомчулуктун дареметин көтөрүүгө, ЖӨБОнун мыйзам чегинде иш алып баруусуна көмөктөшүп келет. Саясий муниципалдык адистердин билим алуусу  жергиликтүү маанидеги маселелерди мыйзам чегинде чечип, жергиликтүү жарандар менен тыгыз байланыштары, саясий башкаруулары этникалык топтор арасындагы конфликтердин алдын алууга чоң мүмкүнчүлүк боло алат. Анткени конфликтин негизи саясий башкаруунун боштугунан же жоктугунан, жарандар ортосундагы мамиленин байланыштын солгунунан экендигин турмуш сабактары көрсөттү.

Мындай учурлар да этникалык азчылыктардын жашаган чөйрөнүн кабыл алуусуна таасир этип келет. Кээде дин ишенимдер ортосундагы карама-каршылыктар кездешип, этностор аралык мамилелерге терс таасирин тийгизген. 2008-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасындагы дин тутуу

эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө [160] мыйзамы кабыл алынганы жарандык коомдун кызматташуусуна оң таасирин тийгизип келет. Бул мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана Кыргыз Республикасы ратификациялаган Эл аралык келишимдерде аныкталган адамдын дин тутуу эркиндигинин укуктарын камсыз кылууга, ошондой эле диний иш-аракеттерди жүргүзүү боюнча маселелерди жөнгө салууга, диний уюмдардын укуктук абалын, Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк диний уюмдардын миссияларын белгилөөгө багыт алган. Ошондой эле дин боюнча коомдук комитеттерди түзүү жолу менен дин иштери боюнча мамлекеттик орган менен бирдикте коомдук тартипти диний коопсуздукту, аймактык бүтүндүктү жана конституциялык түзүлүштү диний экстремизмден коргоону камсыз кылуу үчүн дин жаатында мамлекеттик саясатты жүргүзгөн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын укуктарын жана милдеттерин аныктайт [160] деп кабыл алынганы, мамлекеттик бийликтин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан жергиликтүү этностук топторду жалпылык, окшоштук жөнөкөйлүк багытта тарбиялануусуна өз ара кызматташуусуна түрткү болуп келет.

Казият тарабынан көзөмөлгө алынып жума намаздарында өтүлүүчү темалардын бекитилип берилүүсү, имамдардын мамлекеттик органдар тарабынан жана казият тарабынан чыгарылган буйруктарды намаз окугандарга окуп тааныштыруусу, этностор аралык мамилелердин жакшыруусуна, жалпы дин ишеними аркылуу этникалык топтордун жакындашуусуна, аймактагы стабилдүүлүктүн орношуна алып келип жатат. Этностор аралык мамилелердин калыптануусунда, мамлекеттик бийликтин, жергиликтүү өз алдынча башкаруу бийлигинин жана дин уюмунун өкүлдөрүнүн кызматташууларынын барандуу орду бар.

Учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу ЖӨБО жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик масштабдуу административдик-аймактык реформаны жүргүзүү жагында иш алып барат. Өлкө калкынын жашоо шартын жогорулатуу, инвестицияларды көбөйтүү жана

жергиликтүү калктын иш менен камсыз болушун арттыруу, ушул реформанын натыйжасы болууга тийиш. Бирок ошол эле учурда инвестицияга басым жасоо туруктуу өнүгүүгө жетише албоосун тажрыйба көрсөттү. Жарандык коом милдеттери жана жоопкерчиликтери жөнүндө унутуп бара жаткандай. Бул маселеге ылайык коңшулаш мамлекеттер Тажикстан менен Өзбекстандын тажрыйбаларын салыштырууга болот, аталган мамлекеттерде инвестицияны өндүрүшкө тартуу аркылуу туруктуу жумуш орундарын түзүү менен өлкөнүн өнүгүүсүнө багыт алышкан. Айыл жерине инвестицияны берүүдө жарандык коомдун салымынын болушун талап кылуу аркылуу калкты мобилизациялап, жергиликтүү жамааттын ынтымагын, биримдигин байланыштыруу аркылуу өнүгүүгө жана этностор аралык көйгөйлөрдүн алдын алууга жол алышкан.

Тажикстан мамлекетинин башкаруу саясатында 2007-жылы кабыл алынган “Об упорядочении национальных обрядов и традиций” мыйзамы да ашыкча чыгымдарга, элдин аң-сезимине терс таасир этүүчү жагдайларга да жергиликтүү бийлик аркылуу көзөмөлгө алынып, той-аш өткөрүүнүн мыйзам ченемдүүлүгүн киргизилип жана жоопкерчиликтери катуу көзөмөлгө алынган. Ал эми 2013-жылы кабыл алынган “Об ответственности родителей за обучение и воспитание детей [151]” мыйзамы да ата-энелердин жоопкерчиликтерин күчөтүп тарбияга көңүл бурушуп, тарбиялуу коомду курууга багыттап этностор аралык мамилелерди жөнгө салып келет. Кошуна мамлекеттер менен консолидациялоочу факторлор өтө көп мусулман динин карманышат, тилибиз да жакын, ырым-жырым, каада салттар, маданиятыбыз да көп жагынан окшош келет. Андыктан элге көрүнүү, эйфорияга берилип, аша чаап аш да, той да өткөрүүнү чектөөнү, мыйзамдаштыруу аркылуу акыркы мезгилдеги “бай” жана “жарды” маселелерин четке кагуу аркылуу, жарандар арасында “бирдейлик”„ “окшоштук” түшүнүктөрүн киргизишип, ар кандай этностор аралык чыр-чатактын алдын алууга жетишишти. Сырткы карыздары да анчалык көп эмес.

Ошондой эле этностук азчылыктын укуктарын коргоо максатында Кыргызстандын ичинде да бир топ ченемдик укуктук нормалар жана долбоорлор бар. Алардын кээ бирлерине токтолсок, “Концепция этнической

политики и консолидации общества в Кыргызской Республики” кабыл алынган жана ал этностор аралык мамиле чөйрөсүндө балансты теңдештирүү, көп этностуу жана көп тилдүү коомдун стратегиялык багытын аныктоо багыттарынын айланасында төмөндөгүдөй маселелер каралат.

Өкмөттүк эмес уюмдардын коомдогу орду демократиянын деңгээлине жана анын мүнөздүү белгилерине жараша кызмат кылат. Бир жагынан өкмөттүк эмес уюмдар өзүнө мамлекеттик милдеттенмелердин бир бөлүгүн алат жана аны материалды аз чыгымдоо менен ишке ашырат. Экинчи жагынан, өкмөттүк эмес уюмдар мамлекеттеги көйгөйлөрдү чечүүгө жардам берет. Мындай көйгөйлөр социалдык проблемалар, жарандардын анча чоң эмес тайпасындагы чыр-чатак маселелери бийлик органдары жана Эл аралык түзүмдөр да көбүнчө шериктештик мамиледе иш алып барышат.

Ошол эле мезгилде, өкмөттүк эмес уюмдардын, коомдук зарылдыктын негизинде иш алып баруучу жарандардын майда тайпалык бирикмелери түзүлүп, конфликтүү маселелерди токтотууда, качкындардын көйгөйлөрүн кыска мөөнөт ичинде чечүүгө же өз жерине кайтарууга негизги ролду аткарышкан. Өкмөттүк эмес уюмдар жарандык коомду өнүктүрүү багытында уставдарында түрдүү маселелерди кабыл алышкан. Анткени, мурдагы СССРдин курамындагы мамлекеттердин эгемендүүлүктү алуусу менен анын территориясында көптөгөн курч маселелер пайда болгондугу жалпыга маалым. Мындай маселелерди чечүүгө алгачкы мезгилдерде мамлекеттик уюмдар аралашса, мындай конфликтүү зоналарда өкмөттүк эмес уюмдардын иш жүргүзүүсү, багыты, универсалдуу көйгөйлөрдү камтуусу, натыйжалуу иш алып баруусу жагынан ар түрдүү бийиктикти багындырышкан. Өкмөттүк эмес уюмдардын эң ирилеринин бири “Международный комитет красного креста” (МККК), “Датский совет по беженцам” (ДСБ) жана башкалар. Ири тайпалар менен бирге бир канча адамдан турган майда тайпалар да пайда болуп, кырдаалды жакшыртуу багыты менен чыгышкан. Өкмөттүк эмес уюмдардын конфликтүү зоналардагы маселелерди чечүү классификацияларын төмөндөгүдөй бөлүүгө болот:

1) Гуманитардык багытта иш алып баруу-бул багытта биринчи кезекте тамак-аш, кийим-кече, бут кийим жана жашоо үчүн өтө зарыл нерселер-палатка, суу, жылуулук каражаттары, меш жана башкалар. Ошондой эле бул багытта, мүмкүнчүлүккө жараша жумушчу орундар менен камсыздоо, балдарды окутуу маселесин чечүү, медицина жана медикаменттик жардам, мындай жумушту аткаруу чоң каражатты талап кылат. Белгилүү болгондой, каражаттын негизги бөлүгүн Эл аралык түзүмдү каржылаган ири уюмдар аткарат. Конфликтин жабырлануучуларын камсыздоо үчүн каражат толук жетишпейт. Ошентсе да мүмкүнчүлүккө жараша жардам берилет. Андай болбогон шартта жоготуунун саны ченемсиз көп болуусу да толук мүмкүн. Качкындардын өмүрүн сактап калган. Өкмөттүк эмес уюмдардын жумушчулары үчүн негизги проблема дайыма зарыл болгон материалдык муктаждыкты камсыздоо жана бөлүштүрүү, башка сөз менен айтканда, негизги критерийлери жардам көрсөтүү.
2) Укук коргоо багытындагы иштери-бул жумуш болуп өткөн окуяга мониторинг же байкоо жүргүзүү багытын өз ичине камтып, жабырлануучулардын тартип бузуу динамикасын аныктоо менен укуктук жардамдарды көрсөтөт. Дүйнө түзүүчүлүк жана ортомчулук багыт-бул багыт өзгөчө деликаттуулукту пайда кылып, кырдаалды жакшы билүү жана анын өзгөрүүсүнө тез реакция жасоо. Карама-каршылашкан тараптардын ортосунда ортомчулар катары ООН, ОБСЕ, Европа кеңешмеси эсептелет. Булардын күчү дайыма эле жогору болуп, ийгиликке алып келе бербейт. Ал үчүн чечим кабыл алуудагы мамлекеттик саясий эрк зарыл маселе.

Этностор аралык конфликтин алдын алууга багытталган изилдөөлөрү менен Эл аралык толеранттуулук уюму 2010-жылга чейин да бир катар изилдөөлөрүн жүргүзүп Убактылуу Өкмөткө этностор аралык конфликтин чыгуусу мүмкүн экендигин билдирип 2010-жылдын 20 апрелинде атайын кайрылышкан.

2010-жылдын май айынын аягында өзбек коомчулугунун айрым лидерлери Ж.Салахудинов, И.Абдурасулов, А.Сабиров, Б.Жураев, М.Мамасаидов, К.Иминов, М.Миркадиров ж.б Убактылуу өкмөттүн жетекчилигине оор кырдаалды түшүндүрүү үчүн Бишкекке келип, К.Батыровду камоого санкция берилгендигине өздөрүнүн тынчсызданганын билдиришип, Убактылуу Өкмөттүн башчысы Р.Отунбаева жана аппарат жетекчиси Э.Каптагаевтар менен суйлөшүшкөн [12, 303 б]. Тилекке каршы өз убагында эч кандай чара көрүлгөн эмес.

Июнь окуяларынан кийин Эл аралык толеранттуулук уюму конфликт болгон аймактарга 28 июндан 1-июль 2010 жылы мониторинг өткөрүлгөн. Жалпысы 312 киши фокус-группага катышышкан, алардын 165 кыргыз 147 өзбек этносунун өкүлдөрү болгон. Фокус – группанын жыйынтык протоколу боюнча төмөнкү карталарга бөлүнгөн: Жабыркаган аймактар, конфликтке катышкан зоналар, ушактар жүргөн зоналар, конфликтин себептерин анализдеген.

Катталган өкмөттүк эмес уюмдардын саны да, иштеген багыты да ар түрдүү багытта. Чынында эле ӨЭУ каттоодон өтүп жатып, өз уставдарында максаттарын өнүгүүгө, социалдык мобилизация, жарандык коомдун потенциалын көтөрүүгө, социалдык аз камсыз болгон жарандарга колдоо көрсөтүүгө багытталганы менен, иш жүзүндө башка багытка бурулуп кетип, саясатка аралашып кетип жаткандары да кездешет. Мыйзам чыгаруучулардын мындай демилгелерине ӨЭУдын өкүлдөрү тарабынан наараазычылыктар билдиришкен. Айрым ӨЭУдын аталган мыйзам долбоорун колдобоону өтүнүп Жогорку Кеңешке да кайрылышкан. 2010-жылдын 4-июнунда Бишкекте “Кыргызстандагы жарандык коом: теория жана практикада” деген аталыштагы конференция өтүп, анда өкмөттүк эмес уюмдары менен мекемелер өнөктөш катары иштеши керектиги талкууланган.

Өкмөттүк эмес уюмдар менен өнөктөш болуп иш алып барылса, кээ бир мамлекеттик структураларга караганда өкмөттүк эмес уюмдары, жарандык коомдун активин көтөрүүдө, коомчулуктун дараметин өнүктүрүүдө, ЖӨБОнун

ишин алга жылдырууда көп жакшы жетишкендиктер менен алгылыктуу иштерди аткарып келет. Жогорку Кеңештин депутаттары демилгелеген жаңы мыйзам долбоорунда өлкөдө катталган ӨЭУды жылына бир жолу пландуу текшерип туруу, мындан сырткары алардын ишмердүүлүгү, каржылык булактары боюнча отчет алуу, негизи болсо 6 айга ишин токтотуу сунушталган.

Сот системасын көзөмөлдөө боюнча жарандык кеңештин активисткасы Р.Карасартова болсо бул мыйзам: Орусиядагыдай эле өкмөттүк эмес уюмдарын тизгиндөө максатында жасалып жатканын айтып чыккан. Кайсы тарапта иштесең ошону гана бил дегендей акырындан биздин иштей турган тармактарды азайтуу аракети болуп жатат. Мисалы биз ар кандай маселелерди көтөрөбүз. Саясатка кийлигишпе дешет, бирок чыныгы саясат – бул бийликке келүү. Биз ага кийлигишпей эле турабыз. Анткен менен социалдык жардам туура эмес көрсөтүлүп жатса ал социалдык саясат, сот системасында туура эмес иш болсо ал укук маселеси боюнча саясат, коопсуздук саясаты деп отуруп биздин жашообуздун баары саясат болгонуна токтолгон. Жарандык коомдун өкүлү Р.Карасартова “Центерра” менен мамлекеттин ортосундагы келишимдин уланышына да алгачкылардан болуп каршы чыккан.

Мыйзамдуулук, укук тартиби жана кылмыштуулук менен күрөшүү комитетинин ошол кездеги төрагасы К.Бокоев коомчулукта ӨЭУ тууралуу түрдүү пикир бар экенин алардын иши ачык-айкын болуусу зарылдыгын айткан. Каражат бир кишиге эмес, мамлекетке жана бир максатка келет. Ошондуктан, алардын иши ачык болуп, эмне кылып жаткандыгын коомчулук билиши керектигин билдирген.

Кыргызстанда акыркы маалыматтарга ылайык он алты миңден ашуун өкмөттүк эмес уюмдары катталган. Бирок алардын ичинен 1,5 миңдейи гана активдүү иш жүргүзүп келет. ӨЭУдын бир жылда мамлекетке салык түрүндө төккөн акчасы бюджеттин киреше бөлүгүнүн 2,5 пайызын түзөөрүн билдиришкен. Экс президент А.Атамбаев Кытайга мамлекеттик сапары учурунда "ӨЭУ кимдир бирөөнүн акчасын актоо үчүн иштеп жатат" деп

айтканын кээ бир маалымат каражаттары жазып чыккан. Бирок буга байланыштуу мыйзамга каршы эмес экенин белгилеген.

Кыргыз мамлекети эгемендүү шериктеш мамлекеттердин катарында өзүнүн ички саясатын жүргүзүп келет. Конституциянын негизинде бизде, мамлекеттик түзүлүш парламенттик башкаруу онунчу жылга карай жүрүп жатат. Парламент түзгөн өкмөт өзүнүн ишин аткарат. Ошого карабастан ички саясатыбызга сырттан кийлигишүүлөр да болуп жатканы конфессиялык багыттарда байкалат. Эгемендүүлүктү алгандан бери Конституциябыздын 5-беренесинде көрсөтүлгөн “дин эркиндигин” Советтик мезгилде катуу сынга алынган атеисттик көз караштын таасири, калктын тынч жашоосун бузуп, баш оту менен динге берилген жоон топту пайда кылып көкүрөк дартын дин менен бөлүшкөн ар түрдүү дин багыттарына чакырууларга үндөп келген топтор бар. Тоталитардык башкаруу системасынын орду жоктолуп, саясий башкарууну, сырттан келген диний агымдарынын саясаты бош калган эркиндикти байма-бай ээлеп, коомчулуктун арасындагы ар кандай терс көз караштарды жаратып, конфессиялык конфликтерди жаратууга жана этностор аралык мамилелерге терс таасирин тийгизип ажырымдарга алып келип жатат. Ушундай ажырымдар этностор аралык конфликтердин жаралуусуна түрткөндүгүн, өзбек этностору тарабынан ислам динине таянып, “кара сигнал” же 2010-жылы 10-июнда түнкү саат 00 30 до айтылган “Азан” [12, 312 б] чакырууларын белгилей кетүүгө болот.

"Демократия жана жарандык коом үчүн" коалициясынын төрайымы Динара Ошуракунова мындай деп токтолгон**:** ӨЭУ га мамлекеттик органдар тарабынан көзөмөл жүргүзүп жатышат. Анткени, бардык грант алып келген уюмдар, салыктарды, соцфондго чегерүүлөрдү төлөшөт, дайыма өздөрүнүн отчетторун берип турушат. Экинчиден, бул Эл аралык уюмдардын бардыгы тең Кыргызстанда катталган, мамлекет чакырып, аккредитация берилген. Ошол эле Эл аралык уюмдар парламентке жана башка биздин бийликке гранттарды, кредиттерди берип атат, ошону менен иштеп өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүп жатышат. Үчүнчүдөн, балким, депутаттар каттоодон өтпөгөн башка, мисалы,

биз азыр көрүп атпайбызбы мечиттер курулуп атат, алар кайсы жерден келип атат ачык эмес уюмдарды карашаар, балким ошолордо коркунуч бар болуп жүрбөсүн. Бирок бул жерде кайрадан эле бизде мамлекеттик система ансыз деле ушундай түзүлгөн: кимдер иштеп атышса алар мыйзам чегинде иштеп, мониторингден өткөндөр.

Конституцияга ылайык ар бир атуул өзүнүн өнүгүүгө мыйзамдын чегинде салым кошконго укугу бар. ӨЭУ да ошол мыйзамдардын негизинде түзүлүп, иштеп атышат. Адилет министрлигинен каттоодон өтөрдө жүздөгөн документтерди чогултушат, салыктар төлөнөт. Эгерде мамлекет өкмөттүк эмес уюмдарды көзөмөлдөгүсү келсе, эң жакшы рычаг бул – каржылоо. Мисалы, Европанын өнүккөн мамлекеттеринде, АКШда, Канадада, Италияда, Австралияда өкмөттүк эмес уюмдары толтура, миллиондоп саналат. Бирок булардын бизден бир айырмасы - буларда өкмөттүк эмес уюмдардын бардыгын мамлекеттик уюмдар, бизнесмендер, жеке ишканалар, адамдар каржылашат. Бул жерде Кыргызстанда өкмөттүк эмес уюмдар кандай салым кошту деген суроону коюш керек. Чындыгында билген адамдарга өкмөттүк эмес уюмдары, Кыргызстанда элдин активдүүлүгүн, жарандык аң сезимин көтөрүү боюнча бир топ жакшы иштерди жасаган билинбегени менен майда-майда, бирок көп иштерди жасап атат. Ошондуктан мамлекет эгерде өкмөттүк эмес уюмдарды көзөмөлдөгүсү келсе өздөрү да аракет кылып кызматташса болот. Социалдык заказ тууралуу мыйзам азыр ишке аша баштады. Ушул мыйзамды иштетип, ошонун негизинде каржы бөлүп анан ушул каржыны эмне кылдың, кайда иштеттиң же жөнөттүң, эмне иш аткардың деп көзөмөлдөсөк болот.

2010-жылы Кыргызстанда ишмердүүлүгүн жүргүзгөн Эл аралык ӨЭУы: “Кызыл жарым ай коому, “Европа Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму” (ОБСЕ), АКТЕД, ПРООН, Юнисеф, ЮСАИД, СОРОС Кыргызстан, Эл аралык толеранттуулук уюму, бүткүл дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы жана башкалар.

Этностор аралык конфликтүү кырдаалды жакшыртуу багыты менен жергиликтүү ӨЭУдар жогорудагы Эл аралык уюмдардан каржыланган. Алар:

«Кризис борборлорунун ассоциациясы, «Жарандык коомду колдоо борборунун ассоциациясы», «Кызыл жарым ай» коому, Алга коомдук уюму, Ирет коомдук уюму, Аймира коомдук уюму, Кылым шамы, Жарандык коомду колдоо борбору, “Справедливость” коомдук уюмдары конфликт жана конфликтен кийинки кырдаалды жөнгө салууда этностор арасында түшүндүрүү, гуманитардык жардам таркатуу, тренинг –семинарлар аркылуу ынтымакка чакыруу иштерине активдүү катышышкан. Аларга мүмкүнчүлүккө жараша жумушчу орундар менен камсыздоо, балдарды окутуу маселесин чечүү, медицина жана медикаменттик жардам мындай жумушту аткаруу чоң каражатты талап кылат. Белгилүү болгондой каражаттын негизги бөлүгүн Эл аралык түзүмдү каржылаган ири ӨЭУ аткарат. Конфликтин жабырлануучуларын камсыздоо үчүн каражат толук жетишпейт. Ошентсе да мүмкүнчүлүккө жараша жардам берилет. Андай болбогон шартта жоготуунун саны ченемсиз көп болуусу да толук мүмкүн.

Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда көмөктөшкөн ӨЭУдын үстүнөн болгон арыз даттануулардын саны да көп кездешет. Анткени кээ бир ӨЭУдар сырттан донордук уюмдардан көп акча каражатын алып, аз жумуш аткарып, отчет бергендери да интернет булактарында маалымдалган. Эл аралык ӨЭУдары өз ишмердүүлүктөрүн жергиликтүү ӨЭУ аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташтыкта жүргүзө алат. ӨЭУдын жетекчилери өздөрүнө жумуш орундарын түзүп жакшы эмгек акы алышкандыктары менен мамлекеттин тышкы карызын көбөйтүп жатышат деген да ойлор айтылат. Каржылоо токтогондо ӨЭУдын иши да токтоп калуусу өкүндүрөт.

“Эл аралык Кызыл жарым ай коому” өкмөттүк эмес уюмунун качкындарга, туткундарга жана алардын тууган-уруктарына берген жардамдарын да гуманитардык багыттагы жумуш катары баалоого болот. Укук коргоо багытындагы иштери болуп өткөн окуяга мониторинг же байкоо жүргүзүү багытын өз ичине камтып, жабырлануучулардын тартип бузуу динамикасын аныктоо менен укуктук жардамдарды көрсөтөт. Мындай багытта

жумуш алып барган ӨЭУдын катарында “Human Rights Watch Amnesty International”, укук коргоочу борбор “Мемориал” калкка сурамжылоо жүргүзүп же болуп өткөн окуялардын күбөлөрү аркылуу тактоо ишин жүргүзөт. Текшерилген фактылар прессага кабарланып, арыз же кайрылуу түрүндө басылып чыгат. Изилденген көйгөйлөрдүн тактыгы, келтирилген далилдери ишенимдүү болсо, ӨЭУдын да ролу жогорулайт жана коомчулуктан колдоо табат.

Укук коргоочу органдар адам укуктарын коргоону жөнгө салуу боюнча дүйнөлүк коомчулукка, мамлекеттик жана Эл аралык түзүмдөргө кайрылуу мониторингин өткөрүшсө, акыркы мезгилдерде мындай уюмдардын бутактары көбөйүп, “көйгөйлүү” көрүнүштөргө түздөн-түз аралашып укуктук жардам көрсөтүп келет. “ӨЭУсыз деле укук коргоо органдарынын системасы менен жыйынтыкка жетишүүгө болот, бирок бул абсолюттук динамикадан алыс, анткени күнөөлүүлөрдүн укугун коргоодо, туткунга түшкөндөрдү бошотууда, убактылуу же биротоло жашаган жеринде каттоого тургузууда укук коргоо органдары натыйжалуу жыйынтыкты көрсөтүүгө жетише албай келет.

Кээде чоң деңгээлдеги чыр-чатактарды чечүүдө адам укуктары боюнча Европа соту чоң үмүттөнүүнү жаратып, сотко Чечнянын көптөгөн окуялары боюнча арыздар жөнөтүлүп, көпчүлүгү чечилген. Дүйнө түзүүчүлүк жана ортомчулук багыты өзгөчө деликаттуулукту пайда кылып  кырдаалды жакшы билүү жана анын өзгөрүүсүнө тез реакция жасоо. Карама-каршылашкан тараптардын ортосунда ортомчулар катары ООН, ОБСЕ, Европа кеңешмеси эсептелет. Алардын күчү дайыма эле жогору болуп, ийгиликке алып келе бербейт. Ал үчүн чечим кабыл алуудагы саясий эрк зарыл маселе. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, чыр-чатактар менен пикир келишпестиктерди чечүүдө өкмөттүк эмес уюмдар менен жергиликтүү бийлик жергиликтүү жамааттын мамилелери жана байланыштары  жергиликтүү жамааттардын бир чечимге келүүсүнө шарт түзүп келет.

2010-жылы болуп өткөн, “Июнь” окуяларын акыйкат иликтөө багытында Эл аралык Human Rights Watch өзүнүн отчетунда этникалык азчылыктын

укугун коргоого багыт берүү менен бир тараптуу чагылдырылган маалымат этникалык көпчүлүктү же мамлекетке аты берилген калкты дүйнөлүк коомчулукка дискриминант катары көрсөтүп, жарандык коомдун кыжырдануусун жаратты. Мындан да жергиликтүү жарандык коомдун көйгөйлөрүн ЖӨБО реалдуу акыйкатты билүүсү жана конфликти айкын чечүүгө мүмкүн экендигин белгилей кетүүгө болот.

Акыйкатка жакын маалыматты академик А.Эркебаев баш болгон Улуттук комиссиянын берген жыйынтыгынан таанышууга болот. Отчетто көрсөтүлгөн маалыматка ылайык, Убактылуу Өкмөттүн кырдаалды өз убагында толук кандуу колго ала албагандыгы көрсөтүлгөн. Өзбекстан Республикасынын экс президенти И.Каримовдун чек араны катуу кармап, кырдаалдын жайылышын өз убагында колго алууга, качкындарды кайтарууда көрсөткөн жетишкендиги үчүн сыйга татыктуу экендигине да акыйкат баа берилген.

ӨЭУдар да мамлекеттин стабилдүүлүгү үчүн ар тараптуу саясий мыйзамдарды ишке ашырууда, чыр-чатактарды алдын алууда, мамлекет менен коомчулуктун ортосундагы байланышты күчөтүүдө орду чоң. Жарандар ортосундагы ажырымды ишенбөөчүлүктө негизги ролду ойногон адам факторунун элементтерин, ӨЭУнун ишмердүүлүгүн, массалык маалымат каражаттары аркылуу этностордун байланыштары менен мамилелерин, тынымсыз чагылдырууну максаттуу колго алуу, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө шарт түзүп этностор аралык конфликтердин алдын-алууга мүмкүнчүлүк болоорун айтууга болот.

## 3.2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана өкмөттүк эмес уюмдардын этностор аралык мамилелерди жөнгө салуудагы: багыттары жана келечеги

Жогоруда белгилегендей Союздук республикалардын ыдырашы, Кыргызстанда социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүү максаты менен, эгемендүүлүктүн жакындап келүүсү да демократиялык принциптердин жайылуусуна шарт түзгөн. Окумуштуу О.Бауер өз эмгектеринде: “Москва шаарында Коммунисттик Партиянын 1988-жылы июнь-июль айларында өткөрүлгөн бүткүл союздук акыркы XIX конференциясы, СССРдин территориясын демократиялык принциптерди негизденүү менен бөлүнүүсү зарылдыгын тастыктады. Бул принцип демократиялык жол менен укуктук мамлекеттердин пайда болуусун шарттады [23, 654 б.]” деп белгилейт. Ошонун негизинде Кыргызстанда да активдүү жаштар тарабынан ӨЭУ түзүлүп коомчулуктун укугун коргоо уюштурулуп баштады. Тилекке каршы, Ош чөлкөмүндө жашаган калк кызыкчылыгына, менталитетине, этностук өзгөчөлүгүнө карап кыймылдарга биригишкен. Жашоо образында отурукташып жашаган өзбек этносунун өкүлдөрүнүн үйлөрүндө убактылуу батирде жашаган кыргыз жаштарынын массалык көйгөйлөрү тездик менен бир уюмга мүчө болуусуна, ошол эле учурда өзбек этносунун жаштарынын өзбек тилин, маданиятын сактоо үчүн биригишкен. Ал эми шаарда батирде күн кечирип келген кыргыз этносунун мүчөлөрү жер участогун алуу жана кыргыз тилинин мамлекеттик тил катары кабыл алынуусун көтөрүшкөн. Кыргызстандын тажрыйбасында ӨЭУдын опурталдуу жана саясий кырдаалдарда түзүлүүсүнүн генезиси болгон.

Кыргызстанда коомду демократиялаштыруу стратегиясынын маанилүү орду бул - жарандык коомду куруу. Өнүккөн Батыш өлкөлөрүндөгү либералдык-демократиялык моделде демократияны өнүктүрүү ӨЭУдын жарандык коомду куруусунун негизги булактары катары каралган. Аталган уюмдар реформаларды ишке ашырууга өкмөттө либералдаштыруу,

коомчулукту маалымат менен камсыз кылып, жамааттык коом менен иш алып барууга шарт түзүп келет. ӨЭУ өлкөнүн коомдук-саясий турмушунда өзгөчө маанилүү орду бар. Алгачкы убактарда уюшулган ӨЭУ ишмердүүлүгүнүн так багыттары аныкталбагандыктары жана конкреттүү бир көйгөйдү чечүүгө багытталбагандыгы менен айырмаланган. Ал мезгилде негизги максаттардын бири ӨЭУды коомдук эркин уюм катары таанытуу болгон.

Бул багытка Эл аралык донорлор көптөгөн каражаттарын жумшашкан. Максаты жергиликтүү ӨЭУдарды Эл аралык стандартка салып, усулдарын үйрөтүү болгон. Массалык маалымат булактарынан 2016-жылдын 21-майына карата өлкөдө 11305 ӨЭУы каттоодон өткөн. Азыркы мезгилде Кыргызстанда 14 минден ашык жарандык коомдук уюмдары бар. Алардын 8 минден ашыгы ӨЭУ. Кээ бир интернет булактарында Кыргызстанда мыйзамдуу каттоодон өткөн 16000 ден ашуун ӨЭУ бардыгы жазылат. Тилекке каршы, ар дайым иштегендери 500 дөн ашат. Жергиликтүү жарандар ӨЭУды айлык маянасы жакшы кайтарымсыз грант берүүчү уюм катары билишет. Жарандык коомдун ролу менен орду туурасындагы маселе көптөгөн ӨЭУдын талкуусунун негизги темасына айланып келет. Мындай багытта 2011, 2013-жылдары ӨЭУдын Улуттук форуму өткөрүлдү. Негизги максат саясий шарттарда өз программаларын аныктоо, донор менен мамлекеттин позицияларын жөнгө салуу болду. Кээ бир ӨЭУдын өкүлдөрү мамлекет менен кызматташпаган көз карандысыз уюм катары калууну каалагандыктарын билдиришкен. Социалдык маселелерди чечүү үчүн ӨЭУ менен мамлекеттик структуралардын кызматташуулары мыйзам менен бекитилген. 2004-жылы 25-мартта КРнын Өкмөтүнүн №200 токтому чыгып, анда “ӨЭУ менен мамлекеттик бийлик органдарынын кызматташуулары [163]” боюнча концепция кабыл алынган. Бул концепцияда коомдун социалдык көйгөйлөрүн чечүүдө ӨЭУ менен мамлекеттик структуралардын биргелешкен аракеттеринин жолдорун аныктайт деп төмөндөгү милдеттер коюлган;

- ӨЭУ менен кызматташуусун бекемдөө;
- Социалдык маселелерди чечүү үчүн ӨЭУды тартуу;

- Мамлекеттик сектор жана ӨЭУдын интерактивдүү кызматташуулары үчүн – консультациялык кеңештерди уюштуруу;
- ӨЭУга усулдук, маалыматтык, уюштуруу үчүн техникалык жардамдар берүү;
- Мамлекеттик социалдык заказ менен ӨЭУдын көмөктөшүүсүн колдоо ж.б. болуп саналат.

Кыргызстандагы массалык маалымат каражаттарында, социалдык тармактарда ӨЭУ жөнүндө көптөгөн ой-пикир айтылып келет. Негизинен ӨЭУдын коомчулук арасында тийгизген таасирине саресеп салсак “ӨЭУдар Кыргызстанда болуп жаткан демократиянын өнүгүшүнө салымы зор деп, биздин оюбузча бул жаңылыштык демократиянын өнүгүшү боюнча бизде азыркы Конституцияда аябай жакшы жазылган, Парламентте олтурушат Расмий оппозиция. Өкмөттүк эмес уюмдар булар башка мамлекеттерге көз каранды" кимдин тамагын жесең ошонун сөзүн сүйлө” дегендей токтолушат. Америкалык ӨЭУдар американын сөзүн сүйлөсө, Орусиялык ӨЭУдар Орусиянын сөзүн сүйлөп талабын талашып тымызын саясатын жүргүзүп келет. Булардын гуманитардык жардамдары күнүмдүк, орусча айтканда бир жолку жардам тамак аш түрүндө, кийим же болбосо акчалай” деген да көз караштар басымдуулук кылат.

1989, 1990-жылдары ӨЭУ аргасыз миграциялык көрүнүштөр жана территориялык конфликтер менен байланышкан көйгөйлөрдүн чечүү жолдорун камтыган узак мезгилдүү программаларды иштеп чыгуунун зарылдыгын белгилешкен. Бийлик органдары массалык баш аламандыкты чечүүдө жаңы көйгөйлөрдү эски усулдардын негизинде чечүүнү колдонушкан. Башкача айтканда тарыхый, салттык билим, улуттук менталитет колдонулган. Ошол эле мезгилде ӨЭУдын, коомдук зарылдыктын негизинде иш алып баруучу адамдардын майда тайпалык бирикмелери түзүлүп, конфликтүү маселелерди токтотууда, качкындардын көйгөйлөрүн кыска мөөнөт ичинде чечүүдө же өз жерине кайтарууда негизги орунда болгон. ӨЭУ өздөрүнүн алдына коомчулукту өнүктүрүүгө, туруктуу өнүгүүгө багыты бар маселелерди коюшкан. Анткени мурдагы Союздун курамындагы мамлекеттердин ыдыроосу

менен анын территориясында көптөгөн курч маселелер пайда болгондугу жалпыга маалым. Мындай маселелерди чечүүгө алгачкы мезгилдерде мамлекеттик уюмдар аралашса кээ бир конфликтүү аймактарда ӨЭУдын иш жүргүзүүсү, багыты, универсалдуу көйгөйлөрдү камтуусу натыйжалуу иш алып баруусу жагынан ар түрдүү бийиктикти багындырышкан.

ӨЭУды мамлекеттик колдоого негизги принциптер менен формаларына: мыйзам ченемдүүлүк, айкындуулук, кызматташтык, макулдашуучулук менен жоопкерчиликтери саналат. Жарандар арасында чыр-чатактар менен пикир келишпестиктердин алдын алуусуна жарандык коом жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматташуусунун, кызматташып иш алып баруусунун жоктугунан, социалдык - экономикалык көйгөйлөр чечилбестен калып келет. Этностор аралык мамилелерди бекемдөө үчүн ар бир институт менен ар бир этникалык топтордун орду маанилүү.

ЖӨБО тарабынан жаштарды колдоо, өнүктүрүү, бул ар бир мамлекетти өнүктүрүүнүн ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Жергиликтүү бийликтердин аракетинен тышкары, өлкөдөгү коомдук маанилүү маселелерди жөнгө салуудагы мамлекеттин ролу өзгөчө мааниге ээ. Кыргызстанда этностор аралык мамилелерди бекемдөө боюнча чаралар көрүлүп келет. Алардын ичинде, 2013-жылы 10 -апрелинде кабыл алынган “Элдин биримдиги жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо [161]” концепциясы жана ушул концепцияны 2013-2017-жылдары ишке ашыруу боюнча кечиктирилгис иш-чаралардын планы болгон. Мамлекеттик Концепция 2013-2017-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясынын алкагында кабыл алынган. Концепцияны ишке ашыруу жакшы натыйжа бере алган жок. Анткени, базар экономикасынын шарттары же көпчүлүктүн акча табуу багытында алектенүүсү максаттуу иш алып барууга катышпай калуусу “менин ишим эмес” деп жаңы маалыматка убакыт бөлбөй келүүсү менен жергиликтүү жамааттык топтор арасында маалыматты жеткиликтүү жарандарга жайылтуу өз ара талкуу иш чаралары каралган эмес.

Ал эми “Эл аралык толеранттуулук фонду” тарабынан өткөрүлгөн изилдөөлөрдө: Жаштардын өкүлдөрү белгилегендей, азыркы күндө аймактын көптөгөн жашоочулары эмгек миграциясына чыгып кетишкен. Мигранттардын арасында жаштардын өкүлдөрү көп санда экендиги байкалат, бул өз кезегинде, аймакты өнүктүрүүгө жаштардын катышуусу төмөн экендигинен кабар берет. Концепцияны ишке ашырууга күтүүлөрдүн негизинде, элдин биримдигине жетишүү жана ар бир жаран өзүн “Кыргыз жараны” экендигин андап-түшүнүүсүн калыптандырууга тоскоол болуучу факторлорго биргеликте каршы турууга, бардык мамлекеттик органдардын менен жарандык коомдун аракеттеринин кызматташууларын бириктирүүдө жатат. Мамлекеттик концепцияны киргизүү максатында ишке ашыруу планы иштелип чыгып, аны аткарууга БУУнун тынчтык куруу фонду тарабынан 204 миллион сом бөлүнгөндүгүн сайттагы маалыматтан таанышууга болот.

Изилдөө көрсөткөндөй Сузак районунун ЖӨБО Концепциянын мазмуну менен тааныш эмес, бирок ал жөнүндө угушкан. Маектешкендердин көпчүлүгү иш жүзүндө этностор аралык жашырын көйгөйлөрдүн бар экендигин билишет. ЖӨБОнун иш пландары бар алар жаштар арасында иш алып барышат.

Кыргыз Республикасынын 2018-2040- жылдарга кабыл алынган туруктуу өнүгүүнүн Таза коом. Жаңы доор стратегиясынын долбоору [164] 1.2 бөлүмүндө да демократиялык коомдун өнүгүүсүндө Кыргыз жараны образын калыптандыруу белгиленүү өнүтүндө 2040-жылы мамлекет калкты саясий укуктук аймакта, өздөрүнүн этникалык келип чыгууларын сактоо менен маданияттуу, дин ишенимдерине бек жарандык коомду курууга жетишүүгө басым жасалган. Мамлекеттин жарандары расасына, тилине, дин ишенимине, саясий жана билимдик өзгөчөлүктөрүнө карабай, ынтымак менен бирдей баалуулуктары “Кыргыз жараны” образына жетишүү пландалган.

Ошондой эле, концепцияда “көп тилдүү, билимдүү, инновацияларга жана байланышка ачык” деп сүрөттөлгөн “Кыргыз жараны” образы чагылдырылган. Аныкталгандай фокус топко катышкандардын 46,9% “Кыргыз жараны” образы

жөнүндө маалыматка ээ эмес, бирок бул образ жаштар тарабынан жакшы кабыл алынган.

2011-2014-жылдары Кыргызстанда ЕККУ (ОБСЕ) нин колдоосу менен уюштурулган Ош, Чүй жана Жалал-Абад областарындагы "Ынтымак жарчылары" тайпасы областын бардык район, шаарларында мамлекеттик админстрация, ички иштер бөлүмдөрү жана жергиликтүү аймактык башкаруу органдары менен бирге ынтымакты бекемдөө, конфликтердин алдын алуу иш чараларын колго алышкан. Алар койгон талаптар да түшүндүрүү, чыр-чатактардын алдын алуу, иш аракеттерди такай жүргүзүү менен жергиликтүү өз алдынча башкарууну жамааттык денгээлде жакшыртууга көмөктөштү. Мындай тайпалар Ала-Бука, Аксы, Токтогул, Ноокен, Базар-Коргон, Сузак райондорунда, Кара-Көл, Таш-Көмүр, Майлы-Сай жана Жалал-Абад шаарларында уюштурулган. ЕККУнун демилгеси менен "Жалал-Абад, Ош областарында кыймылдуу данакер (мобилдик медиатордук) тайпалардын жардамы менен чыр-чатактардын алдын алуу", долбоору сунушталып, "Ынтымак жарчыларынын этикалык кодексинин [183]" негизиндеги жоопкерчиликтери, милдеттери, опурталдуу кырдаал мезгилинде ыкчам жана бурмалоосуз иш алып баруу эрежелери өзүнүн аймагынын кооптуу абалы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен кызматташуулары каралган. Негизинен конфликтүү кырдаал жогорку чыңалууга жеткен мезгилде ушул сыяктуу ӨЭУдын таасири өтө жогорулайт. Азыркыга чейин "Ынтымак жарчылар" топтору ЕККУ тарабынан каржылоо токтотулуп, долбоор жабылгандан кийин да калк арасында тренингдерге катышып алган билимдерин өз ишмердүүлүгүндө колдонуп келгендиги маалым.

Ал эми USAID өкмөттүк эмес уюмунун "Ийгиликтүү аймак" долбоору жергиликтүү жамааттын уставын талкуулап жана кабыл алуу боюнча пилоттук 20 айыл аймакта ишмердүүлүгүн жүргүзүп, "жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамына ылайык ЖӨБОнын иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин 2014-жылдын 4-мартындагы №01-24/19 буйругу менен бекитилген Жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоо

жана кабыл алуу боюнча окутуулар өткөргөн. Долбоордун алкагында жергиликтүү жамааттын Уставын талкуулоодо жана чечим кабыл алууда жергиликтүү жамаатты катыштыруу аркылуу бардык этносторду чечим кабыл алууга катыштырып, этностор аралык чыр-чатактардын алдын алууга багытталган.

Долбоордун алкагында тренингдер өткөрүлүп шарттуу оюндар уюштурулат. Конфликтүү кырдаалды жөнгө салууга мүмкүн болгон багыттардын болжолдуу мүмкүнчүлүктөрү иштелип чыгылган. Долбоордун максаттарынын бири: «демилгелүү топтордун» тайпаларын түзүп, алардын дараметин жогорулатуу аркылуу жарандык коом арасында конфликтүү жагдайларды аныктап, таасир көрсөтүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жарандык коомго көмөктөшүү болгон. Анткени ,этностор аралык биримдик, жалпы келечектүү кызыкчылыктар аркылуу мүмкүн болду. Ошентип 2010-жылдагы чыр-чатактарда аксакалдар кеңеши өздөрүн этностор аралык ынтымакка чакыруудагы активдүү институттардын бири катары көрсөтө алды. Мындан жаңы саясий институтту түзүүнүн зарылчылыгы жок экендигине токтолууга болот. ЖӨБОы мыйзам талаптарын өз денгээлинде сапаттуу аткарууда этникалык таандыктарына карабастан жергиликтүү жамааттары менен мыйзамда каралган жергиликтүү маселелерди чечүү жетиштүүлүгүн белгилегибиз келет.

Дүйнөлүк тажрыйбада же медиациянын усулдарында конфликтке барган тараптардын өз ара ынтымакка келүүсү маанилүү. Бул жагдайда да жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Убактылуу Өкмөттүн жетекчилиги менен этностор аралык кызматташууларга басым жасап, алардын мүмкүнчүлүктөрүн колдоно алууга жетишкен.

Жергиликтүү жамааттагы аксакалдар кеңешинин тынчтыкты орнотуу мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу маанилүү экендигин түшүнүп, КР Өкмөтүнүн алдындагы “жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер” боюнча мамлекеттик агенттиги тарабынан райондук администрацияларда жана шаардык мэрияларда өкүлдөр иштейт. Жергиликтүү

деңгээлдеги кеңеш берүү түзүмдөрү уюштурулган. Кеңештин курамына, биринчи кезекте, ар түрдүү этностун жергиликтүү лидерлери – аксакалдар, активисттер, аялдар кеңеши, жаштар уюмдары, укук коргоо органдарынын адистери жана дин уюмунун өкүлдөрү кирген. Аймактардагы этностор аралык мамилелерге мониторинг жүргүзүп, чыр чатактуу көрүнүштөрдү алдын алуу багытында иш алып барышат.

Аксакалдар кеңешине ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында этностор аралык маселелерди да талкуулоого катышууга мүмкүндүк берилет. Тынчтыкты куруудагы мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга шарттарды түзө алат. Аларга мамлекеттик бийлик органдары менен жарандык коомду байланыштыруу милдети жүктөлгөн. Жарандардын бийликке болгон ишенимин кайрадан калыбына келтирүү процесстерине кошкон башкы салымы болгонун белгилесек болот.

Мындай аракеттер көз карандысыз шериктештик мамлекеттерде колго алына баштагандыгына токтолууга болот. Россия Федерациясынын 2010-жылдын 27-июлунда №193-л номерлүү конфликти альтернативдик жол менен медиациянын усулдарын колдонуу аркылуу жөнгө салуу боюнча [178] мыйзамы кабыл алынган. Армения Республикасы 2012 - жылы 30-июнда кабыл алынган жарлыгында да конфликтерди жөнгө салууну альтернативалуу жол катары кабыл алган. Мындай багыт “Ынтымак жарчыларынын этикалык кодекси” [183]” да коомчулук арасында ортомчулукту уюштуруу, принциптери ортомчулукту өткөрүү процедураларын жана медиаторлордун статусу жөнүндө жазылгандыгынын далили болот.

Этностор аралык мамилелердин калыптануусуна жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү жарандык коомдун активдүү мүчөлөрүн медиациянын усулдарын колдонууга окутушкан. Ынтымак жарчылары элдештирүүгө багытталган аракеттерин калыстыкта, тараптарга тартпастан, эки тараптын кызыкчылыктарын бирдей эске алуу менен чатакташкан тараптардын чечим кабыл алуусуна шарт түзүшөт. Мындай тажрыйбалардын тарыхый тамыры терең. Дүйнөлүк тажрыйбада айкын

мисалдар бар. Байыркы Кытайда Конфуцийчилер менен Буддисттер сымал илгерки маданияттардын ортосунда ар дайым конфликт болуп келген. Алар конфликти чече турган атайын бир адамды шайлап алышкан. Римдиктер коомунда чатакташып жатышкан тараптардын ортосунда ары-бери чуркаган тынчтыкты сактоо убадасын алуу үчүн товарлар менен кызматтарды сунуштаган «сурамчы» кесиби болгон. Убакыт өтүп калктын саны көбөйгөндө атайын шайланган адамдар бардык конфликтерди жайгара албай калышкан. Түпкү америкалыктар конфликтерди жайгаруу жол жоболорун Америкалык оторчулар келгенге чейин эле колдонушкан. Америкалык отурукташуучулардын да конфликтерди жайгаруу ыкмалары болгон. Медиатор адистеринин айтымында эң алгачкы конфликтерди жайгаруу жол-жоболору Д.Вашингтондун көзү өткөндөн кийинки анын ордун басуучулардын ортосунда жаралган чыр-чатактарды жайгарууда анын керээз каты же арбитраждык эскертмесинде колдонушкан.

Ынтымак жарчыларынын этикалык кодекси чыр чатактардын алдын алууга жана жөнгө салууга тынчтык менен ынтымакты бекемдөөгө багытталган иш чараларды өткөрүү мезгилинде «Ынтымак жарчыларынын» нравалык-этикалык нормаларын жана жүрүм-турум эрежелерин аныктайт [175] деп берилген. Элдештирүү же жараштыруу аракеттерине даярдык көрүү учурунда «Ынтымак жарчысынын» көз карандысыздыгына таасири болуп, кызыкчылыктардын кагылышуусу пайда болсо, талаш-тартыш учурлардагы жеке кызыкчылыктар жаралса, элдештирүү аракетинин катышуучуларынын ортосунда тууганчылык менен кандайдыр бир жакындыктар байкалса токтотулат. Кандайдыр бир себептен улам, «Ынтымак жарчысы» араздашкан тараптарга калыстыкты бейтарап мамиле кылууга мүмкүн болбогон учурда элдештирүү аракеттерин токтотуп түзүлгөн жагдай тууралуу өзүнүн тайпа жетекчиси менен араздашкан тараптарга маалымат берүүгө милдеттүү. Андан кийин ал элдештирүүчүнү алмаштыруу же ошол эле курамда улантуу боюнча талкууланат. Кандай учурда да тараптардын чечимине карабастан «Ынтымак жарчысы» элдештирүү аракетинен баш тартууга укуктуу. Этностор аралык конфликтерди жөнгө салууда ушул

багыттагы көп баскычтуу иш чаралары менен жарандык коом арасында түшүндүрүү иштерин жайылтуу аркылуу, аң сезимди жогорулатууга олуттуу таасирин калтырды.

Ош аймагында иштеген Эл аралык өкмөттүк эмес уюм «International Alert» коомунун дагы иш багыты дүйнө элдериндеги чыр-чатактардын алдын алууга багытталган. 1980-жылдары «Кансыз согуш» эпохасы өлкөлөр арасында акырындап өчө баштаганы менен согуштун башкача түрү «граждандык согуш» күчөгөн. Улуу Британия мамлекетиндеги Лондон шаарында уюшулган. Бул уюм ишмердүүлүгүн Африка өлкөлөрүндө, Кавказда, Борбордук Азия мамлекеттеринде, Түштүк Америкада, Шри-Ланкада, Непалда жана Филиппинде иш алып барган. Түштүк Кыргызстанда ЕККУ менен биргеликте тренингдерди каржылоо иштерин [174] уюштургандыктарын белгилөөгө болот.

2010-жылы июнь айында болгон этностор аралык конфликтен кийинки абал өз калыбына келгени менен, дагы деле болсо кооптонуунун элементтери бар экендигин аналитик социолог, профессор А.Б.Элебаева 2011–жылдын 11-майында берген интернет булактарында «Тирешүү дагы деле көмүскөдө тургансыйт» деген макаласында жарыяланган. 2017-жылдын 15-октябрында өткөн президенттик шайлоолордо талапкерлер жергиликтүү калк менен жолугушуусунда президенттикке талапкер Ө.Бабанов, Ош шаарынын Он адыр участкасында шайлоочулары менен жолугушуу мезгилинде: “Тизе бүгүп жашаганча, тике туруп өлгөн жакшы, бир өзбекти кармаса баарыңар чыккыла, эл деген аккан сел, баарынар чыксанар эч ким силерге каршы тура албайт. Бир өзбекти милиция кармаса, ал ошол күнү жумуштан кетет” деп добуш алуу үчүн шайлоочуларга айткан чакырыктары социалдык тармактарда кенен жайылтылганы да этностор аралык кандуу кагылышууларды эки жолу башынан өткөргөн жергиликтүү калктын наarазычылыктарын жараткан. Саясий элитанын саясаты күтүүсүз айтылган сөзү, саясий кырдаалдарда калк тарабынан башкача кабыл алынаарын күткөн жок, жыйынтыгында саясий кырдаалды күчөтүп жиберүү мүмкүн экендиги дагы бир жолу изилдөөчүлөр тарабынан аныкталгандыгын белгилегибиз келет.

Кыргызстандын саясий элиталары саясий маданият, саясий башкаруу, философиялык жана саясий-социологиялык жактан айрым бир даярдыктардан өтүү зарылдыгы байкалды. Саясий маданият, саясий аң-сезимди мамлекеттик денгээлде кабыл алуу учурдун талабы. Батыштын тажрыйбасын туурап баруу менен улуттук менталитетти айкалыштырып өнүктүрүү, эске алуу жана иш жүзүндө колдонуу ар бир кыргыз саясий элитасы менен жарандарынын милдети болуусу зарыл.

2012-жылы Регионалдык илим изилдөө институту профессор, социолог А.Б.Элебаева жана ошол институт директору А.Р.Алишева тарабынан жүргүзгөн аналитикалык изилдөөлөрдүн резюмесинде «2010-жылдагы улуттар аралык коогаландын келип чыгуусуна республикадагы саясий туруксуздук себепчи болгон [14, 94 б]» деп так даана жазылган. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, конфликтен кийинки жөнгө салуу жыйынтыктары, келечектери мамлекеттик саясий бийлик органдарынын идеологиялык саясаты менен Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ички-тышкы саясатынан да көз карандылыгы байкалган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо Агентствосунун (АРИС) миссиясы жамааттын потенциалын көтөрүү, коомчулук арасында туруктуу муниципалитеттердин өнүгүүсүнө түрткү берүү, коом арасында пайда болгон көйгөйлөрдү биргелешип чечүүгө карата иш алып барган жарандарды инвестиция берүү аркылуу чечүү, этностор жана жарандар аралык ынтымак менен биримдикти этностук топтордун катышуулары менен бекемдеп туруктуу өнүгүүгө багыттоо. Тилекке каршы, коомчулук грантка приоритет берүүнү биринчи орунга коюп, долбоорлордун кабыл алынышын жана курулушуна басым жасоо менен, калган иш аракеттер экинчи орунда калып, этностор аралык чыр-чатактарды жөнгө салуудан алгылыктуу жыйынтык чыгарууга жетишпей келүүдө. Жаштардын башка этностун өкүлүн кабыл алуусунун жоктугу жогорудагы иш аракеттерди ишке ашырууга тоскоолдуктарды жаратып келет.

ГАМСУМОнун коомдук кабыл алуу борборлору өз ишмердүүлүктөрүн, максаттары менен принциптерин, коомдогу тынчтыкты жана ынтымакты

этностор аралык биримдикти бекемдөө. Ушул эле кеңештерге "Ынтымак жарчылары" да киргизилип, өз алдынчалуулук укугу, калыстык, бейтараптуулук жана катышуучуларга сый мамиле жасоо, сыр сактай билүү, ачык-айкындуулук, жоопкерчиликтүүлүк, ак ниеттүүлүк жана дараметтүүлүк негизде ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүсү зарыл.

Эки тараптын сыр сактоо боюнча күтүүлөрү менен каалоолору каралып жаткан маселенин жагдайларына жана тараптар өздөрү кабыл алган келишимдерден көз каранды. Коомдук кабыл алуу борборлорунда макулдашылып маалыматтарды ачык жайылтууга эч кандай укугу жок. Айрым бир учурларда; кокус тараптар маалыматтардын ачыкка чыгаруусуна каршы болбосо же коомдук кабыл алуу борборунун өкүлдөрүнүн ишмердүүлүктөрү жөнүндөгү жобонун негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына негиздеп тиешелүү органдарына маалымат берүү зарылчылыгы пайда болгон мезгилдерде андай укукка ээ болушу мүмкүн.

Жарандык коомдун арасында укук коргоо органынын адистерине терс дооматтар коюлуп келет. Цивилизациялуу коомдо коррупцияга барган адисти эмес, коррупциялык элементтерге жакын же түрткөн жагдайларды ачыктап, жарандарга тоскоолдуксуз жеткиликтүү болуусу камсыздалат. Ал эми өкмөттүк эмес уюмдар коомдук башталышта инсандык сапатын жогору коюп, коом арасында ынтымакты, биримдикти, тынчтыкты сактоого өз салымдарын кошуп келишет. Моралдык колдоо көрсөтүп, саясий башкарууну туруктуу өнүгүүгө багыттоого боло тургандыгын, коомчулук арасындагы ардактуу эс алууда жүргөн жарандар колго алып келет.

Иш тажрыйбадан улам, улуттук менталитетте аксакал түшүнүгүнүн уюткулугу бар экендиги талаш жаратпайт. Советтик мезгилде улуттук идеологиянын калыптанышына кедергесин тийгизген көп таасирлерди эске салсак болот. Мисалы; улуттун түпкүлүгүндө жаткан, пайдаланылып келген «аксакал» түшүнүгүндө айылдын калкын жакшылыкка чакырган, сөзү өтүмдүү, көрөгөч, калкка үлгү, калыс, жаштарга тарбия берип, жамааттын ынтымагын, биримдигин, сырт менен болгон байланыштарын да өз ара чечүүгө жөндөмдүү

жаранды аташкан. Башка улгайган кишилерди карыя, абышка, чал, киши ж.б деп кайрылышкан.

Этностор аралык мамилелерди жакшыртууда жалпы мамлекет түзүүчү этникалык топтордун арасында үй-бүлө, кошуналар, коомдун арасында майда барат талаш-тартыштар менен пикир келишпестиктерди жөнгө салуу каралат. Коом менен тыгыз иш алып баруу аркылуу этностор аралык конфликтерди жайгарып жана алдын алууга болору аныкталды. Аксакалдар сотунун төрагалары, аялдар кеңеши, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен биргелешип чечүүгө багытталган иш аракеттер тынчтыкка алып келет.

Мамлекеттик денгээлде, өкмөттүк эмес уюмдарынын өкүлдөрүн байкоосу кеңештерине, конкурстук комиссияларга катыштыруу, ачык айкындуулукка жетишүү да аталган уюмдардын жарандык коомду өнүктүрүүгө кошкон салымы болоорун далилдейт.

